С. Рысбаев, Ч. Исакова



# КЫРГЫЗ ТИЛИ

## 3 класс

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:*** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

С. РЫСБАЕВ, Ч. ИСАКОВА

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Кыргыз орто мектептеринин
3-класстары үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен.*

Оңдолуп, үчүнчү басылышы

«Полиграфбумресурсы»
Бишкек 2009

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Ки я 721
Р 96

*Экинчи басылышы 2005-жылы чыккан.*

**Рецензиялагандар:** *Б. Өмүралиев*, – п.и.к., профессор;
*Р. Жаанбаева* – УКГнын окуу бөлүмүнүн башчысы

**Рысбаев Сулайман, Исакова Чолпон.**

Р 96 **Кыргыз тили:** Кыргыз орто мектептеринин 3-кл. үчүн окуу китеби. Оңдолуп, 3-бас. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2009. – 168 б.

ISBN 978-9967-25-592-0

**Шарттуу белгилер:**

*Эсиңерге туткула!* – таяныч эрежелер.

! – көңүл коюуну талап кылган тапшырмалар.

? – суроолор жана тапшырмалар.

*Кулагыңа күмүш сырга!* – сөз маанисин түшүндүрүү үчүн материалдар.

Р 4306020200-09

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Ки я 721

ISBN 978-9967-25-592-0

© Рысбаев С.К., Исакова Ч.Б., 2009
© Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги, 2009
© «Полиграфбумресурсы» ЖЧК, 2009

www.bizdin.kg

# I ЧЕЙРЕК

***Кичинекей досторум!***

Мына, биз кайрадан жолугуштук. Кандай гана кубанычтуу!

Эми силер эне тилиңерде билимдүү, сабаттуу болуу жолуна туруктуу түштүңөр.

**Бул чейректе төмөндөгүлөрдү үйрөнөбүз жана билимибизди тереңдетебиз:**

* II класста өтүлгөндөрү кайталайбыз;
* Уңгулаш сөздөр жөнүндө тереңирээк билим алабыз;
* Сөз түркүмдөрү деген эмне, кыргыз тилинде кандай сөз түркүмдөрү бар? – деген суроолорду чечмелейбиз;
* Кыргыз тилинин жөндөмөлөрүн үйрөнүүгө киришебиз.

**Билим алуу жолун туруктуу уланталы!**

## ЖАҢЫ ОКУУ ЖЫЛЫҢАР МЕНЕН, ЖАШ ДОСТОР!

*«Качан кыргыз эли жер үстүндө жашап турганда, кыргыз тили да жашай берет».*

*Ч. Айтматов*

## II КЛАССТА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ ЭСКЕ ТҮШҮРҮҮ

**1-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдү карагыла. Коюлган суроолор боюнча аңгемелешкиле.



? 1. Бул кайсы жер? Силер көрдүңөр беле? 2. Бул сүрөттө эмнелер тартылган? Өз сөзүңөр менен түшүндүрүп бергиле.



www.bizdin.kg

**2-көнүгүү.** Манас бабабыздын жети осуятын окугула, түшүндүрүп бергиле.

### МАНАС БАБАБЫЗДЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ:

– Улуттун биримдиги жана баш кошкондугу;
– Улуттар аралык ынтымак жана алака-байланышы;
– Улуттук ар-намыс жана патриоттуулук;
– Жан-дилден талыкпай эмгектенүү жана билим аркылуу гүлдөө, өнүгүү, бардарчылыкка умтулуу;
– Гуманизм, айкөлдүк, чыдамкайлык;
– Жаратылыш менен шайкештик;
– Кыргыз мамлекетин чыңдоо жана коргоо.

**3-көнүгүү.** «Манас» эпосунан үзүндү жаттап, көркөм айтууга үйрөнүп келгиле.

## *Кайталоо*

**4-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөр боюнча аңгемелешкиле. Суроолорго жооп берип, тапшырмаларды аткаргыла.



? 1. Бул кайсы жер? Силер аны кайдан көрдүңөр эле?
2. Сүрөттөн зат атооч сөздөрдү атагыла.
3. Заттын сынын туюнткан мисалдарды тапкыла.
4. Заттын санын туюнткан мисалдарды тапкыла.
5. Сүрөт боюнча кыскача аңгеме түзүп, оозеки сүйлөп бергиле.
6. Силер жайында кайда эс алдыңар? Аңгемелешкиле.

**5-көнүгүү.** Ырды көрктүү окуп, эмне жөнүндө экенин айтып бергиле.

### КЫРГЫЗ ТУУСУ

Кызыл түсүң көңүлдөрдү толкутуп,
Алтын күнгө чөгөрүлүп түндүгүң.
Жаралышың жалпы кыргыз эли күтүп,
Улуу тарых – кайра туулган бул күнүң!

Биз баралы асмандата көтөрүп,
Жыйырма бирден башталган бул кылымда.
Биримдикте ой-максатка жетели,
Кызыл өңүң кыярып эч кубулба.

Сен кыргызга, кыргыз сага жарашып,
Түбөлүккө желбирей бер сыймыктуу.
Дүйнө эли суктанышкан карашып,
Ала-Тоолук түркүн калкка сыймык бу.

*А. Чойбекова*

**6-көнүгүү.** Республикаң, элиң, жериң, айылың жөнүндө эмне билесиң? Алар сага эмнеси менен кымбат? Ой жүгүртүп, чакан дилбаян жазгыла.

## *Кайталоо*

7-көнүгүү. Текстти окуп, тапшырмаларды аткаргыла.



www.bizdin.kg

### КӨЧӨДӨ, КООМДУК ЖАЙЛАРДА КАНТИП ЖҮРҮҮ КЕРЕК?

Балдар, «эл – сынчы» дегенди түшүнөсүңөрбү? Ал мындай. Адам өзүн өзү көпчүлүк убакта байкабайт, эл сырттан байкайт. Ошол үчүн көчөгө чыгарда, адегенде, үстү-башыңа көз чаптыр. Кийинген кийимиң таза, үтүктөлгөндөй болсун. Топчулары, бүчүлөрү да ордунда болсун. Аба ырайына жараша да кийинүүнү үйрөн. Тырмакты да өз убагында алып, чачты тарап алуу керек. Өзгөчө, кыздар таза, тыкан жүрүп, жарашыктуу кийинүүлөрү зарыл. Жүргөн-турганы, басканы жана сүйлөгөнү, күлгөнү адептүү болсун.

Ата-энебиз көрбөйт, билбейт деп ээнбаш болуп, ээн ооз сүйлөгөндөрдү эл байкабай калабы? «Баланчанын баласы же кызы тигиндей», – деп айтуу силерден мурда ата-энеңерге уят. Ошондуктан, кичинекей достор, адептүү жүрүүнү жашыңардан үйрөнгүлө!

? 1. Текстти окуп, жүрүм-турум адеби кандай экенин айтып бергиле. 2. Текстте канча сүйлөм бар экенин байкагыла. 3. Сүйлөмдүн түрлөрүнө жараша мисалдарды таап айткыла.

**8-көнүгүү.** Айтылган ойго жана ыргагына жараша, сүйлөмдөрдүн чегин ажыраткыла. Канча жана кандай сүйлөмдөр бар экенин түшүндүргүлө. Тыныш белгилердин коюлушун, баш тамгалардын жазылышын туура байкагыла.

Жаңы окуу жылы башталды сен керектүү окуу куралдарыңды алдыңбы. Бүгүн күн кечээкиден салкын сен жайында тоого бардыңбы Мен Ысык-Көлгө лагерге барып эс алдым.

Сабакка кечикпей өз убагында кел эртең менен сен саат канчада турасың мен бүгүн 6 жарымда ойгондум.

Бөбөгүндү ыйлатпа Сенин бөбөгүң бакчага барабы.

**9-көнүгүү.** Төмөнкү ыр-табышмактарды окугула. Сүрөткө карап, сөздөрдүн маанисин эмне өзгөрткөнүн түшүндүргүлө.

Суу алганда бул жактан,
Мендей идиш таппайсың.
«Ч» ордуна «Т» койсоң,
Ат туягын сактайсың.



Көчө көркүн чыгарат,
Мөмө берип, сактаган.
«А»ны мага уласаң,
Жанмын жазда чардаган.



## § 1. СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

**10-көнүгүү.** Сөздөрдү окуп, салыштыргыла.

? Созулма үндүүлөр канча тамга менен белгиленет?

| | |
|---|---|
| эр – ээр | ток – тоок |
| эк – ээк | кон – коон |
| ара – араа | өн – өөн |
| ары – аары | тала – талаа |
| улу – улуу | күлүү – күүлүү |

**11-көнүгүү.** Кыргыз тилинде канча созулма үндүү бар? Ар бириңер өз алдыңарча 5тен мисал келтирип жазгыла.

**12-көнүгүү.** Аңгемени окуп, тапшырмаларды аткаргыла.



www.bizdin.kg

### КҮҮ

Чакырган жерге бир себептен улам Сабыр кечигип келди. Ал келгенде үйдө комуз чертилип жаткан. Комуздун мукам үнүн угуп, Сабыр тыңшап туруп калды. Үйдөгү эл дагы комуздун мукам үнүнө берилип калышкан. Сабыр адеп сактап, чертилип жаткан комуздун мукам үнүн бузбайын деп, үйгө кирбей, босогодо кулак төшөп турду.

Качан күү бүткөндөн кийин гана, Сабыр үйгө салам айтып кирди. Отургандар тура калып, төргө өтүүсүн өтүнүштү.

– Ка-ап, Асыл черткен күүнү укпай калдың ээ,– деди отургандардын бири.

Сабыр төргө өтүп, кечигип келгени үчүн отургандардан кечирим сурады. Ал бая эле келип, босогодон Асылдын күүсүн тыңшап, бирок жолтоо болбоюн деп адеп сактап, кирбей турганын эч ким билген жок.

? 1. Тексттин мазмунун сүйлөп бергиле. 2. Сабыр эмнеликтен босогодо туруптур? 3. Тексттен созулма үндүүлөр катышкан сүйлөмдөрдү таап, көчүрүп жазгыла. 4. Аларды жоон, ичке үндүүлөргө ажыраткыла.

## § 2. СӨЗ ИЧИНДЕ КАТАР КЕЛГЕН ҮНСҮЗДӨР
(нн, сс, лл, зз, мм, кк, тт)

**13-көнүгүү.** Сөздөрдү окуп, андан катар келген үнсүздөрдү байкагыла. Төрт сүйлөм түзүп, катар келген үнсүздөрдүн алдын сызып көрсөткүлө.

| | | |
|---|---|---|
| Алиппе | Хоккей | металл |
| грипп | Аккордеон | миллион |
| тонна | касса | трасса |
| ванна | класс | таттуу |

**Ү л г ү:** *Менин бөбөгүмдүн «Алиппе» китеби бар.*

> ***Эсиңерге туткула!***
>
> Бир сөз ичинде үндүүлөр сыяктуу эле үнсүздөр да бир катар келип айтылат. Андай сөздөр, көбүнчө, орус тили аркылуу кирген сөздөрдө кездешет.
>
> М и с а л ы: *Биздин класс экинчи кабатта.*
> *Грипп – жугуштуу оору.*

**14-көнүгүү.** Текстти окугула. Андан сөз ичинде катар үнсүздөр катышкан сөздөрдү таап айткыла.

### АРСЛАНБАП ТОКОЮ

Арсланбаптын аймагы көлдөргө да бай. Андагы табигый мөмө-жемиштер токою 37000 гектарды ээлейт. Ал өрөөнгө көрк гана бербестен, көргөн адамга ыракат тартуулайт. Арсланбапта дарылык касиетке бай өсүмдүктөр арбын. Ал – дүйнөдөгү эң чоң табигый жаңгак токою. Жылына миңдеген тонна жер-жемиштерин жыйнап алууга болот. Бир эле түп жаңгак ондогон килограмм жемиш бере алат.

Баарынан кызыгы, жаңгак дарагынын бийиктиги 20–25 метрге жеткени бар. Бутактары 4–6 айрылып өсүп, түбү чатырдай болуп, күн нуру өтпөйт. Жаңгактан жакшы самын, лак, тушь ж.б. боёктор чыгарылат. Жыгачынан эң мыкты үй эмеректери жасалат.

**15-көнүгүү.** Өз алдыңарча **нн, мм, сс, кк, пп** тыбыштары катар келген сөздөргө экиден мисал жазып көрсөткүлө.

**16-көнүгүү.** Үйдөн өз алдыңарча төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп келгиле.

Жатта, жыттуу, заматта, аппак, группа, ванна, Анна, аллея, баллон, класс, металл.



www.bizdin.kg

## § 3. ЙОТТОШКОН ТАМГАЛАРДЫН ЖАЗЫЛЫШЫ ЖАНА АЙТЫЛЫШЫ *(я, ю, е, ё)*

**17-көнүгүү.** Йоттошкон тамгалардын айтылышына жана окулушуна көңүл коюп, эсиңерге салгыла. Ар бирине бирден мисал келтирип жазып, окуп бергиле.

*й + а = я* — таяк, аяк, кыя, сыя

*й + э = е* — чие, чиет, тиет, киет

*й + у = ю* — оюу, коюу, куюн, чоюн

*й + о + ё* — боёк, коён, тоёт, оёт

> ? Йоттошкон тамгалар канча тыбыштан турат?

**18-көнүгүү.** Текстти окуп, орус тилинен кирген жана йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү тапкыла.

### «АК ШООЛА» ХОРУ

Балдардын республикалык «Ак шоола» хорун ким гана билбейт. Ал хордун аткарган ырларын укпаган кыргыз балдары жоктур.

Хордун уюшулганына быйыл 20 жыл болду.

Ошол убакыттын ичинде ал жалпы элибизге таанылды. Республикага гана эмес, чет элге да белгилүү болду. Алар кыргыз ыр-бийин ырдап, бийлешип, Япония, Түркия, Россия, Венгрия өлкөлөрүнө чейин барып келишти. Көптөгөн фестивалдарда жеңүүчүлөрдөн болушту.

Хордун жетекчиси – белгилүү балдар обончусу, маданиятка эмгек сиңирген ишмер Эсенгулова Гүлмира. Ал жаш болсо да, абдан таланттуу музыкант.

Баарынан кызыгы, балдар хорго 4 жаштан баштап катышат. 4–5 жашар балдардын ырдаган ырларын уга эле бергиң келет.

**19-көнүгүү.** Йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрдөн таап, мисал келтирип жазгыла.

**Ү л г ү:** *Алмаздын бакма коёндору бар.*

**20-көнүгүү.** Накыл кептерди окуп, маанисин түшүнгүлө. Тапшырманы аткаргыла.

*Кулагыңа күмүш сырга!*

**«Колу ойногондун оозу ойнойт».**

Элибизде кыска, бирок нуска айтылган сөздөр көп. Кичинекей эле сөздөрдө чоң маани жатат.

Жогорудагы сөздү алалы: колу ойногону эмнеси? А оозу ойногонучу?

Мээнет кылып, иш кылганы – колу ойногону да. Мээнет кылган адамдын оозу ашка толот да. Демек, адам эмгегинен ырахат алат. Таасын айтылган сөз бекен?

*Т. Самудинов*

## § 4. АЙТЫЛЫШЫ ЖАНА ЖАЗЫЛЫШЫ БИРДЕЙ БОЛБОГОН СӨЗДӨР

**21-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү салыштырып окугула да, кайсынысы туура жазылганын айтып бергиле.

? Тыбыштар дайыма эле бирдей айтылып, бирдей жа-зылабы?



www.bizdin.kg

| Уңгу + мүчө | Айтылышы | Жазылышы |
|---|---|---|
| дан + га | даңга | данга |
| ун + га | уңга | унга |
| түн + кү | түңкү | түнкү |
| бүгүн + кү | бүгүңкү | бүгүнкү |
| ач + чы | ашчы | аччы |
| кеч + чи | кешчи | кеччи |

*Эсиңерге салгыла!*

**н** тыбышы менен аяктаган сөздөргө **-га, -бы, -мын** мүчөлөрү улангaнда, **м** жана **ң** болуп айтылат. Бирок **н** менен жазылат.

**М и с а л ы:** *муун – мууңга – муунга*
*мен – мемби – менмин*

**ч** тыбышы менен аяктаган сөздөргө **-чы** мүчөсү уланганда, **ш** болуп айтылат. Бирок **ч** менен жазылат.

**М и с а л ы:** *кеч – кешчи – кеччи*
*чеч – чешчи – чеччи*

**22-көнүгүү.** Сөздөргө **-чы, -га, -бы, -мын** мүчөлөрдү улантканда, айтылышы жана жазылышы ар башка болгон учурларын жазып көрсөткүлө.

Мен, жаан, чээн, жээн, бүгүн, түн, Асан, ач, кеч, чач, уч, кубанычтуу.

**Ү л г ү:** – Бул ким?
– Бул – меммин. Асаммын, эшикти ашчы.

**23-көнүгүү.** Окугула, айтылышы жана жазылышы бирдей болбогон сөздөрдү тапкыла.

## СҮЙҮНЧҮ АЙТУУ

Кыргыз элинин муундан-муунга, атадан-балага өтүп келаткан салттарынын бири – сүйүнчү айтуу. Баланын төрөлүшүн, жакын адамдын алыскы сапардан келишин, кандайдыр бир кубанычтуу окуя, жакшы кабарды жакын адамдарга, туугандарга билдирүү сүйүнчүлөө деп аталат. Сүйүнчүнү чоң кишилер өздөрү да айтат, же кичи чаптырат. Жакын жерде болсо, бала чуркатышат.

Сүйүнчүлөө бүгүнкү күндө салт болуп калды. Жакшы кабарды биринчи айткан кишиге сүйүнчү катары ыроолоп белек беришет.

Сүйүнчү алган киши эч качан аз же көп деп айтпашы шарт. Бергенине ыраазы болуп кете берет. Бул – ата-бабадан келаткан жосун.

**24-көнүгүү.** Үйдөн өз алдыңарча эки түрдүү айтылып жана жазылган тыбыштар катышкан он сөз жазып келгиле.

## *Машыгуу сабагы*

**25-көнүгүү.** Сүрөттү карап, заттардын айтылышын байкагыла. Сүйлөм түзүп, тууралап жазып көрсөткүлө.





www.bizdin.kg

**26-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө. Айтылышы жана жазылышы кандай болорун түшүндүргүлө.

1. Ак үй, кара ала кой, сары ат, кара козу, ак эчки, кара кер ат.
2. Кач, нан, кан, таан, саам, сүйүнүчтүү.

**Ү л г ү: Айтылышы:** Биздин карала коюбуз эгиз тууду. Бээ саан болду.

**Жазылышы:** Биздин кара ала коюбуз эгиз тууду. Бээ саан болду.

**27-көнүгүү.** Жомокту окуп, тапшырманы аткаргыла.

## АК УЛАК МЕНЕН КАРА УЛАК

Ак улак менен кара улак так секирип ойноп жүрүп, тоодо энелеринен адашып калышат.

Бир кезде эки улак ары-бери карап, чоң ташка чыга калса, карышкыр турат.

–Кардым ачып турду эле, мындай жакшы иш болобу? Мен силерди жеймин, – дейт карышкыр.

Анда ак улак:

– Кашаба аке, тетиги дөбөнүн түбүндө бизди айбандардын падышасы Арстан күтүп жатат. Биз ошол арстанга жем болгону баратабыз. Сиздин бул кылыгыңызды билсе, ачууланары белгилүү. Мейлиңиз, жесеңиз жеңиз...

Аңгыча, коркуп кеткен кара улак: «Арстан, арстан, бизди карышкыр жегени жатат. Мынакей», – деп кыйкырып жиберди. Карышкыр ага ишенип, куйругун кыпчып качып жөнөдү.

? 1. Жомокто эмне жөнүндө сөз болду? 2. Айтылышы, жазылышы түрдүү болгон сөздөр бар бекен? Алар кайсылар? Таап, түшүндүргүлө.

www.bizdin.kg

**28-көнүгүү.** Ырды окугула, андан жогорудагыдай көрүнүштөргө мисал тапкыла.

### ЖОГОЛГОН УЛАКТАР

Болот абдан так эле,
Болот абдан сак эле.
Өзү багып чоңойткон,
Үч улагы бар эле.

Бирок Болот бир жолу,
Улактарын карабай
Уктап, уктап калыптыр,
Уят болду аябай!

Үч улактан башкасын,
Бүт жоготуп алыптыр...
Кана, балдар, Болоттун
Канча улагы калыптыр?

*А. Рыскулов*

**29-көнүгүү.** Айтылышы жана жазылышы эки башка болгон сөздөрдөн бешти жазып келгиле.

***Билип алалы!***

**Улуу адамдар силердей кезинде кандай болгон?**

### СЕРГЕЙ ЕСЕНИН

Орустун белгилүү акыны көгүчкөндөрдү жанындай көрчү дешет. Айылда чоңойгондуктан, кичинекей Сережа таң эртеден жатарга чейин көгүчкөндөр менен алек болучу. Көгүчкөндөр да Есенинди айылдын бардык бурчунан таап алышчу. Кээде кечирээк ойгонуп калса, көгүчкөндөр анын терезесине келип, гүүлдөп, өздөрүнүн досунун ойгонор маалын күтүп турушчу экен.

## § 5. СӨЗДӨРДҮН МУУНГА БӨЛҮНҮШҮ. МУУНГА БӨЛҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ

**30-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү үлгү боюнча муундап окугула. Кандай муундар экен, эсиңерге салгыла.




**Ү л г ү:** ак-ча, ты-йын, ян-варь.

| ? Сөздөрдү ыргагына жараша айтууга үйрөнөлү. |
|---|

Балалык, саан, сентябрь, октябрь, май, жаңылык, фломастер, жаңы жыл, кубаныч, сүйүнчү, булбул, Арсланбап, «Ак шоола», коңгуроо, көңүлдүү, жаан.

**31-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдүн атын үн ыргагына жараша туура айткыла. Аларды катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө. Сөздөрдү муундарга ажыратып, жазып көрсөткүлө.





***Эсиңерге туткула!***

1. Бир муундуу сөздөр муундарга бөлүнбөйт.
   **М и с а л ы:** *жаан, туу, бөөн, көл, уу, ээн.*
2. Эки үнсүз катар келсе, эки бөлүнүп жазылат.
   М и с а л ы: *жам-гыр, гүл-дөр, кыр-гыз, түн- гүч, калк-ка.*
3. Йоттошкон тамгалар жана й тамгасы үнсүз тыбыштардай эле үндүүлөргө жараша бөлүнүп жазылат.
   **М и с а л ы:** ко-ён, ку-юн, ты-йын, ка-йың.
4. Орус тилинен кирген сөздөрдө эки, үч үнсүз катар келсе, муунга бөлүнбөйт.
   **М и с а л ы:** *торт, склад, галстук, пункт.*

www.bizdin.kg

**32-көнүгүү.** Текстти көрктүү окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

## АТА НАСААТЫ

**Уулум** жана кызым, өзүңө калк кайрымдуу болсун десең, оболу өзүң **калайыкка кайрымдуу** бол.

Өз **мээнетиң текке** кетпөөсүн **кааласаң**, калайыктын ак мээнетин жебе, тепсебе.

Абройлуу **болууну** кааласаң, **акыл-эстүү**, элпек бол. Адамдар сени маскаралап күлбөсүн десең, **жүрүм-турумунду** оңдогун. Кадыр-баркың ашсын десең, башкалардын да кадыр-баркын билгин.

Көпчүлүктүн **өзүңө** дос болуусун кааласаң, адамдарга колуң ачык, тилиң таттуу болсун.

Урмат-сыйга ээ болууну кааласаң, муктаж болгондордон эч нерсеңди аяба. Эч кимге күнөө коюп, кек сакаба.

*«Кутбилим»*

? 1. Кара тамга менен басылган сөздөрдү муунга тууралап бөлүп, дептериңерге көчүрүп жазып көрсөткүлө. 2. Муктаж деген сөздүн айтылышы жана жазылышы кандай экенин айтып бергиле.

**33-көнүгүү.** Өз алдыңарча өз башыңардан өткөн күлкүлүү бир окуяны жазгыла да, жогорудагыдай кылып сөздөрдү муунга бөлүп көрсөткүлө.

## § 6. МУУНДУН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

**34-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү муунга ажыратып, кандай муун экенин эсиңерге салгыла.

? Муундун кандай түрлөрү бар эле, эсиңердеби?



Аба, Кубат, асман, тактай, тарс, Асанаалы, Ырыс, коркпо, көркөмдүү, жүз аарчы, туш туурдук, боз үй, класс, жыйын, калыстык.

***Эсиңерге туткула!***

Муун бир же бир нече тыбыштардан түзүлөт.

**1. Бир гана үндүү тыбыштардан түзүлгөн муундар** ачык муундар болот.

**Мисалы:** *Аа-лы, э-лек, У-лан.*

**2. Үндүү менен башталып, үнсүз менен бүткөн муундар** жабык муундар деп аталат.

**Мисалы:** *Ат, ак, эл, уул, үй.*

**3.Үнсүз менен башталып, үнсүз менен аяктаган муундар** туюк муундар деп аталат. Мындай муундар эне тилибиздеги сөздөрдөн да, орус тилинен кирген сөздөрдөн да учурайт.

**Мисалы:** *жалт, квас, тарт, галстук, транспорт.*

**35-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү муундарга туура бөлүп, муундун түзүлүшү жана түрлөрү боюнча схемага карап иштегиле. Муундарга мүнөздөмө бергиле.

| түзүлүшү / түрлөрү | 1 тыбыштан | 2 тыбыштан | 3 тыбыштан | 4–5 тыбыштан |
|---|---|---|---|---|
| ачык | а-ба | ба-ла<br>ма-га | –<br>– | –<br>– |
| жабык | – | ут, Ош<br>ат | ант<br>эрк | – |
| туюк | – | – | Биш-кек<br>кат, бак | кант<br>транс-порт |

1. «Байчечекей» – бөбөктөрдүн сүйүктүү журналы.

2. Асманды ала булут каптап турат.

3. Мылтык атылып, «тарс» деген үн чыкты.

4. Түндө ай жарыкта жылдыз курт жылт-жылт этип көрүнөт.

5. Циркте жаш бала талкаланган айнекти жылаңайлак тебелеп, өнөр көрсөттү.

**36-көнүгүү.** Өзүңөрчө бир, эки, үч, төрт муундан турган сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүп, талдап бергиле.

**37-көнүгүү.** Төмөнкү аталардын сөзүн окуп, сөз маанисин түшүнгүлө. Кара тамга менен берилген сөздөргө муундук талдоо жүргүзгүлө.

*Кулагыңа күмүш сырга!*

**«Бул китепке тишиң өтөбү?»**

Тишиң **өтөбү?** – деген кепти **укканда,** кээ бир бала: «Мен эмне, аны **тиштеп** көрмөк белем?» – деп таң калышы мүмкүн. А **чынында,** ал «бул китепти окуп, маанисин **түшүнгөнгө** акылың жетеби?» деген эле кеп. Сөз канчалык таамай айтылса, ал **ошончолук жугумдуу** да, унутулгус **да** болот.

*Т. Самудинов*



www.bizdin.kg

## § 7. СӨЗДӨРДҮ ТАШЫМАЛДОО ЖАНА АНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ

? Ташымал кандай учурда колдонулат?

*Эсиңерге туткула!*

Сөздөрдү ташымалдоо мындай тартипте жүргүзүлөт:

1. Бир муундуу (ачык, жабык, туюк) сөздөр ташылбайт.

**М и с а л ы:** *өрт, эч, бал, жыл, спорт.*

2. Бир тамгадан турган муундарды жолдун аягы же башына бөлүп жазууга болбойт.

**М и с а л ы: Ө-мүрбек, у-бада, насы-я.**

**38-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү жазгыла, кара тамга менен берилген сөздөрдү эрежеге ылайык туура ташымалдоого үйрөнгүлө.

1. **Мен** акын **Б. Сарногоевдин «Эне тил»** деген **ырын окудум.** 2. Күзгү түшүм майрамы өткөрүлдү. Ал **майрамды кыргыздар «чечкор»** деп аташкан. 3. Жаз – жарыш, күз – күрөш. 4. Жайында **бели ийилбегендин, кышында** чекеси **жылыбайт.**

*Эсиңерге туткула!*

3. Созулма үндүүлөр бөлүнүп ташымалданбайт.

**М и с а л ы:** *то-олор эмес, **тоо-лор**, тала-алар-га эмес, **талаа-ларга**.*

4. Сөз ичинде **ь, ъ** белгилери өзүнөн мурдагы муундан бөлүнүп ташылбайт.

**М и с а л ы:** *пал-ьто эмес, **паль-то**, ал-ьбом эмес, **аль-бом**.*

www.bizdin.kg

**39-көнүгүү.** Төмөнкү текстти окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, туура ташымалдоого үйрөнгүлө.

## ЭНЕНИН СҮТҮ

Эненин сүтү **ымыркайлар** үчүн **аш болумдуу,** сапаттуу тамак болуп эсептелинет. Сүттө баланын организмине **эң керектүү** жана **пайдалуу** болгон витаминдер көп. Алар баланын туура өсүшү үчүн эң зарыл.

Эне сүтүн эмген баланын **организминде** бардыгы жетиштүү болуп, туура өсүп чоңоёт. Итий оорусу менен оорубай, дени сак өсөт. Эне сүтү баланын денесин **сырттан** таасир этүүчү бардык **жугуштуу** оорулардан да сактайт.

Ошол үчүн эне сүтү – адамдын өмүрүндөгү эң баа жеткис нерсе. **Ал баланын** эң биринчи оозанган эң ыйык өмүр азыгы. Эненин сүтүн **татыктуу** бала **гана** актайт.

**41-көнүгүү.** Сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө да, туураларап ташымалдап көрсөткүлө.

Радио, поезд, циркуль, люстра, подъезд, мээрим, пайдалуу.

**42-көнүгүү.** Ырды окуп, алды сызылган сөздөрдү оозеки ташымалдап айтып бергиле. Обонун жаттап, ырдап бергиле.

## МУГАЛИМ

Аруу тилек балага,
Агай, эжей дедирген,
**Билбегенин** билгизип,
Билим балын жедирген
Мактоо сага – мугалим.



Эне-атадай кам көрүп,
**Эресеге** жеткирген.
Күлмүң көздүү бөбөктү,
Гүлдөй сылап **өстүргөн**
Алкыш сага – мугалим.

Акыл жолун **таанытып,**
Адеп менен **сүйлөткөн.**
Ата Журтка **жарашкан,**
Адам бол – деп **үйрөткөн**
Таазим сага – мугалим.

*С. Рысбаев*

## § 8. СӨЗ МҮЧӨЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

? Эсиңердеби? Сөз кандай бөлүктөрдөн түзүлөт?
Уңгу жана мүчө деп эмнени айтабыз?

**43-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү окугула. Уңгу түрүндөгүлөрдү, мүчө улангандарды өз-өзүнчө бөлүп жазгыла.

**Китеп, китептен, бала, балдар, кеме, кемеде, тоо, тоого, камчы, камчыла, ил, илгич, кымыз, кымыздай, бал, балчы, машина, машинада, күч, күчтүү, бакыт, бактылуу.**

**Ү л г ү:**

| Уңгу сөздөр | Мүчө уланган сөздөр |
|---|---|
| китеп<br>жазуу | китептен<br>жазуучу |

**45-көнүгүү.** Таблицаны карагыла. Андагы уңгу жана мүчө уланган сөздөрдү байкагыла. Мүчө уланып, экиге бөлүнгөн сөздөрдү бири-биринен айырмалап салыштыргыла да, сүйлөм түзүп түшүндүргүлө.

| Уңгу сөздөр | Мүчө уланган сөздөр | |
|---|---|---|
| | уланды | куранды |
| суу | суугa | суучул |
| көз айнек | көз айнекти | көз айнекчен |
| алтын | алтындан | алтындай |
| дос | досум | достош |
| кап | капты | кабанаак |
| кыргыз | кыргыздар | Кыргызстан |
| казак | казактар | Казакстан |

**Ү л г ү:** *Өзөндө тунук суу агып жатат. Гүлнар эки чака алып, сууга жөнөдү. Суучулдар көл жээгинде дайыма жардамга даяр турушат.*

! **Салыштыргыла:** 1-бөлүктөгү мүчөлөр сөздүн формасын өзгөрттү. 2-бөлүктөгү мүчөлөр сөздөрдүн маанисин өзгөрттү, жаңы сөз жасалды.

***Эсиңерге туткула!***

Сөз мүчөлөрү **уланды** жана **куранды** мүчөлөр болуп, экиге бөлүнөт.

Уланды мүчөлөр сөзгө уланып, анын формасын гана өзгөртөт.

**М и с а л ы:** *оку, окуду, окуба ж.б.*

Куранды мүчөлөр сөзгө жалганып, анын маанисин өзгөртөт, жаңы сөз жасайт.

**М и с а л ы:** *шаар – шаардык (шаардык адам), токой – токойлуу (токойлуу жер).*

**46-көнүгүү.** Өз алдыңарча **-луу, -лык, -дай, -чы, -стан** мүчөлөрүн катыштырып, бир нече мисал түзгүлө.



www.bizdin.kg

## *Машыгуу сабагы*

? Эне тилибиз бизге эмне үчүн керек?

**47-көнүгүү.** Текстти көрктүү окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

### ЭНЕ ТИЛИҢЕРДИ БИЛГИЛЕ, БАЛДАР!

Мен бир жолу **аялдамада** отургам. Жанымдагы кыргыз балдар-кыздары орусча сүйлөшүп жатышты.

– Силер өз эне тилиңерди билбейсиңерби? – дедим **аларга** карап.

– Билебиз, бирок орусча жакшыраак сүйлөйбүз – дешти алар, – **бакчада,** мектепте орусча окудук. Үйдө да ата-энебиз орусча сүйлөшөт.

Мына, көрдүңөрбү, бул алардын өз эне тилин сыйлабаганы, **маданиятсыздыгы!**

**Кишинин** маданияты – анын сүйлөгөн сөзүнөн байкалат. Ойкуштантып сүйлөп, мода кууп кийинүү – жарабаган нерсе.

Бирок жалгыз эне тил менен гана калууга болбойт. **Колуңардан** келишинче **орусча, япончо, англисче** окуп үйрөнгүлө. Канча тил билсеңер – **ошончо** маданияттуу болосуңар.

1. Эне тилди сыйлабагандык эмненин белгиси деп макалада айтылып жатат? 2. Көп тил билүүнүн мааниси эмнеде экен? 3. Кара тамга менен жазылган сөздөрдү уңгу-мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдүн түрлөрүнө жараша бөлүп жазгыла.

| Уланды мүчөлөр уланган сөздөр | Куранды мүчөлөр уланган сөздөр |
|---|---|
| мектепте | орусча |

www.bizdin.kg

? Сөз мүчөлөрүнүн кандай түрлөрү бар экен?

**48-көнүгүү.** Табышмактарды окуп, жандырмагын тапкыла. Алардан куранды, уланды мүчөлөр уланган сөздөрдү таап, түшүндүргүлө.

### КЕЛГИЛЕ, МЕЛДЕШЕЛИ

Үйдү кайтарат,
Ошентип жан багат.
Чөп жебес жандыкты
Ойлонуп ким табат? (..)

Суюктук, даамы жок,
Билинбейт түсү.
Жашоо жок ансыз,
Ошондо анын күчү. (...)

Ачпасаң тынч жатат,
Ачканда сыр чачат.
Дүйнөнү таанытып,
Жыргатып чер жазат.
(......)

Из калтырып ак карга,
Оң колумда жорголойт.
Жандырмагын тапканча,
Ким кандайча ойлонот.
(.......)

**49-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө жалганган мүчөлөргө көңүл бөлөлү, бир эле сөз кандай болуп өзгөргөнүн байкап, айтып бергиле.

1) Алмага, алма**нын**, алма**дан**, алма**ны**; окуучу**ну**, окуу**чубуз**; окуу**нун**, окууну, окуу**дан**; бутакта, бутак**тар**, бутак**ка**, бутакты, бутак**тан**.

2) Суулуу, суучул, суудай; койлуу, кой**дой**, койчу; көз**гө**, көз**дөй**, көз**дүү**; машина**дай**, машина**луу**, машина**сыз**; үндүү, үнсүз, үн**дөө**.

**50-көнүгүү.** Жогорудагыдай мүчөлөр жалганган бир нече сөздү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.



## § 9. УҢГУЛАШ СӨЗДӨР. УҢГУЛАШ ЗАТ АТООЧТОР

? 2-класста таанышкан уңгулаш сөздөрдү эсиңерге түшүргүлө. Оозеки мисал келтирип, алар кантип түзүлөрүн түшүндүргүлө.

**51-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окугула. Байкагыла, алардын маанилерин жакындаткан кандай белгилер бар экенин айтып бергиле.

1. Күзгү буудай **башын** ийип бышып турат. Темирландын агасы институтта бөлүм **башчы** болуп иштейт. Акылман адам гана элди жакшы турмушка **баштап** барат. Кумардын кашка эркечи аябай **баштаак.**

? Бир уңгудан бир нече жаңы сөз түзүүгө болот бекен?

2. Бакыт-Сабыр аксакалдын **баласы.** Бул Аскербек деген **бала.** Эх, **балалык,** кандай гана бактылуу кез. **Бала чакта** үйрөнгөндөр – бардык билимдин негизи болот.

*Эсиңерге туткула!*

Мааниси жакын, уңгусу бир болгон бир нече зат атооч сөздөрдү уңгулаш зат атоочтор деп атайбыз.

**М и с а л ы:** *бала, балачак, балалуу, балалык; жылдыз, жылдыздуу, жылдыздай.*

**52-көнүгүү.** Сөздөргө мүчөлөрдү схема боюнча улап окуп, уңгулаш зат атооч сөздөрүн катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.

суу — лук, чул, дай, луу

кар — дуу, дай, да, дуу

көз — дүү, дө, дөй
китеп — тей, көй, түү

**53-көнүгүү.** Берилген **-лык, -чы, -кер, -луу-, дай, -кеч** деген мүчөлөрдү сөздөргө жалгап, уңгулаш зат атооч сөздөрдү түзгүлө.

Базар, кой, араба, кызмат, бадал, too, булут, жылкы, кыял, таалай, жибек, кубат, шаар.

**Ү л г ү:** *араба + кеч = арабакеч*

**54-көнүгүү.** Текстти окугула да, андан уңгулаш зат атоочторду таап, мүнөздүү белгилерин түшүндүрүп бергиле.

## МУРАС

*(жомок)*

Илгери бир абышка-кемпир болуптур. Бир күнү дүйнөдөн өтүшөт. Үч баласы алардан калган мурас байлыкты бөлүшө турган болушат.

– Мен – улуусумун, мен – негизги мураскормун. Үйдү мен алайын, – дейт улуу баласы.

– Жок, сен башка байлыктарды ал, үй меники болсун, – дейт ортончусу.

– Мага өлүү оокаттын кереги жок. Атабыз абдан мээнеткеч эле, энебиз абдан мээримдүү болчу. Мага атабыздын мээнеткечтигин, энебиздин мээримин бергиле, – деди эң кенжеси.

> ? 1. Агалары оокатка көздөрү өткөн кандай адамдар экен?
> 2. Сага кичүү уулунун айтканы жактыбы?

**55-көнүгүү.** Уңгулаш зат атоочторду катыштырып, беш сүйлөм түзүп келгиле.



www.bizdin.kg

## § 10. УҢГУЛАШ СЫН АТООЧТОР

**56-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөр кандай белгилери менен маанилеш экендигин түшүндүрүп бергиле.

кызыл – кызылыраак – кыпкызыл
жашыл – жашылыраак – жапжашыл
көк – көгүрөөк – көгүш – көпкөк
кара – каралжын – капкара
чоң – чоңураак – эң чоң

> ? Уңгулаш сын атооч сөздөр кантип түзүлөт?

**57-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Андагы уңгулаш сөздөрдү таап, үлгүдөгүдөй иштегиле.

1. Бутактагы кызыл-кызыл алмаларга Айгүлдүн көзү түштү. 2. Биздин бакчабыздын алмалары кызарып бышты. 3. Мен табактагы алмалардын кызылыраагын тандап алдым. 4. Биз мектепке дайыма ак көйнөк кийип келебиз. 5.Таң агарып атты. 6. Бекжандын бою Кубанычтын боюнан кыска. 7. Күз келип, күн кыскарды.

**Ү л г ү:** ***Биз терезелерди бекемдеп, классыбызды жылуулодык. Классыбыз бүгүн жылуу.***

**58-көнүгүү.** Жогорудагыларга карап, бир нече сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө. Алар уңгулаш сөздөр болгудай иштегиле.

**59-көнүгүү.** Текстти окуп, тапшырмаларды аткаргыла.

## БАРСБЕК – КЫРГЫЗ КАГАНЫ

Кыргыз эли – дүйнөдөгү байыркы элдердин бири. Биздин ата-бабаларыбыз мындан жыйырма эки кылым мурда эле өз алдынча **мамлекет** болгону тарыхта белгилүү.

Барсбек хандыкка көтөрүлүп, эли-жерин каармандык менен коргогон. Ошондуктан ага эл Ынанчы Алп Билге деген улуу наам берген. Анын мааниси – **баатыр** жана акылман дегенди түшүндүрөт.

Душмандар **кыргыздардын** өзүнчө мамлекетине ээ болгонун көрө алышкан эмес. Капарсыз тынч жатканда түн ичинде басып киришип, айыгышкан согуш болот.

Ошондо күчтүү жоо **кыргыздарды** жеңип, Барсбек **баатырдык** менен курман болгон.

Бул окуя – **кыргыз** тарыхындагы бир гана учур. Каарман ата-бабаларыбыз **мамлекеттүүлүгүн** сактап кала алышып, бүгүнкү күнгө жетти.

1. Текстте кайсы эл жөнүндө, кайсы баатыр тууралу сөз болду? 2. Алды сызылган сөздөргө муундук талдоо жүргүзүп, түшүндүрүп бергиле. Алар кандай сөздөрдөн кантип жаралганын мүчөлөрүнө карай түшүндүргүлө.

**60-көнүгүү.** Бул сөздөрдү да жогорудагыдай өзгөртүп, өзөкү айтып бергиле.

Сары, таттуу, ачуу, жаңы, кычкыл, кубанычтуу, кызыктуу, кооз, сулуу.

**61-көнүгүү.** Ырды окугула. Андан уңгулаш сын атооч сөздөрдү таап, маанисин түшүндүргүлө.

СУР

Таза күлдүн өңүндөй,
Аралашкан ак-кара.
Түстү берет сур деген,
Окшобогон башкага.

Ат да болот өңү сур,
Көктө каалгыйт сур булут.
Суру качуу деген сөз -
Коркуу үрөй учуруп.

Түшүнөбүз катаалды,
Сурун салуу дегенде.
Ар маанилүү сөздөр көп,
Сөз сүйлөөрдө чеберде.

*Ы. Кадыров*



www.bizdin.kg

## § 11. УҢГУЛАШ САН АТООЧТОР

**62-көнүгүү.** Сөздөрдү окуп, алардын жалпы маанисин билдирген бөлүгүн айтып бергиле.

Бир – бирдей – бирдик – бирөө
Үч – үчилтик – үчөө
Беш – бештен – бештей – бешилик
Жети – жетөө – жетиген
Он – ондой – ондук – ондон

? Уңгулаш сан атоочтор кантип түзүлдү?

**63-көнүгүү.** Сүрөт боюнча иштегиле. Заттардын санын билдирген сөздөрдөн уңгулаш сан атоочторду түзгүлө.





**64-көнүгүү.** Текстти окугула. Андан уңгулаш сын, сан жана зат атоочторду таап, түшүндүргүлө.

«АТ ТОКУУР»

Кыргыздар «ат токуур» деп айтышат. Ал ким? Ал – бөбөктүү болуу. Бөбөктөрдүн эң кенжеси эр жетип чоңойгондо улууларга кызмат кылат. Жумшаган жагына барат. Кыргыздын шарты боюнча инилери агаларынын минген атын отко коёт, сугарат, жем илет, токуйт, аттанууга даяр кылат. Бул – инилик милдет болуп саналат.

Улуу агалары үчүн «ат токууру» – анын көздөй иниси. Төрөлгөндө да: «Ат токууру болсун» – деп ат коёт.

Балдар, силер да агаларыңардын «ат токууру» болуп, ар дайым аларга жардам берип, көмөк көрсөткүлө.

*А. Акматалиев*

**65-көнүгүү.** Төмөндөгү зат, сан жана сын атооч сөздөрдү катыштырып, уңгулаш сөздөрдү түзгүлө.

**Сан атоочтор:** *үч, беш, он, жүз.*
**Сын атоочтор:** *көк, ак, кооз, куу, сулуу.*
**Зат атоочтор:** *бала, камчы, жер, баш.*

## § 12. УҢГУЛАШ ЭТИШТЕР

**66-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү окугула да, андагы жалпысына бирдей уңгуларды тапкыла. Маанилеш бул сөздөрдүн жалпылыктарын жана айырмачылыктарын түшүндүргүлө.

Келди – келчү – келер – келбес
Оюн – ойно – ойноок – ойночу
Тап – тапкыч – табар – таппас
Учат – учар – учпас – учкуч
Болот – болбос – болтур – болгон

? Уңгулаш этиштер кандай болот?

**67-көнүгүү.** Текстти көрктүү окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

### АТ СЫЙЛАГАН ЖӨӨ КАЛБАЙТ

*(Жомок)*

Илгери бир көпкөлөң жигит **жолдоштору** менен алыска **жол жүрөт.** Жакшы багылбай, табынан кеткен күлүгү **жүрбөй** калат. Жигит жинденип, атын сабайт. Байкуш ат басмак турсун, мөгдөп жерге жыгылат. **Ошондо** алиги көпкөлөң жигит **атты** таштап, коштоп жүргөн атын минип жолун улайт.



www.bizdin.kg

**Ошол** кезде кой айдап жөө келаткан бир кедей жигит атты көрөт да, жетелеп барып оттотуп, булактан сугарат. Эс алдырып, жакшылап **багат.** Ат бат эле тыңып, көркүнө чыгат. Күлүк ат болот.

Бир күнү чоң той болуп, кедей жигит атын байгеге кошот. Ат алдыга озуп келип, ээсин байгелүү кылат. Кедей жигиттин кубанычы койнуна батпай турса, мурдагы ээси келип, «Атыңды мага сат» дейт. Жигит **«сатпайм»** дейт. Ошондо бай жигиттин жолдошу атты таанып: «Бул баягы, сенин таштап кеткен атың, го,» – дейт. Жакшылап караса, ал чын эле өзүнүн аты экен. Жигит ошондо өз кылганына өкүнүп, бармагын тиштептир.

1. Жомокто эмне жөнүндө сөз болду? Көпкөлөң жигит ат кадырын кантип билди? Ал эми өз атын ала алабы? Ойлонуп көрчү. 2. Кара тамга менен берилген сөздөрдү окугула да, уңгулаш сөздөрдү аныктагыла. 3. Текст боюнча чакан изложение жазгыла да, көркөм окуп бергиле.

**68-көнүгүү.** Өз алдыңарча уңгулаш этиштерден мисал түзгүлө.

## § 13. СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

### Зат атооч

**69-көнүгүү.** Текстти ой жүгүртүп көрктүү окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

? Зат деген эмне? Анын атын кандай сөздөр билдирет?

### АТА-ЭНЕҢ – СЕНИН БАК-ТААЛАЙЫҢ

Аба болбосо, адам беш мүнөткө да чыдай албайт. Суу жок болсо, адам беш күнгө зорго чыдайт. Ата-эне да ошондой эле керек.

Балдары үчүн ата-эненин эмгегине акча да, алтын да тең келбейт. Ата-эне өмүр бою: «Баламдын курсагы ачып калдыбы, үшүп калбады бекен» – деп санааркап жашайт.

Өзү кийбесе да, баласына кийгизет. «Мен оорусам мейли, балам оорубасын дейт. Менден да балам өмүрлүү болсун», – деп тилейт.

А жаман балдар ошол ата-энелерин сыйлабайт. Акарат сөз айтып, карыганда азапка салат. Ошентип жүрүп, ата-энесинен айрылганда гана кадырын ойлойт.

? 1. Ата-эне баласы үчүн кандай түйшүккө түшөт? Мээримсиз балдар алардын эмгегин билбей, эмне кылышат? Силерди ата-энеңер кантип чоңойтту? Силер ата-энеңерге кандай мамиле жасайсыңар? 2. Тексттен заттардын аталыштарын тапкыла. Алардын кайсылары жандуу, кайсылары жансыз заттар экенин айтып бергиле.

**70-көнүгүү.** Төмөндөгү зат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө да, заттарга мүнөздөмө бергиле.

Нан, алма, машина, булут, окуучулар, достор, кошуна, күчүк.

***Эсиңерге туткула!***

Көзүбүзгө көрүнгөн бардык нерсе зат болуп саналат. Заттардын аттарын билдирген сөз түркүмүн **зат атооч** деп атайбыз. Заттар **жандуу** жана **жансыз** деп бөлүнөт.

Заттык маанини билдирген сөздөр да бар.

**М и с а л ы:** *бакыт, өмүр, таалай, кыял.*

**71-көнүгүү.** Төмөндөгү сүрөттөрдү карап, алар жандуубу, жансыз зат атоочпу, айтып бергиле. Аларга жараша сүйлөм түзгүлө.



www.bizdin.kg





**72-көнүгүү.** Үй айбандарынын жана үй буюмдарынын аттарын катыштырып, алты сүйлөм түзүп келгиле.

## § 14. ЖАНДУУ ЗАТТАРДЫН АТЫН БИЛДИРГЕН ЗАТ АТООЧТОР

**73-көнүгүү.** Төмөндөгү акро-ыр табышмактардын жандырмагын таап, зат атоочторго мүнөздөмө бергиле.

Ааламга сени апкелген,
Таасындап жакшы ат берген.
Адам кылып, бак берген
Бул ким?

Эң бир ыйык, кымбат да,
Нагыз толо сымбатка.
Ээ болгон терең урматка
Бул ким?

*А. Малаев*

**74-көнүгүү.** Таблицаны карагыла. Андагы жандуу заттардын түрлөрүнө жараша мүнөздөмө бергиле. Анан мелдешип, бир нече сүйлөм түзүп жазгыла.

| адамдар | үй айбандары | канаттуулар | жапайы айбандар | башка түрдүү жаныбарлар |
|---|---|---|---|---|
| чоң ата | ат | ак куу | аюу | чымын |
| чоң эне | уй | бүркүт | түлкү | чиркей |
| бала | кой | үкү | карышкыр | балык |
| кыз | төө | күкүк | суур | жылан |
| ата | улак | торгой | кашкулак | акула |
| эне | козу | чымчык | коён | тюлень |
| Асыл | топоз | | | кит |

**Ү л г ү:** *Менин чоң атам бүркүт таптаган мүнүшкөр болгон.*

? Жандуу заттарга кайсылар кирет?

**75-көнүгүү.** Текстти окугула. Андагы жандуу зат атоочторду таап, мүнөздөгүлө.

### ЧОҢ АТАСЫН ӨЛҮМДӨН САКТАП КАЛГАН НЕБЕРЕ

Сексен жаштагы карыя тамак ичип жатканда, кекиртегине нан тыгылып калат. «Тез жардам» чакыртышат. Жардам берүү үчүн врачтар чебеленип чуркап жүрүшөт. Бирок алар карыяга эч жардам бере алышпады. Чыдамы кеткен чоң атасын көргөн небереси чаң соргучту токко сайып бир учун чоң атасынын кекиртегине салып, тез эле нанды сууруп алды. Ошентип, чоң атасын кичинекей небереси аман алып калды.

**76-көнүгүү.** Жандуу зат атоочторду катыштырып, бир нече сүйлөм жазып келгиле.



www.bizdin.kg

## § 15. ЖАНСЫЗ ЗАТТАРДЫН АТЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР

**77-көнүгүү.** Бул сөздөрдү окугула. Андагы зат атооч сөздөрдүн кайсылары жандуу, кайсылары жансыз заттар экендигине карап, бөлүп жазгыла.

Жалбырак, чымчык, чымын, самолёт, туман, тебетей, жоолук, Кубаныч, кирпик, самын, таята, булак, саман, уста, ырчы, кат, дос, газета, окурман.

**78-көнүгүү.** Жомокту окугула. Тапшырманы аткаргыла.

### КУЛПУ

*(Кыял-жомок)*

Кайсы бир заманда дүйнө элдери үйүн темирден жасалган кулпу деп аталган буюм менен бекитишчү экен. Окууга, жумушка, айылга кеткенде, ал кулпуну ачкыч деген темир менен бекитип, аны чөнтөктөрүнө сала кетишчү. Антпесе үй ичиндеги буюмдарды уурулар уурдап кетишчү экен.

Жылдар өтүп, адамдар адептүү, нысаптуу болуп, уурулар, колу туткактар жоголуптур. Эч ким бирөөнүн оокатына көз артпай, үйлөргө ууру кирбей калган экен. Ошондон баштап, эч ким үйүнө кулпу салбай, эл бул сөздү унутушкан.

Ага биринчи ирет кыргыздар үлгү болуптур. Мисалы, кыргыздын боз үйүнө эч качан кулпу салынбайт...

? 1. Тексттен жансыз зат атооч сөздөрдү тапкыла. Аларды уңгу, мүчөлөргө ажыраткыла. 2. Жомоктун маанисин түшүндүргүлө. Адам канткенде уурулукту, адепсиздикти коёт? Өз оюңарды айтып бергиле. Өзүңөрчө жаңы жомок ойлоп таап, жазгыла.

www.bizdin.kg

> ***Эсиңерге туткула!***
>
> Жансыз заттардын атын билдирген сөздөр **жансыз зат атоочтор** деп аталат.
>
> Аларга буюмдардын, жемиштердин, жашылчалардын, кийим-кече, идиш-аяктардын жана башка көзгө көрүнгөн бардык жансыз заттардын аты кирет.
>
> **М и с а л ы:** *көйнөк, алмурут, кызылча.*

**79-көнүгүү.** Идиш-аяк, тамак-аштардын аттарынан катыштырып, бир нече сүйлөм түзүп келгиле.

## § 16. ЭНЧИЛҮҮ ЗАТ АТООЧТОР

**80-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

### СУУСАМЫР

Айланаң тоого курчалып,
Аймагың жаркын нур чалып.
Тартуулап бизге берген жер,
Табигат коооздоп түр салып.
Жер жок го сага барабар,
Жел өткөн мейкин талаалар.
Туз-насип буюруп коюптур,
Туррактап келди бабалар.
Суйкайып сулуу элесиң,
Суусамыр бизге энесиң.
Кучактап кысып бооруңа,
Кубат, дем берип келесиң.

*Ш. Кулиев*

? 1. Ырда кыргыздын кайсы жайлоосу жөнүндө айтылды? Жер болсо да адам сыяктуу энчиленип ат коюлуп, эл аны унутпай айтып калганын эмне үчүн деп ойлойсуңар? Суусамыр кандай жайлоо экен? Сүрөттөп айтып бергиле. 2. Ырдан зат атооч сөздөрдү таап, муундарга, уңгу-мүчөлөргө ажыратып, жазып көрсөткүлө.



> ? Адам сыяктуу, жердин да, жаныбарлардын да энчиленген аты болот бекен?

**81-көнүгүү.** Текстти окуп, көчүрүп жазып алгыла. Андагы адам аттарын байкагыла. Алар кимдер? Эсиңерге салгыла.

### МАНАС, АНЫН АТАЛАРЫ ЖАНА БАЛА-ЧАКАСЫ

Манас баатырдын атасы – Жакып, чоң атасы – Орозду.

Уулу Семетей, небереси – Сейтек, чөбүрөсү – Алымсарык, кибиреси – Кулансарык, эбереси – Оңолкан, эгенеси – Солохан, тегенеси – Акуул, убарасы – Аалы, аганасы – Шаамырза, абарасы – Аланшаа, чаганасы – Адил хан (Аттила), бегенеси – Амал хан.

*«Кырчын журналы»*

> ***Эсиңерге туткула!***
>
> Адамдардай эле айбанаттардын да, жердин, көлдүн, суулардын да энчиленген аттары болот. Алар ар дайым баш тамга менен башталып жазылат.
>
> **М и с а л ы:** *Ысык-Көл, Кумайык, Талас, Нарын, Сулайман тоо, Көкөмерен.*

**82-көнүгүү.** Өз алдыңарча адамдын, жердин, көлдүн, суулардын, тоолордун энчиленген аттарын катыштырып бир нече сүйлөм түзгүлө.

**83-көнүгүү.** Өз айылыңардагы жер аттары, көчөлөрдүн аттары жана коюлуу себептери жөнүндө чакан дилбаян жазгыла.

## §17. ЗАТТАРДЫН ЖАЛПЫ ЖАНА ЖЕКЕ АТТАРЫ

**84-көнүгүү.** Таблицаны көңүл коюп окугула, андагы заттардын энчилүү жана жалпы аталыштарын салыштырып, айырмасын белгилегиле. Сөздөрдөн тандап алып, төрт сүйлөм түзүп жазгыла.

| Заттардын жалпы аталыштары | Заттарга энчиленип коюлган аттар |
|---|---|
| тоо | Сулайман тоосу |
| дарыя | Көкөмерен дарыясы |
| көчө | И. Раззаков көчөсү |
| мектеп | Т.Айтматов атындагы мектеп |
| көпүрө | Үмөтаалынын көпүрөсү |
| өрөөн | Чүй өрөөнү |
| жылкы | Аккула |

? Жалпы ат менен жеке аттын айырмасы кандай?

**85-көнүгүү.** Төмөнкү жалпы аттарды окугула да, аларды катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Андан соң энчилүү ат коюп, салыштырып жазгыла.

Китеп, ат, бала, газета, журнал, күчүк, суу, көл.

**Ү л г ү:** *Мен кызыктуу китеп сатып алдым. Мен «Атадан калган туяк» деген китепти окудум.*

**86-көнүгүү.** Текстти көрктүү окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

### ҮМӨТААЛЫНЫН КӨПҮРӨСҮ

Көкөмерен дарыясы менен Нарын дарыясынын кесилишкен жеринде бир ажайып көпүрө бар. Аны жергиликтүү калк: «Үмөтаалынын көпүрөсү» – деп аташат.



www.bizdin.kg

Ал ажайып дегендей эле көпүрө. Көпүрө 1910-жылдарда салынган экен. Аны салган керемет уста Үмөтаалы деген адам болуптур. Үмөтаалы бул көпүрөнү салганда бир да мык, цемент, азыркыдай бекем тросторду пайдаланбаптыр. Ал узундугу 60 метр келген көпүрөнү салганда карагай, арчаларды жана ташты гана пайдаланган. Эч кандай куруучулук билими болбогон бул керемет устага таң калбай коюуга болбойт.

Көпүрө 1957-жылы эл тарабынан оңдолуп, бекемделип трос менен керилген.

Кылымды карыткан бул көпүрө бүгүн да күнү бүгүнкүдөй элге кызмат кылууда.

? 1. Көпүрө эмне үчүн «Үмөтаалынын көпүрөсү» деп аталып калыптыр? Силердин айылда ушундай адамдардын атынан аталган жерлер барбы? Эгер бар болсо, чакан текст түзгүлө. 2. Тексттен жалпы жана энчилүү аттарды жазып, салыштыргыла.

**87-көнүгүү.** Энчилүү, жалпы аттардан катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

## § 18. ЗАТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

**88-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окугула. Андагы кара тамга менен басылган зат атооч сөздөргө уланган мүчөлөрдүн өзгөрүүсүнө көңүл бургула.

### БЕКМУРЗА АГАЙ

Бизди **Бекмурза агай** окуткан.
**Бекмурза агайдын** айткан сөздөрү эсибизден кетпейт.
**Бекмурза агайды** Токтогулдагы Кызыл-Жазы айылынын эли өзгөчө сыйлашат.
**Бекмурза агайда** акыл менен билимдин кени жатсыйт. **Бекмурза агайдан** таалим алган окуучулар миң деп саналат.

www.bizdin.kg

**89-көнүгүү.** Жогорудагы көнүгүүдөгү зат атоочторго уланган мүчөлөрдү байкагыла. Эми ага салыштырып, өз алдыңарча иштегиле.

| | | |
|---|---|---|
| **Ү л г ү:** | **-нын** | Жамийланын (кимдин?) |
| | **-га** | Жамийлага (кимге?) |
| | **-ны** | Жамийланы (кимди?) |
| | **-да** | Жамийлада (кимде?) |
| | **-дан** | Жамийладан (кимден?) |

***Эсиңерге туткула!***

Сүйлөм ичинде сөздөрдүн байланышын көрсөтүп турган **-нын, -га, -ны, -да, -дан** мүчөлөрү **жөндөмө мүчөлөрү** деп аталат. Мына ошол мүчөлөргө ылайык өзгөрүп турушу сөздөрдүн жөндөлүшү болот.

**90-көнүгүү.** Таблицаны карагыла, андагы жөндөмөлөрдүн катар тартибин, суроолорун жаттап алгыла.

Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөр жана алардын суроолору төмөндөгүлөр:

**Атооч** – ким? эмне? кимдер? эмнелер?
**Илик** – кимдин? эмненин? кимдердин? эмнелердин?
**Барыш** – кимге? эмнеге? кимдерге? эмнелерге?
**Табыш** – кимди? эмнени? кимдерди? эмнелерди?
**Жатыш** – кимде? эмнеде? кимдерде? эмнелерде?
**Чыгыш** – кимден? эмнеден? кимдерден? эмнелерден?

? Кыргыз тилинде канча жөндөмө бар?

**91-көнүгүү.** Текстти окугула. Андан кара тамга менен басылган сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө турганын айтып бергиле. Андан соң, үлгүдөгүдөй иштегиле.



## УРКУЯ САЛИЕВАНЫН 18 ЖАШ КУРАГЫ

**Уркуя Салиева** Ноокат районунда **дыйкандын** үй-бүлөсүндө туулган. Ал бар болгону 23 жыл гана жашаган. Уркуя жашынан эле **Кыргызстанда** жаңы **турмушту курууга** активдүү катышкан. Зээндүүлүгү, активдүүлүгү үчүн, элинин бактысын сүйгөн бул кызды 18 жашында айыл кеңешине **төрагалыкка** шайлашкан. Жаштык курчтугуна салып, Уркуя жылдардын катаалдыгына карабай, эркектерче иштеген. Жаңы **замандын** душмандары Уркуяны үй-бүлөсү менен мууздап өлтүрүп, **үйүн** өрттөп жиберишкен.

Мындай элдик баатыр **кызыбыздын** образын таланттуу актриса Таттыбүбү Турсунбаева эжеңер «Уркуя» деген **фильмде** эң сонун кайра жараткан.

**92-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөмөлөргө жараша өзгөртүп жазгыла.

Окуучу, китеп, Бишкек, Жалал-Абат, көйнөк, жалбырак, шамал, күз, каникул, дептер, балта, Осмон.

## § 19. АТООЧ ЖӨНДӨМӨСҮ

**93-көнүгүү.** Жөндөмөлөрдүн таблицасын карагыла. Өзүнө тиешелүү мүчөсү жок жөндөмө кайсы экенин байкадыңарбы? Ага берилүүчү суроолор кандай экен? Айтып бергиле да, бир нече мисал жазгыла.

**94-көнүгүү.** Ыр-табышмактарды окугула да, жандырмагын тапкыла. Кайсы жөндөмөдө туруп, кандай суроолорго жооп берерин айткыла.

Аппак сүтүн эмизген,
Пакиза тамак жегизген,

Айым, Күнүм дегизген
Бул – ким?

Дээринде жакшы санаалаш,
Оюу бар жакын чамалаш,
Сөзү, иши таламдаш,
Бул – ким?

*А. Малаев*

Узун моюн, үч кулак,
Сырты кызыл, боору ак.
Жиптей ичке тили бар,
Сүйкүмдүү коңур үнү бар
Эмне – ал?

*М. Желдеңов*

***Эсиңерге туткула!***

Заттын, кубулуштун атын билдирип, ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берген жөндөмө **атооч жөндөмөсү** деп аталат.

**Мисалы:** *Ч. Айтматов (ким?), жылдыз (эмне?), окуучулар (кимдер?), карагайлар (эмнелер?)*

**95-көнүгүү.** Накыл кептерди окуп, маанисин түшүндүргүлө. Атооч жөндөмөдө турган сөздөрдү таап, бир нечесин дептериңерге көчүрүп алгыла.

## ЖУСУП БАЛАСАГЫН БАБАБЫЗДЫН НАСААТТАРЫНАН

Акыл көркү – тил,
Тилдин көркү – сөз.

Адамдын көркү – жүз,
Жүздүн көркү – көз.

Жоомарт кол - күчтүү колдон күчтүү.
Акыл, кеңеш бергенге кызмат кыл.



www.bizdin.kg

Алтын-күмүш жыйган бай эмес,
Сөз жыйган адам – бай.

? Атооч жөндөмөсүндөгү сөзгө мүчө уланат бекен?

**96-көнүгүү.** Текстти окугула да, тапшырмаларды аткаргыла?

## «ЭЛ АЛДЫНДА БИЙЛЕСЕМ» ДЕЙМ

Мен мурда мугалим болсом деп жүрчүмүн. Азыр бийчи болгум келип калды. Атактуу бийчилерди көрүп, өзүмчө кыялданам. Ошол үчүн бийчи болуп, эл алдында бийлесем деп алдыма максат коюп келе жатам.

Бүбүсара Бейшеналиева эжемдей атактуу бийчи болсом, элиме ак кызмат өтөгөн болор элем.

*«Кырчын»*

? 1. Кыз келечекте ким болгусу келет экен? Алдына кандай максат коюптур? 2. Сен келечекте ким болгуң келет? Кыялыңдагыны айтып бер да, чакан аңгеме жазып кел. 3. Атооч жөндөмөдө турган сөздөрдү таап, мүнөздөмө бер.

## *Чейрек боюнча кайталоо сабактары*

**I. Кайталоо үчүн суроолор:**

– Сөздү муунга кантип бөлөбүз?
– Муундун кандай түрлөрү бар?
– Сөздүн уңгусу жана мүчөсү деген эмне?

**II. Практикалык тапшырмалар:**

– Сөздөрдү муунга бөлүп, анын ар бир түрүнө мисал келтирип, жазып көрсөт.
– Сөздөрдү уңгу, мүчөгө бөл.
– Мүчөлөрдү түрлөрүнө ажыратып жазып, түшүндүрүп бер.

**III. Байланыштуу кепти өстүрүү жана талдоо үчүн тапшырмалар:**

АКЫЛМАН ЭЗОПТУН ТАМСИЛДЕРИНЕН

**Арстан менен түлкү**

Карыган арстан каруу-күчтөн тайып, азыгын таап жей албай калды. Анан ал анткорлонуп, оорумуш болуп үңкүрүнө бекинет. Көңүлүн сурап, көргөнү келгендерди билгизбей жеп жата берет. Айтор, токойдогу айбанаттардын көбү анткор арстанга жем болот. Ошондо куу түлкү аярлана басып, үңкүргө кирбей, алыстан ал-жайын сурайт.

– Жаманмын, – дейт каргылданган арстан, – неге кирбей, алыстан үн саласың?

– Өзүңө кирген из көп, чыккан из билинбейт. Ошондон улам жүрөгүм зырылдайт... – деген экен куу түлкү.





www.bizdin.kg

? 1. Анткор арстан кантип тамак таап жеди? 2. Куу түлкү кантип аман калды? 3. Адамдардан ушундай анткорлук жана куулукту көрдүңбү? Сен билген ушундай адамдар барбы? Билсең аңгемелеп айтып берчи.

## *Кайталоо сабагы*

**I. Кайталоо үчүн суроолор:**

– Айтылышы жана жазылышы бирдей болбогон сөздөр кандай сөздөр экен?

– Уңгулаш зат, сын, сан, этиш сөздөрү жөнүндө эмнелер эсиңерде калды?

– Зат атоочтордун жалпы жана энчилүү аттарынын кандай айырмасы бар?

**II. Практикалык тапшырмалар:**

Бул сөздөрдөн туура айтылышы менен жазылышын түшүндүргүлө: *каччы, ала карга, тонбу, нанбы, кечээ күнү.*

– *тоо, кызыл, беш, окуу* сөздөрүн катыштырып, уңгулаш сөздөрдү түзүп көрсөткүлө.

– *окуучу, Темирлан, жылкы, Аккула, күчүк – Короочу* сыяктуу мисалдардан бештен келтирип, алардын жалпы жана энчилүү аттары кайсылар экенин түшүндүргүлө.

**III. Байланыштуу кепти өстүрүү жана талдоо үчүн тапшырмалар:**

ЛИЛИПУТТАРДЫН ЦИРКИ

Лилипуттар – бою кыска адамдар. Аларды биз эргежээлдер деп атап коёбуз. Лилипуттардын бою кадимки

адамдардан эки-үч эсе кыска келет. Болгону 55–70 см, же салмактары 10–20 кг болушат. Ошол үчүн чоң кишилерге баладай эле көрүнөрү ыктымал. Бирок алар өзүлөрүн «кичинекей кишилер», «эргежээлдер» дешсе, анчалык жактырышпайт.

Алар ар нерсеге шыктуу, өнөрлүү келишет. Өзгөчө, «Лилипуттардын» цирки дүйнө элдерин таң калтырып келет. Кайсы элде болбосун, бала дебей, чоң дебей кызыгып көрүшөт. Алар татаал цирк оюндарын эң эле чебердик менен аткарышат.

? 1. Лилипуттар деген кимдер? 2. Лилипуттардын циркин көрдүңөр беле? Алар кандай экендиктери эсиңерде барбы? Көрсөңөр, өз алдыңарча лилипуттар жөнүндө чакан аңгеме жазгыла.



www.bizdin.kg

# II ЧЕЙРЕК

**Бул ирет мурунку чейректе үйрөнгөнүбүздү улантабыз:**

* *Зат атоочтордун жөндөлүшүн толугу менен үйрөнөбүз, машыгабыз;*

* *Сын атооч сөз түркүмүнүн табиятын үйрөнөбүз. Заттын өңүн, формасын, даамын кандай сын атоочтор билдирерин жана да сын атоочтун даражалары жөнүндө алгач ирет түшүнүк алабыз;*

* *Үйрөнгөндөрүбүздү жөн гана жаттабай, өзүбүздүн сөзүбүздө сын атооч сөз түркүмүнүн кантип жолугарын талдап билели.*

www.bizdin.kg

## § 20. ИЛИК ЖӨНДӨМӨСҮ

***Илик жөндөмөсүндөгү*** заттар бир нерсенин кимге, эмнеге таандык экендигин билдирет да, ***-нын*** мүчөсүнүн жардамы аркылуу жасалат.

*Кимдин? эмненин?* деген суроолорго жоор берет.

**М и с а л ы:** *Ата**нын** баласы, эне**нин** сүтү, бала**нын** тилеги, кыш**тын** суугу, күн**дүн** чыгышы.*

**97-көнүгүү.** Берилген сөздөргө илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап айткыла.

Кылым, таене, капчыгай, мугалим, булак, достук, боз үй, көөкөр, ышкын, карагат.

**98-көнүгүү.** Үлгүгө ылайык иштегиле.

БАЛДАРЫН ТААП БЕРГИЛЕ

| | | |
|---|---|---|
| Коён | | чие |
| Аюу | | жөжө |
| Карышкыр | | күчүк |
| Чычкан | **-нын** баласы | мамалак |
| Түлкү | | улак |
| Эчки | | чаарчык |
| Ит | | бачики |
| Топ | | бөлтүрүк |
| Элик | | коёнек, бөжөк |

**Ү л г ү:** *Чычкандын баласы – чие.*

**Билип ал:** жаңы туулган баланы кээде чиеге салыштырышат.

**М и с а л ы:** *Анын чиедей эки баласы бар.*

**99-көнүгүү.** Окугула. Илик жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн астын сызгыла.



Кайран энең Каныкей,
Он эки кыздын кенжеси.
Ошончо кыздын эркеси,
Кең көйнөктүн тазасы.
Зайыпзаттын паашасы,
Кара сурдун сулуусу,
Аялзаттын нурлуусу.
Узун чачтын ыктуусу.
Ак жоолуктун мыктысы,
Акылга дыйкан эң билгич,
Касиеттүү жан эле.

*С. Каралаев*

**100-көнүгүү.** Юморду окуп, илик жөндөмөдө турган сөздөргө суроо бергиле.

### МЕНДЕЙ МЕНЕН СЕНДЕЙДИН ЖОРУКТАРЫНАН

**«Иттин баласы»**

– Ата, – деди Сендей бир күнү, – бир киши менин сенин балаң экенимди билбейт экен.

– И... Ким экен ал? Ал эмне деди?

– Билбейм... Ал мени: «Иттин баласы турбайсыңбы?» – дебедиби.

*С. Рысбаев*

*Эсиңерге туткула!*

**-нын** мүчөсү айрым учурда көмүскөдө калып айтылат.

**М и с а л ы:** *Азиз хан уулу Алмамбет.*

*– Кимдин уулу Алмамбет?*

*– Азиз хандын уулу.*

Же болбосо: *Айкөл Манас Сыргагы.*

– Кимдин Сыргагы?

*– Айкөл Манастын Сыргагы.*

www.bizdin.kg

**101-көнүгүү.** ***-нын*** мүчөсүнүн көмүскөдө калган учуруна төрт сүйлөм түз.

**Ү л г ү:** *Күн желеси: Күн желеси түркүн түрлүү түскө ээ.*

**102-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөргө илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап жазгыла. **«Т»**, **«д»** тыбыштарынын катар келген учурларына көңүл бургула.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Болот | Порт | Телевизор | Компьютер |
| Кит | Кант | Завод | Мамбет |

## § 21. БАРЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

**103-көнүгүү.** Окугула. Кара тамга менен басылган сөздөргө суроо бергиле. Уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

### *Кулагыңа күмүш сырга!*

1. **Улууга** – урмат, **кичүүгө** – ызат.
2. **Жакшыга** бир сөз, **жаманга** миң сөз.
3. **Малга** жарды болсоң да, **сөзгө** жарды болбогун.

***Барыш жөндөмөсүндөгү*** заттар кыймыл-аракеттин кимге, эмнеге багытталгандыгын билдирет да, *кимге? эмнеге?* деген суроолорго жооп берет.
Негизги мүчөсү **-га (-ка, -ке, -кө, -ге, -го, -гө).**
**М и с а л ы:** *Изатка, келечекке, текчеге.*

**104-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү барыш жөндөмөсүнө жөндөгүлө. Аягы к тыбышы менен бүткөн сөздөргө көңүл бөлгүлө.

Жоолук, гүлкайыр, жоогазын, бетеге, пейзаж, Айгерим, сүлгү, түлөө, лицей, чамгарак, терек, күздүк.



**105-көнүгүү.** Берилген сөздөргө барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн жалгагыла. Дептериңерге жазгыла.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Бала | | | Чүй | | |
| Эне | | | Жумуш | | |
| Көл + | -га | **бардым** | Дүкөн + | га | **бардык** |
| Тоо | | | Мектеп | | |
| Шаар | | | Конок | | |

**106-көнүгүү.** Окугула. Барыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтор катышкан сүйлөмдөргө көңүл бургула.

### ЧОМОТОЙ САЯТЧЫ

Чомотой саятчы бардык куштун тилин билген. Бир күнү саятчыга кузгун келди. Экөө көпкө аңгемелешти. Бир маалда кузгун ыйлап жиберди. Муну көрүп, Чомотой чоочуп кетти: «Эмне болду, Күке! Байбичең көрүнбөйт, сыркообу?»

«Ар жылы алтыдан балапандуу болобуз. Чоңоюп темир канат болгондо эле, уянын кырына чыгабыз деп, учуп өлүп калышат. Бүгүн кемпирим кайтарып калды» – дейт.

Чомотой кузгунга бир түрүм шоона берет. Кузгун саятчынын акылына ыраазы болот. Ошондон кийин балдарын уяга бутунан байлап бекитип калган экен.

***Сөздүк:***
1. Саятчы – куштун тилин билген адам.
2. Шоона – эчкинин кылынан жүнгө аралаштырып эшилген жип.

**107-көнүгүү.** Окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

### *Кулагыңа күмүш сырга!*

**«Эринчээкке эшик – арт».** Бул нусканы залкар жазуучубуз Түгөлбай Сыдыкбеков мындай деп чечмелейт:

«Эринчээкке эшик – арт, эринчээк болбо, балам, – дечү энем.

– Эшик артың эмне, эне? – десем.

Арт – бул ашуу. Эринчээк кишиге эшик ачып чыгуу ашуу ашкандай көрүнөт, – дээр эле энем.

Ушул сөздү кийин мен Махмуд Кашкарынын китебинен окудум.

? 1. Эринчээк дегенди кандай түшүнөсүң? 2. Макалды жазып ал, эсиңе тут, сөзүңө кошуп сүйлө. 3. Барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган сөздөрдү таап, түшүндүр.

## § 22. ТАБЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

Табыш жөндөмөсү кыймыл-аракет багытталган затты билдирип турат. *Кимди? эмнени?* деген суроолорго жооп берет.

Негизги мүчөсү: **-ны (-ни, -ну, -нү, -ды, -ди, -ду, -дү)**

**М и с а л ы:** *Гимнди, инини, куштү, Темирди, Берметти.*

**108-көнүгүү.** Сүрөттөгү заттардын атын жазып, аны табыш жөндөмөсүнө жөндөгүлө.





www.bizdin.kg

**109-көнүгүү.** Окугула. Табыш жөндөмөдөгү зат атоочтор- ду терип жазгыла.

### БУУДАЙЫК

Тектирдеги текени,
Терип алды, Буудайык.
Куюлушта кулжаны,
Кууп алды, Буудайык.
Эңкейиште эчкини,
Эңип алды, Буудайык.
Адырдагы аркарды,
Дагы алды, Буудайык.
Будурдагы бугуну,
Барып алды, Буудайык.

*Молдо Кылыч*

Табыш жөндөмөсүнүн **-ны** мүчөсү айрым учурда көмүскөдө калып айтылат.

**Байкоо жүргүзөбүз:**

Апам **нан** бышырды. Таштанбек **белек** алды. Айбек **жылкы** айдап келди.

? Кара тамга менен басылган заттарга суроо бергиле.

**110-көнүгүү.** Окугула. Тексттеги кара тамга менен басылган эки сүйлөмдү дептериңерге жазып койгула. Жөндөмөлөр боюнча талдагыла.

***Кулагыңа күмүш сырга!***

**1. Узун жолду кыскарт.** Күндөрдүн бир күнүндө Жээренче чечен уулу Төлөмырза менен жолго чыгат. Жалгыз уулунун жанына тынчы жок, сөзүнүн чыны жок, жайсыз чыгып калганына капа болот.

www.bizdin.kg

Баласын сынап көргүсү келет. «Балам, узун жолду кыскарт», – дейт. Төлөмырза аттан түшө калып, жолду кетмендеп кирет. Жээренче чечен: «Кетмен менен кыскарта албайсың, балам». «Узун жолду кыскарт» деген өткөн-кеткенден кеп сал деген сөз. Кеп эрмек болот, адамга жолдун кандай өткөнү билинбей калат, узун жолду жүрүштүү ат менен кызык сөз кыскартат – дейт.

2. Дагы бир топ узагандан кийин: **«Балам, ат жалына казан ас»** – дейт. Төлөмырза түшө калып, ат жалына казан аса коюп, өрттөп жиберет.

? Эгер Төлөмырзанын ордунда болсоңор эмне кылмаксыңар?

**111-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла. Көмүскүдөгү **-ны** мүчөсүнө көңүл бургула.

### БУДАЙЫК

Көсөө куйрук, көк даңгыт,
Карышкыр алды, Буудайык.
Чагарак куйрук, чара жон,
Жолборс алды, Буудайык.
Арсаң-арсаң жүгүргөн,
Аюу алды, Буудайык.

*Молдо Кылыч*

## § 23. ЖАТЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

**112-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп көчүргүлө.

Аяздын көркү муз... бар.
Алгырдын көркү куш... бар.
Тамактын көркү туз... бар.
Саамайдын көркү кыз... бар.



Жамгырдын көркү туман...,
Бүркүттүн көркү кыраан...
Байкабай жүрсөң кокустан
Кор болосуң жаманга.

*Токтогул*

Жатыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтор кыймыл-аракеттин каерде болгонун, кимде, эмнеде экендигин, ордун билдирет. *Кимде? эмнеде? кайда?* деген суроолорго жооп берет.

Мүчөлөрү: **-да (-де, -до, -дө, -та, -те, -то, -тө).**

**М и с а л ы:** *Нурсултан айылда эс алды. Алма табакта. Ачкыч – Берметте.*

**113-көнүгүү.** Суроо-жоопторду окуп көргүлө. Көп чекит коюлган жердеги мүчөлөрдү өзүңөр улагыла. Жаттап алгыла.

### АТАЛАРДЫН СӨЗҮНӨН

Эмнеде көпүрө жок?
–Көл... көпүрө жок.
Эмнеде тирөөч жок?
–Асман... тирөөч жок.
Эмнеде каймак жок?
–Кара суу... каймак жок.
Эмнеде тамыр жок?
– Таш... тамыр жок.
Эмнеде жан жок?
– Дөңгөч... жан жок.
Эмнеде тил жок?
– Балык... тил жок.
Эмнеде сүт жок?
– Куш... сүт жок.

**114-көнүгүү.** Окугула, жатыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү таап жазып, уңгу-мүчөгө ажыраткыла.

### ЖАЙЛООДО

Таштан жайында жайлоодо болду. Атасы Абдылда Кара-Коюнда мал багат. Жайлоодо аба таза. Түрдүү чөптөрдүн жыты буруксуйт. Сайда көк каша суу.

Сууда балык көп. Желеде байланган бээлер, сабада бал кымыз толуп турат.

Таштан бир жолу эртең менен бээ айдап келгени барды. Көргөн көзүнө ишенген жок. Үйүрдөн алыс эмес тектирде кийиктер оттоп жүрүптүр.

? 1. Силер жайлоодо болдуңар беле? Жайлоодон кандай жаныбарларды көрдүңөр эле? 2. Текст боюнча 2–3 суроо түзгүлө.

**115-көнүгүү.** Көнүгүүнү схема боюнча иштегиле.

Биз — Кайда? / Кимде? / Эмне? — **болдук?**

**Ү л г ү:** *Биз таятамдыкында болдук.*

## § 24. ЧЫГЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

**116-көнүгүү.** Накыл сөздөрдүн маанисин түшүнүүгө аракеттенгиле. Кара менен басылган сөздөргө суроо бергиле.

Асыл – **таштан,** акыл – **баштан.**

**Бекерчиден** безе кач, **ушакчыдан** көчө кач, **адепсизден** алыс кач.

**Аюудан** корккон отунга барбайт.

Мурунку чыккан **кулактан,** кийинки чыккан мүйүз озуптур.

> **Чыгыш жөндөмөсүндөгү** заттар кыймыл-аракеттин башталган ордун, нерсенин эмнеден жасалганын, кимден алгандыгын билдирет.
> Суроолору: *Кимден. Эмнеден? Каяктан?*
> Негизги мүчөсү: **-дан (-дон,-дөн,-тан,-тон,-тен, -төн)**



www.bizdin.kg

**117-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөргө чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап, сүйлөм түзгүлө.

Акыл Карачач, боз чымчык, апам, бүркүт, торт, дүкөн.

**118-көнүгүү.** Ырларды көркөм окугула. Салыштыргыла. Чыгыш жөндөмөсүндөгү зат атоочторду көрсөткүлө.

### АККАН СУУ

Жер бетине бүткөн кум,
Кумдан ойноп чыккан суу.
Жаркырап жердин койнунан
Жайнап чыккан аккан суу.
Булак болуп тоолордон
Кайнап чыккан аккан суу.

*Барпы*

### АККАН СУУ

Ак кыянын боорунан
Агып чыккан аккан суу.
Зоодон сынбай бир жери
Кулап түшкөн аккан суу.
Аяк-башын үзүлтпөй
Улап түшкөн аккан суу.

*Жеңижок*

**119-көнүгүү.** Окугула, сөздүн маанисин түшүнгүлө.

***Кулагыңа күмүш сырга!***

Суу – өмүр, ал адамдын гана эмес жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн каны. **«Аккан сууну булгаба»**,– деп айтышкан ата-бабаларыбыз. Булактардын көзүн ачып, суу жээгине ыплас нерселерди жолотпой, таза урунуш-

www.bizdin.kg

кан. Токтогул, Барпы, Жеңижок сыяктуу акындар суу жөнүндө көп ырдашкан.

Адамзат пендеси,
Аккан сууну булгаба!
Суу сыйлаган зор болоор,
Суу кордогон кор болоор.
Акыл менен ойлоп ал,
Айткан жокмун тим гана.

! Акын Жеңижоктун ырын жаттап ал.

**120-көнүгүү.** Көп чекиттердин ордуна тиешелүү зат атоочторду коюп көчүргүлө. Суроо бергиле.

1. ... ун алынат. ... нан, токоч, камыр жасалат. 2. Сүт ... саалат. .... айран, быштак, сүзмө даярдалат. Аларды даяр түрүндө ... сатып алабыз. 3. Жүн... кыркылат. 4. ... бут кийим жасалат. 5. Кымыз ... жасалат.

## *Машыгуу сабагы*

**121-көнүгүү.** Текстти окугула. Кара менен басылган сөздөрдү уңгу-мүчөгө ажыраткыла.

### САРТ АКЕНИН НАСААТЫНАН

– Көзүң жерип турса да, оюңа келгендей иш кылба. Билгендер менен кеңеш. Ар ишти ойлонуп башта, оңунан аякта.

Адамдын шагын сындырып, өзүңө душман кылба. Душман деген оор илдеттен да жаман. Душманды тилге келтирсең да, дилин тазартуу кыйын.

*Б. Максцутовдон*

**122-көнүгүү.** Окугула. Зат атоочторду тапкыла. Алардын кайсы жөндөмөдө экендигин ажыраткыла.



### ТАБЫШМАК

Табышмак – адамдагы тапкычтыкты, сезгичтикти, акылдын курчтугун сынаган элдик өнөр.

Элибизде табышмак айтышкан таймаштар болгон. Анда эки топко бөлүнүп алып, кезек менен табышмак катышкан. Утулуп калган тарапты уткандар «сатышкан».

«Колуңду Коконго сатып, конок алдырам. Бутуңду Букарга сатып, буудай алдырам» – деп жеңилгендерди уяткарышкан. Кыздар, балдар намыс алдырбаш үчүн табышмакты көп билүүгө аракет кылышкан.

! Өзүңөр да табышмак айтышып, мелдешкиле.

**123-көнүгүү.** Билген табышмактарыңардан эки-үчтү жазгыла. Андан зат атоочторду тапкыла. Астын сызып, жөндөмө мүчөсүн аныктагыла.

**124-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, зат атоочторго суроо бергиле.

Окуу – түндө алдыңдагы шам чырак,
Билим алсаң мандай ачык жаркырап.

Окуу, билим көп нерсеге жеткирет,
Бул экөөнөн урмат-сыйды көп көрөт.

Сокур дешет билимсизди, жөн дебе,
Окуу гана жарык чачат дүйнөгө.

*Ж. Баласагын*

**125-көнүгүү.** Окугула, кара тамга менен басылгандарын көчүрүп жазгыла. Зат атоочтордун кайсы жөндөмөдө экендигин көрсөткүлө.

## ТАШТАН ТАРАМЫШ, КУМДАН ӨТҮК ТИГҮҮГӨ БОЛОБУ?

**Жээренче чеченге** Жаныбек хан жигитин жиберип: «Отуз **күндүн** ичинде **таштан** тарамыш кылып, **кумдан өтүк** тигип берсин», – деп буйрук кылды...

? Жээренче чечен таштан тарамыш кылып, кумдан өтүктү кантип тикти? Жомокту «Кыргыз эл жомокторунан» таап, окуп келгиле.

## *Кайталоо сабагы*

**126-көнүгүү.** Текстти окугула. Зат атооч сөздөрдү жазгы-ла. Жөндөмөлөр боюнча талдагыла.

### КУРКУЛДАЙДЫН УЯСЫ

Шар суунун боюнда, талдын бутагына илинген кичинекей «баштыкчаны» көрдүң беле? «Баштыкча» сууга тиер-тиймексен болуп салаңдап турат. Ага жетишиң да кыйын. Бул – куркулдайдын уясы.

Куркулдай уясын кыл-кыбырды тыбыт, жүнгө аралаштырып, тумшугу менен токуйт. Капталынан ооз чыгарып коёт.

Уя жасоо жагынан куркулдайга бир да канаттуу тең келе албайт.

**Сөздүк:**

***Куркулдайдын уясындай*** – жылуу, жумшак, ыңгайлуу деген маанидe.

**127-көнүгүү.** Чекиттердин ордуна тиешелүү зат атоочтор-ду койгула.



Карганын ............ ............ ............ ............ → уясы

Суурдун ....... ......... ......... ......... → ийини

**128-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна жөндөмө мүчөлөрүн коюп, окугула.

### САРЫ ТАЗ

Илгери Кыйран деген ууру болуптур. Ал жашынан малдуу... мал койбой уурдап жүрүп, Кыраан ууру аталып кетиптир.

Баласы Сары таз да чуулуу чыгат. Бир күнү Кыраан: «Карып баратам. Балам, өнөрүм... алып калчудайбы»,– деп Сары таз... сынайт. «Мен терек... башына чыгып, басып жаткан сагызган... жумуртка... уурдап келем. Сен карап тур», – дейт.

Атасы терек... чыгып, сагызган... жумурткасын уурдап келет. «Көрдүңбү балам, өнөр... күчүн», – дейт мактанып. Анда Сары таз: «Кокуй, ата шымың кана!» – деп чочуйт. Баласына ыраазы болгон ууру: «Анык өзүмдү тартыпсың» – деп бата... берет.

*Кыргыз эл жомокторунан*

? 1. Ууру: «Көрдүңбү, балам, өнөрдүн күчүн», – дейт. Эмне, уурулук өнөрбү? 2. «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат»– дейт макалда. Анда жетимиш өнөрдүн бири уурулукпу?

**129-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла. Атооч жөндөмөдөгү заттардын астын сызгыла. Макалдардын маанисин чечмелеп бергиле.

### *Аталардын сөзү*

1. Мээнетиң катуу болсо, тапканың таттуу болот.
2. Уурунун жолу кууш.
3. Адал эмгек абийир таптырат,
   Арам эмгек азабын тарттырат.



www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

## § 25. СЫН АТООЧ

**130-көнүгүү.** Табышмактарды окугула. Жандырмагын кайсы сөздөрдүн жардамы менен табууга болот? Ал сөздөрдү көчүрүп жазып, суроо бергиле.

1. Сырты бирөө-тоголок,
Ичинде миң сан томолок.

2. Капкара курсагы бар,
Керең кулагы бар.

3. Суюк, бирок суу эмес,
Ак, бирок кар эмес.

4. Жыл мезгилин ылгабайт,
Жайы-кышы жапжашыл.

5. Өзү кардай аппак,
Жесең таттуу тамак.

? Жандырмагын таптыңарбы? Таппасаңар кийинки көнүгүүдөн издегиле.

**131-көнүгүү.** Төмөндөгү заттарды сүрөттөп жазгыла.

Анар, казан, сүт, арча, кумшекер.

**Ү л г ү:** *Анар - тоголок, кызыл, ширелүү. Шириси таттуу.*

> ***Эсиңерге туткула!***
>
> Сын атооч заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, көлөмүн көрсөтөт, *кандай? кайсы?* деген сурооолорго жооп берет
>
> Мисалы: *кызыл, ак, кыйгыл, супсак, ийри, майда, кууш, картаң.*

**132-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна көрсөтүлгөн сын атоочтордун мааниси туура келгенин таап койгула.



1. ... кар түштү. 2.Таятамдын... китептери бар. 3. Чоң атам... киши. 4. Апам... шырдактарды жасады. 5. Бөбөгүмдүн тили... .

*(Таттуу, сонун, аппак, ак көңүл, кызыктуу)*

**133-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла, сын атоочтордун астын сызгыла.

Пил – абдан зор жаныбар. Узун тумшуктары менен жоон устундарды көтөрүп ташыйт.

Пил өзү чоң болгону менен чычкандан коркот. Эмне үчүн? Кипкичинекей чычканды ошончо күчтүү деп ойлойсуңбу?

**134-көнүгүү.** Заттардын даамын, көлөмүн, өңү-түсүн сыпаттап, үлгү боюнча жазгыла.

Карагат, кымыз, боорсок, бөбөгүм, алма.

**Ү л г ү:**
*Ким?*
*Эмне?*
*Кандай?*

Алма — тоголок, таттуу, кычкыл, ак, кызыл

***Билип алалы!***

### УЛУУ АДАМДАР СИЛЕРДЕЙ КЕЗИНДЕ КАНДАЙ БОЛГОН?

**В. Гёте**

Улуу акын кичинесинде дарактардын жалбырактарын чогулткан жакшы көрчү экен. Ошондуктан Гётенин бөлмөсү, айрыкча күз айларында, жалбырактарга толуп кетүүчү. Жалбырактар керебеттен тартып жаздыгынын астында, андан кийим салган сандыгынын ичине чейин бапырап жатчу.

www.bizdin.kg

Таң калычтуусу, бирөө жалбырактарды талаага чачып жиберген жеринен да жазбай таанып, кайра чогултуп алчу экен.

## § 26. ЗАТТЫН ӨҢҮН-ТҮСҮН БИЛДИРГЕН СЫН АТООЧТОР

**135-көнүгүү.** Сүрөттөрдөгү заттардын өңүн-түсүн атап жазгыла. Табышмактарды жандыргыла.



Өтө баалуу бир зат бар,
Сүйлөгөндү билбеген.
..., .., ..., көздөрүн,
Ирети менен ирмеген.



Кичине гана ... киши.
Өзү ичкери, сакалы
тышкары



Жайында ысыкты дегдейт,
Кышында суукту сезбейт.
Кийгени ... жибек,
Жылы бою чечпейт.



... сакал киши бар,
Санап бүткүс тиши бар.



**136-көнүгүү.** Маекти ролдоштуруп окугула. Түстөргө мүнөздөмө бергиле.

### ТҮСТӨРДҮН МАЕГИ

**Ак:** Мен акмын. Дүйнөдө эң биринчи мен жаралгам. Ак жол, ак мөңгү, ак булут, ак кебез... Ушулардын баары менин атымды алып жүрөт.

Актыгыма ыраазы болгон адамзат кээде аппак, апакай деп да айтат.

Бардык жакшылыкты мени менен аташат. Ак тилек, ак ниет, ак дасторкон, ак нан, ак көңүл...

**Кара:** Мени көбүнчө ак менен карама-каршы маанide салыштырышат. Кара кой, кара торпок, кара эчкинин эмнеси жаман?

Акты деле кара менен кыюулап жатпайбы. Кара көз, кара каш, кара чач кыздардын ак жүзүнө жарашык берип турат. Алды калың кара жер деп менин күчтүүлүгүмдү даңазалашат.

Адамдардагы пейил оңолсо, кара ниет деген сөз жоголот эле.

**Жашыл:** Мен жаратылыштын өңүмүн. Чөп, арча, жалбырак... баары мага окшош.

**Көк:** Чөптүн өңү сага окшош болсо деле, менин атым менен аташат. Жашыл чөп деп айтканды уктуң беле? Көк чөп, көк шибер дешет да!

Көлдүн көйнөгү да меникиндей. Көк көл, көк асман, көк муз... – баары менмин.

**Сары:** Менин түсүм күндө бар. Алтын да мага окшош.

*Ч. Исакова*

! Кызыл түстүн сөзүн өзүңөр түзүүгө аракеттенгиле.

**137-көнүгүү.** Өң-түстү билдирген сөздөрдөн 10 мисал жазгыла.

**138-көнүгүү.** Заттардын түсүн кошуп, сөз айкаштарын жазгыла.

... жалбырак, ... көйнөк, ... пальто, ... калпак, ... жоолук, ... өтүк, ... шибер,... кийиз, ... жип, ... көз, ... тебетей, ... дасторкон, ... жууркан, ... туш кийиз, ... сандык, ... куржун, ... музоо, ... улак, ... козу, ... ат.

**139-көнүгүү.** 1. Ырды көчүрүп жазып, жаттагыла.

Баладай ыйлап жатты булут улуп,
Басылды улутунуп, улутунуп.
Соңунан кызыл, жашыл желе түштү.
Бир калган буюм сындуу унутулуп.

*С. Эралиев*

2. Булут, асман, батып бараткан күндү элестетип сүрөт тарткыла. Сын атоочторду атап, сүйлөм түзгүлө.

## § 27. ЗАТТЫН ФОРМАСЫН, КӨЛӨМҮН, ДААМЫН БИЛДИРГЕН СЫН АТООЧТОР

**140-көнүгүү.** Форма жана көлөмдү билдирген сын атоочторду өзүнчө, даамды билдиргендерди өзүнчө бөлүп жазгыла.

Жумуру, ачуу, кычкыл, терең, кеңири, узун, ширин, таттуу, тегерек, туздуу, ачкыл.

**141-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдү сыпаттап, формасын, даамын атап айткыла.









www.bizdin.kg

**142-көнүгүү.** Жаңылмачтарды тез-тез айткыла. Сын атоочторду тапкыла.

1. Асманда эки айры куйрук:
Бири ак кыска айры куйрук.
Бири кара кыска айры куйрук.
Ак кыска айры куйруктуу айры куйрук,
Кара кыска айры куйруктун жолун тосот.
Кара кыска айры куйруктуу айры куйрук,
Ак кыска айры куйруктун жолун тосот.

2. Чоң ача таш,
Кичи ача таш.

3. Сүт үстүндө кам каймак,
Ал бал каймак, бал каймак.

**143-көнүгүү.** Окугула. Сын атоочторду зат атоочтор менен бирге көчүрүп жазгыла.

Муздак, ээн, кыймылдаган жан жок, дардайган ордо гана турчу. Кардан жасалган чоң залдын ортосунда муз болуп тоңуп калган көл туруучу...

Кай суукка үшүгөндүктөн көпкөк болуп кеткен. Бирок үшүгөнүн сезчү эмес, анткени кар ханышасы өпкөн сайын ал суукка чыдамдуу болуп бүткөн. Анын үстүнө, өзүнүн жүрөгүндө муштумдай муз турбайбы...

*Х. К. Андерсен*

**144-көнүгүү.** Сүрөттү карап, аңгеме түзгүлө. Аңгемеңерде сын атоочтун түрлөрү катышкандай болсун.



## *Машыгуу сабагы*

**145-көнүгүү.** Ырды окуп, сын атоочторду тапкыла.

Айылдагы бөбөктөр,
Азоо тайды минишет.
Ат жабдыгын сурасаң,
Абдан жакшы билишет.

Тердик, желдик, көрпөчө,
Тизгин, суулук, жүгөн – дейт.
Ак каңкы ээр, басмайыл,
Ат жабдыгы түгөнбөйт.

Ашкан күлүк ат мына,
Арпа берип баккыла.
Жал-куйругун түйгөн соң,
Жибек жабуу жапкыла.

*А. Рыскулов*

**146-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдү сыпаттап жазгыла.

**Ү л г ү:** Ат – *күлүк ат, ак боз ат.*



**147-көнүгүү.** Мүнөздү билдирген бул сын атоочторду сыпаттап айткыла.



www.bizdin.kg

Жумшак, чорт, орой, ак көңүл, кара санатай, шамдагай, шум, шайыр, жоош, момун, кибир, арамза, ач көз, сараң, март, берешен, аңкоо.

**148-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү жазып, сын атоочтордун астын чийгиле.

Момун чал момун дегенчелик эле адам. Эл аны элпек Момун деп атап калган. Айтканынан чыкпаган мындай жоош жумушчуну кайдан табат.

*Ч. Айтматов*

**149-көнүгүү.** Досуң же бөбөгүң жөнүндө аңгеме түз. Сын атооч сөздөрдү катыштыр. Аларды сыпаттап, мүнөзүн жаз.

## § 28. СЫН АТООЧТОРДУН КЕПТЕГИ МААНИСИ

> Сын атооч ойду так, уккулуктуу, түшүнүктүү кылып баяндоого жардам берет.

**150-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү жана сөз тизмектерин окугула. Бири-биринен айырмасын түшүндүргүлө. Анан бир нече сүйлөм түзгүлө.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Китеп | *кызыктуу китеп* | топ | *чоң топ* |
| Алма | *таттуу алма* | тумак | *жылуу тумак* |
| Окуучу | *алдыңкы окуучу* | адам | *мээрман адам* |

**151-көнүгүү.** Ырды окугула. Эгерде сын атоочтор болбосо, корозду кантип сүрөттөйт элек?

### КОРОЗ

«Ку-ка-ре-куу», короз,
Таажың кооз.
Алмадай жүзүң,
Мончоктой көзүң.
Мойнуң ийрек,
Сакалың жибек.

Куйругуң чатыр,
Уйкусу жок баатыр.
Мынчалык эрте
Тургансың неге,
Ырда, кана,
Үнүңдү кере.

*Р. Рыскулов*

www.bizdin.kg

**152-көнүгүү.** Сүрөт боюнча үч сүйлөм түзгүлө. Жаныбарлардын көрүнүшүн сыпаттагыла.







**153-көнүгүү.** Жомоктун үзүндүлөрүн окугула. Сын атооч катышкан сүйлөмдөрдү бөлүп көчүргүлө.

1. Чыпалак деген бала чыпалактай эле болгон экен. Балдыркандын жалбырагына көлөкөлөп уктап калса, ошол жерде оттоп жүргөн төө жалбырак менен кошо аймап коюптур. «Төө жутканын билбейт, кепшегенин билет» деген ошондон улам айтылып калган го.

2. Анда ичинен Чыпалак шыбырайт: Ташматка бар, койлору семиз! Байматка бар, иттери дүлөй. Эрматка бар, койчулары уйкучу.

*Ч. Айтматов*

**154-көнүгүү.** Сын атоочтордун карама-каршы маанилерин таап жазгыла.

| | |
|---|---|
| Семиз – ... | Мерез – ... |
| Уйкучу – ... | Элпек – ... |
| Чоркок – ... | Кара ниет – ... |
| Шалаакы – .... | Берешен – ... |
| Мээнеткеч –... | Кууш – ... |

**Ү л г ү:** *Шайыр – түнт. Момун – долу.*



**155-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Сулуу, кооз, нысаптуу, коркунучтуу.

## *Машыгуу сабагы*

*Эсиңерге туткула!*

Сын атоочтор зат атоочтор менен айкалышып айтылып, сөз тизмектерин түзүшөт.

**М и с а л ы:** *аппак кар* (кандай кар?), *жылуу тон* (кандай тон?)

**156-көнүгүү.** Сын атоочторду зат атооч сөздөрү менен чо-гуу көчүргүлө. Суроо бергиле.

1. Узун жолду кыскарт. 2. Кызык кеп кулактын черин жазат. 3. Чытырман токойдо эмнелер гана жок. 4. Чынар аппак кайыңдын көлөкөсүндө ойноп отурду. 5. Темир сандыкка тепкедей ачкыч керек. 6. Томуктай ишти тоодой сөз кылуу жарабайт.

**Ү л г ү:** *Тепкедей ачкыч* (кандай ачкыч?)

**157-көнүгүү.** Зат атоочторго сын атооч сөздөрдү маанисине ылайык айкаштырып, сөз айкаштарын түзгүлө.

...мөңгү, ... муз, ... тоок, ... ит, ..., көл, ... кыз, ... окуучу, ... бай, ... суу, ... жигит, ... жалбырак, ... алма, ... коон, ... сагызган, ... түлкү, ... фильм, ... окуя.

**Ү л г ү:** *Ак мөңгү.*

**158-көнүгүү.** Чекиттердин ордуна -луу, -сыз мүчөлөрүн кой-гула. Суроо бергиле.

Жаңгак ... токой. Булак ... жайлоо.
Булут ... асман. Көз ... шакек
Шамал ... жер. Эл ... талаа.
Туз... тамак. Кант ... чай.
Балык... суу. Ай ... түн.

**Ү л г ү:** *Жаңгактуу токой. Жаңгаксыз токой* (кандай токой?)

**159-көнүгүү.** Көп чекиттердин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улагыла.

1. Арыктын жээги жалбыз... 2. Карагай..., тактай..., көпүрө салат балта... . 3. Кыз... үйдө кыл жатпайт. 4. Кымыз... үйдөн киши үзүлбөйт. 5. Суу... жашоо болбойт. 6. Ысак чоң атам билим... адис болчу.

## § 29. СЫН АТООЧТУН ДАРАЖАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

*Эсиңерге тутуңула!*

Сын атооч заттын сын-сыпатын жайынча, салыштырып жана күчөтүп көрсөтө алат.

**Мисалы:** *көк – көгүш – көпкөк, ак – агыш – аппак*

**160-көнүгүү.** Таблицаны окуп, түшүндүрүп бергиле жана бир нече сүйлөм түзгүлө.

| Жайынча даража | Салыштырма даража | Күчөтмө даража |
|---|---|---|
| жашыл | жашылыраак | жапжашыл |
| ачуу | ачуураак | өтө ачуу, апачуу |
| ак | агыш | аппак, өтө ак |
| чоң | чоңураак | абдан чоң |

**161-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү жазгыла. Сын атоочтордун маанисине көңүл бургула. Бири-бири менен салыштыргыла.



www.bizdin.kg

1. Бул алма кызыл. Тигиниси мындан кызылыраак. Булар кыпкызыл алмалар экен. Абдан кызыл алмалар экен.

2. Бул кызык окуя. Бул окуя жанагыдан кызыгыраак. Ал өтө кызык окуя экен.

**162-көнүгүү.** Зат атоочторду бири-бири менен үлгүдөгүдөй кылып салыштыргыла.

Бал – кант Ысык-Көл – Соң-Көл
Мектеп – бакча Терек – тал
Деңиз – көл Арча – карагай
Таш – кум Азим – Адилет

**Пайдалануучу сөздөр:** таттуу, алыс, туздуу, терең, бийик, катуу, жапыз, кичүү.

**Ү л г ү:** *Бал канттан таттуураак.*

**163-көнүгүү.** Табышмактарды окуп, салыштырма маанидеги сын атооч катышкан сүйлөмдү жазгыла.

1. Жайында карарып чыгат,
Күзүндө агарып бышат.
Үндан ак,
Кардан жумшак. (п...а)

2. Уучтаса ундан майда,
Уютса таштан катуу. (ц....т)

**164-көнүгүү.** Суроолорго жооп бергиле. Салыштырма сын атоочторду белгилегиле.

1. Азыр кайсы мезгил?
2. Кышында аба ырайы кандай? Күзгө салыштыр.
3. Күн кышында кандай?
4. Түн кандай?

www.bizdin.kg

## *Машыгуу сабагы*

**165-көнүгүү.** Сүрөт боюнча сын атоочторду (жай мааниде, салыштырып, күчөтүп) катыштырып, ангеме түзгүлө.



**166-көнүгүү.** Ырды көчүргүлө. Сын атоочторго суроо бергиле.

Кышты көрдүм, Ысык-Көлдө кыш жакшы,
Ак кар басып, аппак кылып кыштакты.
Жаш бөбөктү апасы уруп чыгарбай,
Терезеден карап турат тыш жакты.

*А. Осмонов*

? Өзүңдү жаш бөбөктүн ордуна коюп, терезеден тыш жакты карап көрчү! Кандай сын атоочторду таап алар экенсиң...

**167-көнүгүү.** Сын атоочторду күчөтмө мааниге айландыргыла.

а) **Өтө, эң, абдан, чымкый** деген күчөткүч бөлүктөрдүн ылайыктуусун пайдалангыла.



Кичинекей – ... Уккулуктуу – ...
Сары – ... Момун – ...
Кооз – ... Урушчаак – ...

б) Сын атоочторду кыскартып, кайталоо менен күчөтмө даражаны түзгүлө. М и с а л ы: *кыпкызыл*.

Ак – ... Кичинекей – ...
Көк – ... Ачуу – ...
Сары – ... Таза – ...
Боз – ... Кочкул – ...

в) Толук түрүндө кайталанган сын атоочтор аркылуу күчөтмө даражаны түзгүлө. М и с а л ы: *Мыктынын мыктысы*.

Мыкты – ... Жакшы – ...
Кызыл – ... Жаман – ...
Акылдуу – ... Чыр – ...
Сараң – ... Кыйын – ...
Жалкоо – ... Бийик – ...

**168-көнүгүү.** Төмөндөгү сын атоочторду күчөтмө мааниге айландырып, сүйлөм түзгүлө.

Куу, аңкоо, чоркок, мээримдүү.

**169-көнүгүү.** Жаңылмачтарды көчүрүп жазгыла. Сын атоочторун тапкыла. Жаттап, жаңылбай айтууга машыккыла.

1. Көпкөк
Көгүчкөн
Көгүлтүр
Көккө
Көмүлгөн.

Көрдүңбү
Көйкөлүп,
Көрүнгөн
Көк түстүү
Көлдү өөп
Көлбүргөн.

www.bizdin.kg

2. Аппак,
Ак ыргай
Агын ай
Алсам дейм
Акыйтат
Аска таш
Алдырбай.

Аска таш
Акыйкат
Атаны
Арман ай.
Азабы
Аз эмес,
Ар иштин
Ар кандай.

*А. Осмонов*

## § 30. СЫН АТООЧТОРДУН ЖАЗЫЛЫШЫ

**170-көнүгүү.** Ырды окугула. Сын атоотордун маанисине көңүл бургула.

### ӨМҮРГӨ

Шамал айдап көлдүн киргил көбүгүн,
Кашкы суудай мөлт дей түшкөн өмүрүм.
Жыл айланып өткөн сайын жаштык күн,
Улам сулуу, улам ысык көрүндүң.

*А. Осмонов*

? **Салыштыр:** Киргил көбүк, кашка суу.

**171-көнүгүү.** Берилген сөз айкаштарын жөндөгүлө. Жөндөмө кайсы сөзгө уланат. Суроо бергиле.

Кашка суу, күлүк ат, аппак булут, камкор ата.

**172-көнүгүү.** Окугула, тапшырмаларды аткаргыла.

### ДЕЛЬФИН

Байыртадан бери эле дельфиндер жөнүндө жомоктор көп.

Грек уламышында бир дельфин окуучу баланы кысык аркылуу мектепке жана кайра үйүнө жеткирип тур-





чу экен. Бир күнү бала ооруп, каза табат. Дельфин аны демейдегидей эле күтүп жүрөт. Акыры кичинекей досуна болгон кусалыктан ал дагы өлгөн экен.

? 1. Дельфиндин адамга достугу жөнүндө дагы кандай окуяларды билесиңер? Оозеки айтып бергиле. 2. Дельфин жөнүндө сын атоочторду катыштырып үч сүйлөм түзгүлө.

**173-көнүгүү.** Табышмактарды жазгыла. Сын атоочтордун маанисин сыпаттагыла.

1. Ыйлаак кыз,
Тырмаак кыз,

Узун кыз,
Кыска кыз.
(ш.л.и, ч, ч..к...к, к...г.и, а..а).

2. Жапжаңы идиш,
Бирок түбү жыртык. (э..к)

**174-көнүгүү.** Сүрөт боюнча аңгеме түзгүлө. Сын атоочторду колдонгула.

? Таяныч сөздөр: куу, митаам, мактанчаак, капкара, көмүрдөй кара, бийик, даамдуу, сак, сук.



## *Машыгуу сабагы*

### *Аталардын сөзү*

Сагызган **сактыгынан** өлбөй, **суктугунан** өлөт.
**Ак** сөз, **асыл** ой, **адал** эмгек.
Жылан **ийри** экенин билбей, баканы **балчак** дейт.

? 1. Кара тамга менен берилген сөздөргө суроо бергиле.
2. Бул сөздөрдү сын атоочтун даражаларына айландыргыла.

**Ү л г ү:** *Сак...*

**175-көнүгүү.** Катасы барбы? Болсо, оңдогула.

### АЗАМАТТЫН ЖАЗГАНДАРЫНАН

Апак кар жаады. Кар сүтөн акырак. Мен акыш түстү жактырам. Жер бети акарып калды. Актын акы кар болуш керек.

### *Жазылышына көңүл бур!*

Аппак, агыш, таптаттуу, кызылыраак, көпкөк, көгүлтүр, көгүш, кипкичине, капкара, чоң-чоң, кызыл-тазыл, ысык-суук, ала-була.

**176-көнүгүү.** Туура айт, туура жаз.

Көпкөк
Көпөлөк
Көргүн деп,
Көксөтүп,
Көңүлдү
Көтөрөт

Көңүлдү
Көтөрүп,
Көк, кызыл
Көйнөгүн
Көп кызга
Көрсөтөт.

*А. Осмонов*

**177-көнүгүү.** Чекиттердин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла.



www.bizdin.kg

1. Катуу... катуусу – жокчулук, жумшак ... жумшагы – көңүл. 2. Билеги ... бирди жыгат, билими күч... миңди жыгат. 3. Бул арал – марал... арал. 4. Асел Султандан чоң... . 5. Таятам кадыр... киши.

## *Машыгуу сабагы*

**178-көнүгүү.** Ырды окугула. Сын атоочтордун астын сызгыла.

### ТАРАНЧЫ

Медербектин мектептен
Чуркаганын карачы.
Кечээ тарткан чымчыктын
Бүтпөй калган канаты.

Чыйп-чыйп этип чыйпылдап,
Ал уча албай жаткандай.
Жансыз жалгыз канатын
Жанып-жанып каккандай.

Бүтөр менен канатын
Көк асманга көкөлөп,
Учуучудай таранчы
Турат аппак баракта,
Тиктеп дарак тарапка.

*А. Өмүрканов*

**179-көнүгүү.** Сын атоочторду толуктагыла. Көп чекиттин ордуна маанисине ылайыктап кошумчалагыла.

............ / Кереметүү / ............ → жомок

......... / Тунук / ......... → суу

www.bizdin.kg

.........
Ийри → сызык
.........

...........
Чынар → терек
...........

........
Туюк → көчө
.........

........
Жазы → барак
.........

...........
Акылдуу → кыз
...........

.........
Гүлдүү → көйнөк
.........

**180-көнүгүү.** Төмөндөгү сын атооч сөздөрдү колдонуп, кыш жөнүндө бир нече сүйлөм түзгүлө.

Аяздуу, ызгаардуу, суук, жылуураак, күмүштөй, жылгаяктуу, бурганактуу, аппак, ундай.

**181-көнүгүү.** Күчөтмө сын атоочторду жай жана салыштырма мааниге айландыргыла.

Мапмайда, жупжумшак, өтө кооз, чымкый кызыл, күчтүүнүн күчтүүсү, топтоголок, өтө ачуу.

**182-көнүгүү.** «Жаңы жылдагы ёлка» деген темада аңгеме түзгүлө. Сын атоочторду арбын катыштыргыла.

## *Чейректик кайталоо сабактары*

**183-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Зат атоочтун эрежесин айтып бергиле.
2. Суроолору кайсылар?
3. Жөндөмөлөрдү санап бергиле?
4. Жөндөмөлөрдүн суроолорун атагыла.

**184-көнүгүү.** Берилген сөздөрдү жөндөгүлө.
Чалкуйрук, алп кара куш, Ала-Тоо, Жаныбек, агам.



**185-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган зат атоочтордун жөндөмө мүчөлөрүн аныктагыла.


О боорум, кас **душманды** сен көбөйтпө,
Дос, **курдашты** арттыргының бардык **жерде.**

**Досуңдун** жүгүн көтөр, **көңүлүн** ал,
Айткан **сөздү** унутпай **эсиңе** сал.

Досту табыш оңой иш, сактоо кыйын,
Баштоо оңой **чатакты,** токтоо кыйын.

*Ж. Баласагын*

**186-көнүгүү.** Зат атоочторду таап жазгыла: 1. Канаттуулардын аты; 2. Жаныбарлардын аты.



Сөздүк: *Тынар* – куштун мыктысы, кыраны.

**187-көнүгүү.** Көрсөтүлгөн сөздөрдү жөндөмөлөр боюнча жөнөдөгүлө.

Бермет, ак чардак, аркар.

www.bizdin.kg

## *Кайталоо сабагы*

**188-көнүгүү.** Суроолорго жооп бергиле.

1. Сын атооч деп кандай сөз түркүмүн айтабыз?

2. Сын атооч сөздөр кандай суроолорго жооп берет?
3. Сын атоочко көптүк сандын **-лар** мүчөсү уланабы?
4. Жөндөмө мүчөлөр жалганабы?
5. Сын атооч кайсы сөз түркүмү менен байланышып сөз айкашын түзөт?

**189-көнүгүү.** Сын атоочторду тууралап көчүргүлө.

Азим тартип... бала. Кар көп жааса, түшүм береке... болот. Ынтымак... үйдө тынч жашоо болбойт. Бала... үй базар. Таажы... турналар Африкада гана жашайт. Байкемдин куйрук... койлору көп.

**190-көнүгүү.** Сын атооч сөздөрдү түрдүү даражалары бо-юнча өзгөртүп жазгыла.

| | |
|---|---|
| Коюу – ... – ... | Коркок – ... – ... |
| Суюк – ... – ... | Ачык – ... – ... |
| Боз – ... – ... | Тентек – ... – ... |

**191-көнүгүү.** Окугула. Текст боюнча суроо түзгүлө. Сын атоочторду тапкыла.

### АФРИКА

Калың тропик токою дүпүйөт. Ал аркылуу балта менен жол салып өтүүгө гана болот. Дарак, бадал, лианалар аралаш өсүп, чытырманга айланган. Өсүмдүктөрдүн



жалбырагы калың жана ширелүү. Жыпар-жыттуу гүлдөр көп. Гүлгө окшош кооз канаттуулар, чоңдугу чымчыктай көпөлөктөр бапырайт. Мында айлана күңүрт тартып, аба нымдуу. Саратандардын сайраганы бийик чыккан хордой болуп, айлананы жаңыртат. Жырткыч айбандардын күрүлдөгөнү, айкырганы, маймылдардын чырылдаганы угулуп турат. Айлана жыл бою көпкөк.

**192-көнүгүү.** Окугула. Суроолорго оозеки, жазуу жүзүндө жооп бергиле. Текстке ат койгула.

Хамелеон жыгачтардын арасында жашоого ыңгайлашкан. Мойну кыска, куйругу, буттары узун. Ал жабышкак, узун тили менен курт-кумурскаларды кармап жейт.

Хамелеон жашаган жерине, температурага, жарыкка жараша түсүн өзгөртүп турат. Ошондуктан оңой менен байкалбайт.

1. Хамелеон кандай кескелдирик? 2. Ал кантип тамактанат? 3. Айрым адамдарды хамелеонго салыштырышат. Кандай адамдарды жактырбайсыңар? 4. «Менин жакшы көргөн адамым» деген темада чакан дилбаян жазып келгиле.

# III ЧЕЙРЕК

**Мына жаз келди. Чечүүчү чейрек да келди. Көңүл коюп окугула. Эрежелерди курулай жаттабай, аларды таяныч үлгү катары үйрөнгүлө.**

Бул чейректе:

* *Сан атооч сөз түркүмү, сан атооч сөздөрүнүн түрлөрү тууралуу маалымат аласыңар;*

* *Ат атооч сөз түркүмү тууралуу биринчи ирет билесиңер. Ат атоочтун да түрлөрү бар, анын жөндөмөлөр боюнча өзгөрүүсү башкаларга окшобойт. Ушуга өзгөчө көңүл бургула;*

* *Этиштин чактарын тереңдеп үйрөнөсүңөр;*

* *Сөз тизмеги тууралуу билүүгө жаңыдан киришесиңер.*



www.bizdin.kg

## § 31. САН АТООЧ СӨЗ ТҮРКҮМҮ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**191-көнүгүү.** Сүрөттөрдү карап, суроолорго жооп бергиле.





? 1.Желеде канча кулун бар? Жылкылар канчоо? Кулундардын өңдөрү кандай экен? 2. Жөжөлөр, тооктор канчоо экен? Жөжөлөр көппү, тооктор көппү? Тоокторду жана жөжөлөрдү мүнөздөгүлө.

**Ү л г ү:** *Желеде беш кулун байланып турат.*

**192-көнүгүү.** Төмөндөгү сан атооч сөздөрдү окугула да, айырмасын жана окшоштуктарын белгилегиле. Кандай жазыларын байкап, бир нече сүйлөм түзүп жазгыла.

| | |
|---|---|
| 15 үй<br>(он беш үй) | 15-үй<br>(он бешинчи үй) |
| 20 катар<br>(жыйырма катар) | 20-катар<br>(жыйырманчы катар) |
| 25 кабат<br>(жыйырма беш кабат) | 25-кабат<br>(жыйырма бешинчи кабат) |
| 5 күн<br>(беш күн) | 5-күн<br>(бешинчи күн) |
| 45 жыл<br>(кырк беш жыл) | 45-жыл<br>(кырк бешинчи жыл) |

www.bizdin.kg

**193-көнүгүү.** Үлгүгө карап, сан атоочторду өзгөртүп түзүп жазгыла.

1, 6, 12, 37, 55, 100, 205.

**Ү л г ү:** *канча? канчанчы? канчоо?*
*бир биринчи бирөө*

> ***Эсиңерге туткула!***
>
> Заттын санын, катар-иретин билдирген сөз түркүмү **сан атооч** деп аталат. Сан атоочторго **канча? нече? канчанчы? неченчи?** деген суроолор берилет.
>
> **Мисалы:** беш, он, жүз, миң *(канча? нече?)*, бешинчи, онунчу, жүзүнчү, миңинчи *(канчанчы? неченчи?)*, бешөө, алтоо *(канчоо?)*

**194-көнүгүү.** Сан атоочторду катыштырып, «Биздин үй» деген темада чакан дилбаян жазып келгиле.

## § 32. ЭСЕПТИК САН АТООЧТОР

**195-көнүгүү.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

### КОЖОМКУЛ БАЛБАН

Кыргыздын белгилүү балбаны Каба уулу Кожомкул 1888-жылы 1-мартта туулган. Ал толуп турган 47 жашында бою 2 м 36 см, салмагы 165 кг болгон экен. Бутуна 52-размерлүү өтүктү атайын тиктирип кийчү. Мине турган атын да жылкылардан тандап минчү экен.

Ал балбандыгы өзгөчө адам болгон. Төө менен атты кадимкидей эле көтөрүп кетчү.

Ал эми Арамза деген жайлоодо Кожомкулдун көтөргөн ташы бүгүнкү күнгө чейин белгилүү. Ташты кийин өлчөшкөндө, оордугу 635 кг, түп жагынын жоондугу 1 м 89 см, ортосунун узундугу 1 м 70 см, бийиктиги 1 м 60 см болуптур.

*Ш. Эсенкуловдон*



1. Кожомкул балбан кандай адам болгон экен? Анын балбандыгын эмне менен түшүндүрөсүңөр?

2. Тексттен сан атооч сөздөрдү тапкыла. Алар заттын санын көрсөттүбү же иретин билдирдиби? Түшүндүрүп, сөз менен жазып көрсөткүлө.

**196-көнүгүү.** Сан атооч сөздөрүн катыштырып, өз алдыңарча оозеки бир нече сүйлөмдү мелдешип түзгүлө.

> ***Эсиңерге туткула!***
>
> **Сан атооч сөздөр түзүлүшүнө карай экиге бөлүнөт.**
>
> 1. Бир сөздөн түзүлгөн жөнөкөй сандар: *бир, беш, он, жүз, миллион.*
>
> 2. Эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлгөн татаал сандар: *он бир, жүз жыйырма беш, бир миң тогуз жүз токсон беш, эки миң биринчи.*

**197-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Андагы сан атоочтордун жөнөкөй, татаал экендиктерине карап, бөлүп түшүндүргүлө.

1. Биздин класста жыйырма сегиз окуучу окуйт. 2. Жазгы каникул жыйырма төртүнчү марттан биринчи апрелге чейин созулат. 3. Менин апам быйыл кырк жашка, а чоң апам алтымыш төрт жашка толду. 4. Биздин айылда эки жүз алтымыш түтүн эл жашайт.

**198-көнүгүү.** Төмөнкүлөрдү окуп, түшүнгүлө. Анан тапшырмаларды аткаргыла.

3 санына байланыштуу: үч жолу сыноо, үч үйлөп ичүү, үч кадам таштоо, үч жолу эскертүү берүү.

7 санына байланыштуу: жети күн, жети ата, жети түс.

40 санына байланыштуу: кырк кыз, кырк жигит, кырк чоро, сакалы кырк кулач абышка.

**Тапшырма:** Ушул сан атооч сөздөрдү кайталап, бир нече сүйлөм көрсөткүлө.

**199-көнүгүү.** Сан атоочторду жалпы кайталап келгиле.

www.bizdin.kg

## *Бышыктоо сабагы*

**200-көнүгүү.** Табышмак-ырларды окуп, жандырмагын мелдешип тапкыла. Андагы сан атоочторго мүнөздөмө бергиле.

1. Тоголок келген бою бар,
Тогуз катар тону бар. Ал эмне?

2 . Бир короодо он эки бала бар,
Алардын экөө иштейт.
Калгандары карап турат. Ал эмне?

3. Бир чоң терек бар.
Анын он эки бутагы бар,
Ар бир бутагында отуздан жалбырагы бар.
Ал эмне?

? Ушундай сан атоочтор катышкан табышмактардан өзүңөр да таап айткыла.

**201-көнүгүү.** Суроолорго жооп таап, көп чекиттердин ордуна тиешелүү сан атоочторду коюп көчүргүлө. Суроо берип, кандай сан атооч экендигин түшүндүргүлө. Ким туура жоопторду тапса, аны «Тапкычбек» деп атагыла.

### ТАПКЫЧБЕККЕ СУРООЛОР

Бир кылымда ... жыл бар.
Бир жылда ... жума,... күн бар.
Бир жумада ... күн бар.
Бир суткада ... саат бар.
Бир күндө саат... бар
Бир минутаны... секунд түзөт.
Бир км де... метр, метрде... сантиметр бар.
Бир кг да ... грамм бар.



**202-көнүгүү.** Сан атоочтор катышкан макал-лакаптарды ойлонуп толуктап окугула, мазмунун түшүндүрүп бергиле да, үйрөнүп алгыла.

### АТАЛАРДЫН СӨЗҮНӨН

Билеги күчтүү ... жыгат,
Билими күчтүү ... жыгат.

... кол тең эмес. ...
өлчөп,... кес.

Кыздын...чачы улуу.
Жигитке... өнөр аздык кылат.

...сомуң болгончо,... досуң болгону жакшы.

Жаман деген... ат бар, жууса кеткис,
Жакшы деген... ат бар, кууса кеткис.

Жакшы атка ... камчы,
Жаман атка ... камчы.

**203-көнүгүү.** Дүйнөдөгү кызыктарды окугула да, үйрөнүп алгыла. Анан андагы сан атооч сөздөрдү зат атоочтору менен бирдикте сөз менен көчүрүп жазгыла.

### ДҮЙНӨДӨГҮ КЫЗЫКТАРДАН

Силер китти билесиңер го, сууда жашайт эмеспи. Ал дагы сүт эмүүчүлөргө кирет. Кит – эң чоң жаныбар. Анын салмагы 190 тонна, ургаачысынын узундугу 33 метр. Жаңы туулган баласы 7–8 метр, салмагы 3 тоннага жетет.

Ал эми жерде жашаган сүт эмүүчүлөрдүн эң алпы – пил. Салмагы 5–6 тонна. Айрым эң зору 12 тоннага жетет.

## § 33. ИРЕТТИК САН АТООЧТОР

**204-көнүгүү.** Таблицаны карап, сан атооч сөздөрдүн маанисин салыштырып айткыла. Сөзүңөрдү мисал менен далилдегиле.

| Заттын эсебин билдирген сөздөр | Заттын иретин билдирген сөздөр |
|---|---|
| бир катар<br>он беш күн<br>2001 жыл<br>72 үй | 1-катар (биринчи катар)<br>15-күн (он бешинчи күн)<br>2001-жыл (эки миң биринчи жыл)<br>72-үй (жетимиш экинчи үй) |

***Эсиңерге туткула!***

Катар-иретти билдирген сөздөр иреттик сан атооч деп аталат. Иреттик сан атоочторго *канчанчы? нечен-чи?* деген суроолор берилет.

**Мисалы:** 1. Заттын катар-иретин билдирген сөздөр: 20-үй; 5-кабат; 10-киши.

2. Жылдын, күндүн, кылымдын катарын билдирген сөздөр: 2009-жыл, 1-сентябрь.

Жазууда сан атоочтон кийин (-)-коюлат.

**205-көнүгүү.** Текстти окугула. Иреттик сан жана эсептик сан атооч сөздөр кандай жазыларын байкагыла. Текстте эмне жөнүндө айтылды, билип алгыла.

### ЖАҢЫ ОКУУ ЖЫЛЫ КАЕРДЕ, КАЧАН БАШТАЛАТ?

Биздин өлкөдө жаңы окуу жылы 1-сентябрда башталарын билесиңер. Башка өлкөлөрдөчү? Эмесе, ошол жөнүндө билип алалы.

Голландия, Норвегия жана Швеция деген өлкөдө жаңы окуу жылы 1-августта, Индияда 1-апрелде башталат. Австралияда 1-январда, Никарагуада 1-октябрда каникулга чыгышат.

Дүйнөдө 172 өлкө 1-сентябрда, 16 өлкө март айында, 10 өлкө августта окууга киришет. Японияда чоң каникул 1 айга гана созулат. Алжир, Египет деген өлкөлөрдө балдар 4 ай эс алышат.

Гибралтар деген өлкөдө балдар 4 жашынан мектепке келишет. Айрым өлкөлөрдө балдар 5 жашынан окууга киришет.

Кызык бекен?

**206-көнүгүү.** Ырды окугула да, жаттап алгыла. Андагы сан атоочторго мүнөздөмө бергиле.

### 22 ПАРТА

Келсең биздин класска,
Жыйырма эки парта бар.
Канча бала окуйт? – деп,
Кызыкпады канчалар.
Мен айтамын болжолун,
Өзүң жакшы көңүл бөл.
Канча бала окуурун,
Калем ал да санап көр.

Ар партада экиден,
Жайгашканбыз капкачан.
Так эсебин бул жерден,
Уят болот таппасаң.
Отурганда бардыгы,
Бош калат үч партабыз.
Шашпай ойлоп эми сен,
Эсептечи, канчабыз?

*А. Кыдыров*

## *Бышыктоо сабагы*

**207-көнүгүү.** Текстти көрктүү окугула. Сан атооч сөздөрдү тапкыла. Аларды сан атоочтордун кандай түрүнө кошосуңар?

### ЖӨРГӨМҮШ ЖАНА АНЫН БАЛДАРЫ

Жөргөмүштүн тарантула деген түрү бар. Ал тууганда жүздөн ашык майда балдарын бир эле тууйт экен. Анан балдары чоңойгондо жонуна үймөлөктөтүп көтөрүп



www.bizdin.kg

жүрө берет. Чоңойгончо аларды көтөргөн боюнча чарчаганына карабай алыс жолго чыгат.

Жолдо суу кезиксе суусун кандырат. Ылайыктуу жер тапкан соң, арткы буттары менен жонундагы балдарын чачып ыргытып жүгүрө берет. Ошентип 100–150 метрдей аралыкка балдарын таратат. Жүгүнөн арылганда, силкинип боюн тазалайт. Балдарын өз алдынча жашоо жолуна салганына эне катары санаасы тынат. Анан гана салкын жер таап, шашылбастан эс алуу үчүн узак уйкуга кирет.

**208-көнүгүү.** Таблицаны карагыла. Сан атоочтордун бөлүнүштөрүн байкап, эсиңерге сактап алгыла. Ар бир түрүнө бирден сүйлөм түзүп, дептериңерге жазып көрсөткүлө.

| Жөнөкөй сан атоочтор | | Татаал сан атоочтор | |
|---|---|---|---|
| эсептик сан | иреттик сан | эсептик сан | иреттик сан |
| беш | онунчу | он бир | он экинчи |
| алтоо | жыйырманчы | он бештей | жыйырма бешинчи |
| ондой | элүүнчү | экиден бир | кырк бешинчи |
| он чакты | кыркынчы | беш жүз бир | жыйырма биринчи |
| беш-бештен | алтымышынчы | эки миң | жүз токсонунчу |
| жүз миң | | алты жүз | |

*Эсиңерге туткула!*

Сан атоочтордун түрлөрү:

1. Эсептик сан: *бир, эки, он, жүз.*
2. Иреттик сан: *биринчи, бешинчи.*
3. Топ сан: *беш-бештен, он-ондон.*
4. Бөлчөк сан: *1,2; 5,2.*
5. Чамалама сан: *ондой, жүздөй.*
6. Жамдама сан: *бирөө, бешөө, алтоо.*



www.bizdin.kg

**209-көнүгүү.** Сүйлөм ичиндеги сан атоочторду туураЛап жазгыла.

1. Менин эжем он экинчи жашка чыгат. 2. Биз быйыл үч класста окуйбуз. 3. Балдар алты-алтоодон бөлүнүшүп, футбол ойноп жатышты. 4. Биздин класстан II чейректе сегизөө окуучу окуунун эң мыктысы болуп аталышты.

## § 34. САН ЖАНА ЗАТ АТООЧТОРДОН ТҮЗҮЛГӨН СӨЗ АЙКАШТАРЫ

**210-көнүгүү.** Таблицаны карагыла. Сан жана зат атооч сөздөрүнө коюлган суроолорго ылайык байкоо жүргүзгүлө. Анан үлгү боюнча жазуу жүзүндө иштегиле.

| Сан атооч сөздөр | Зат атооч сөздөр |
|---|---|
| он беш | машина |
| отуз | күн |
| жүздөй | киши |
| жүз элүү | окуучу |
| беш жүз | сом |
| отуз биринчи | март |
| ***канча?*** | ***ким? эмне?*** |

Ү л г ү: *Менин отуз сомум бар.*

**211-көнүгүү.** Өз алдыңарча схема боюнча сан атоочтун түрлөрүнө жараша экиден сүйлөм түзгүлө, дептериңерге жазгыла.

эсептик сан
иреттик сан
бөлчөк сан
топ сан
чамалама сан
жамдама сан

зат атооч

**212-көнүгүү.** Текстти окуп, тапшырманы аткаргыла.

## АКЫЛМАН МЕНЕН МУРАСЧЫЛАР

*(Араб элинин уламышы)*

Эзелки бир заманда бир карыя жашаптыр. Анын үч уулу бар экен. Бир күнү балдарын чогултуп, керээзин айтат.

– Мен силерге он жети төө калтырдым. Улууңар – теңин, ортончуңар – үчтөн бирин, кичүүңөр – тогуздан бирин алгыла, – дейт да, көз жумат.

Балдары атасынын мурасын бөлүшө албай кыйналышты. Он жети төө тең экиге да, үчтөн бирге да, тогуздан бирге да бөлүнбөйт экен. Ал татаал маселе чечилбей жатканда төө минген бир адам жолоочулап бараткан болот. Бир туугандар ал карыядан кеңеш сурашат.

– Менин төөмдү да кошуп алгыла, – дейт акылман карыя.

Ошентип, алар он сегиз төөнү бөлө башташат. Теңи – тогуз, үчтөн бири – алты, тогуздан бир бөлүгү – эки болду.

– Эми кайра кошуп көргүлөчү, – дейт төөнүн ээси. Жигиттер кошуп киришти. 9+6+2=17. Бөлгөндө он сегизди бөлүштү эле, кайра кошкондо он жети болуп калды. Мына кызык тамаша!

– Өзүңөр көргөндөй, менин төөм да өзүмдө калды, силер да атаңар айткандай бөлдүңөр, – деди акылман карыя төөсүнө минип жатып.

? 1. Уламышта эмне жөнүндө сөз болду? Ата мурасы кандай экен? Аны бөлүштүрүүгө ким кандай жардам берди? Анын сырын чечкилечи? 2. Сан жана зат атооч сөздөрүнөн түзүлгөн сөз тизмектери бар бекен? Таап, мүнөздөп бергиле.



www.bizdin.kg

**213-көнүгүү.** Өз алдыңарча сан атоочтун түрлөрүнө жараша ар бирине бирден сүйлөм түзүп келгиле.

## *Бышыктоо сабагы*

**214-көнүгүү.** Текстти окугула. Андан сан жана зат атооч сөздөрдөн түзүлгөн сөз тизмектерин таап, дептериңерге жазгыла. Алар кандай сан атоочтор экен? Мүнөздөп айтып бергиле.

### БИШКЕКТИН КӨЧӨЛӨРҮНДӨ

Кыргызстандын борбор шаары Бишкекке эң биринчи машина 1912-жылы келген. Алгачкы автобус 1934-жылы жүрө баштаган. А биринчи троллейбус болсо, 1951-жылы көчөгө чыккан. Ошол жылы Бишкекте болгону 4 гана троллейбус болгон экен. Троллейбустун жолу 8 км эле болуптур.

**215-көнүгүү.** Көнүгүүнү окугула. Зат, сын, сан атооч сөздөрдү таап, бөлүп-бөлүп жазгыла.

### КӨЗҮБҮЗДҮН КУБАТЫ КАНЧАЛЫК?

Адамдын көзү канча түстү ажырата ала тургандыгын билесиңерби? Биз ак, кара, кызыл, көк, сары, чаар, боз сыяктуу бир канча түстөрдү билебиз. Буюмдардын, чөптөрдүн, гүлдөрдүн, кийимдердин ар кандай түстөрүн ажыратып айта алабыз. Табияттын кооздугунун өзү эле канча түстөрдүн бар экенин айтып турат.

Ал эми илимпоздордун айтымында биздин көзүбүз эки миллион түстү ажырата алат экен.

А биз, кээде светофордун үч түсүн ажырата албаганыбызга эмне дешибиз керек?

**216-көнүгүү.** Схема боюнча адегенде сөз айкаштарын түзүп, андан соң бир нече сүйлөмдөрдү оозеки түзүп жазгыла.

| | |
|---|---|
| Кандай?<br>Канча? | Күн, ай, жыл,<br>буюмдар, идиш-аяктар,<br>кийимдер, окуучулар,<br>жер-жемиш, жашылчалар |

**217-көнүгүү.** Төмөндөгү көнүгүүнү окуп, сан, зат атоочтон турган сөз айкаштарын таап жазгыла.

АДАМ КАНЧА СҮЙЛӨЙТ?

Адам бир сутканын ичинде бир саатка жакын тынбай сүйлөйт экен. Адам алтымыш жашка чыкканда сүйлөгөн сөзүн эсептегенде, эки жарым жыл бою тынбай сүйлөгөн болот экен. Анын баарын жыйнап, китеп кылып чыгара турган болсок, ал 5000 беттен турган миң том болмок.

## § 35. САН АТООЧТОРДУН ӨЗ АЛДЫНЧА ЖӨНДӨЛБӨСТҮГҮ

**218-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн жөндөлүшүн карагыла. Сан атоочу кайсы, зат атоочу кайсы байкагыла. Сан атооч сөздөр жөндөлөт бекен? Жөндөлбөсө, сөздүн мааниси бузулган жокпу?

А. *(канча? + эмне)* беш китеп
И. *(канча? + эмненин?)* беш китептин
Б. *(канча? + эмнеге?)* беш китепке
Т. *(канча? + эмнени?)* беш китепти
Ж. *(канча? + эмнеде?)* беш китепте
Ч. *(канча?+ эмнеден?)* беш китептен

**219-көнүгүү.** Жогорудагыдай үлгүгө салып, бул сөздөрдүн тизмегин дептериңерге жөндөп жазгыла.

Он күн, жыйырма дептер, отуз окуучу, он беш арча, элүү сом, бешинчи сабак, он парта, ондой киши.



www.bizdin.kg

! Сан атооч сөздөр зат атооч сөздөр менен айкашып келген де, сан атооч сөзгө жөндөмө мүчө уланбайт.

**220-көнүгүү.** Таблицаны карагыла. Андагы сан атоочторду катыштырып, үлгүгө жараша бир нече сүйлөмдөрдү түзгүлө.

***Силер билесиңерби?***

**Кыргызстандагы ири дарыялары кайсылар?**

| Дарыялардын аттары | узундугу |
|---|---|
| Нарын дарыясы | 535 км |
| Чүй дарыясы | 221 км |
| Чаткал дарыясы | 205 км |
| Талас дарыясы | 102 км |
| Түп дарыясы | 120 км |
| Ак-Сай дарыясы | 124 км |

**Ү л г ү:** *Жыргалаң дарыясынын узундугу токсон эки кмге жетет.*

**221-көнүгүү.** Суроолорго жоопту жазуу жүзүндө бергиле. Андагы сан жана зат атооч сөздөрдөн түзүлгөн сөз тизмектерин мүнөздөп бергиле.

Силердин айылда канча адам жашайт? Кыштагыңарда же силер жашаган шаарда канча көчө бар? Силердин көчөңөрдө канча үй курулган? Мектебиңерде канча окуучу окуйт?

**222-көнүгүү.** Текстти окугула. Сан жана зат атооч сөздөрүнөн түзүлгөн тизмектерди тапкыла. Алар кайсы жөндөмөдө турганын айткыла.

«ЖҮЗ ЖИГИТ БАЯНЫ

I

Илгери-илгери биздин элибизге кол салган калмактардын мизин кайтарып, жерин коргогон Алим баатыр деген болуптур. Акыры ошол баатыр дүйнөдөн өтөт. Ошондо калмактын кол башчысы кыргыздарга катуу кыргын салып, төрт жашка чейинки жүз баланы туткун кылып кетишет.

Жылдар өтүп, олжого кеткен балдар чоңоюп жигит боло баштайт. Калмактын төрөсү жүз жигитти жоокерчилик өнөргө үйрөтөт. Жигиттер туулган жер, эне-ата дегенди билбестен, кылыч шилтеп, найза сайганды гана билип, ырайымсыз өсүшөт.

II

Арадан жыйырма жыл өтөт. Жашыруун кеңеш курган калмактар баягы жүз жигитти эми кыргыздын өзүнө каршы күрөшкө алып чыгат.

Муну билген кыргыздар өз элин үч жерден үч катар кылып катуу тосушат. Биринчи иретте куралданган жоокерлер, экинчи катарда баягы жүз жигиттин энелери, үчүнчү катарга жалаң комузчу, чоорчуларды коюшат.

Куралдуу жүз жигит эки катарды кырып өтүшөт. Үчүнчү тосотко келишет. Муңдуу мукам обондор жер жарып, тоо-таштарды титиретет.



www.bizdin.kg

Күүгө арбалган жүз жигиттин колдорунан кылычтары түшүп, токтоп калышат.

Акылына келген жүз жигит ошондо гана өзүлөрүнүн кыргыз экенин билип, калмактардын душман экендигин түшүнүп, кайрадан калмактарды кырып, өз элин коргоп калыптыр.

**223-көнүгүү.** Өз алдыңарча сан + зат атооч формасындагы сөз тизмектеринен катыштырып, бир нече сүйлөмдү адегенде цифра менен, андан соң жазуу түрүндө жазгыла.

**Ү л г ү:** 15 сом. – *Мен алманы беш сомдон сатып алдым.*

**224-көнүгүү.** Элдик санак-табышмакты окуп, дептериңерге жазып алгыла. Андагы сан атоочтор менен уйкашып келген сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө.

САНАК-ТАБЫШМАГЫ

1 дегениң – бир кудай,
2 дегениң – эки адам жол жүрсө эрикпейт,
3 дегениң – үлгүлүү топ бузулбайт,
4 дегениң – төрөлүү журт бузулбайт,
5 дегениң – белгиленген буюм жоголбойт,
6 дегениң – аркандалган ат алыс кетпейт,
7 дегениң – жетесиз жаман оңолбойт,
8 дегениң – серкесиз кой суу кечпейт,
9 дегениң – тойбогон бай томаяктан үмүт кылат.

## § 36. АТ АТООЧ СӨЗ ТҮРКҮМҮ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**225-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдүн кандай сөздөр менен алмашылганын байкагыла. Кара тамга менен басылган сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет? Суроо берип, түшүндүргүлө.

| | |
|---|---|
| **Керим** бүгүн сабакка кечигип келди. | Ал бүгүн сабакка кечигип келди. |
| **Үйдүн** курулушу башталды. | Анын курулушу башталды. |
| **Кызыл** алманы Асел жеди. | Ал алманы Асел жеди. |
| Кубаныч 3 «А» класста окуйт. | Кубаныч бул класста окуйт. |

**226-көнүгүү.** Жогорудагыдай үлгүдөй кылып, бул сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзүп жазгыла.

Мугалим, окуучу, автобус, самолёт, келгин куштар, жылдыз, ай, күн, дос.

**Ү л г ү:** *Досум мага жардам берди. – Ал мага жардам берди.*

*Эсиңерге туткула!*

Сүйлөм ичиндеги зат, сан, сын атоочтордун ордуна колдонулуп, аларды алмаштырып айтылган сөздөр **ат атоочтор** деп аталат.

**М и с а л ы:** Кубат *окуду – (Ал окуду ким окуду?)*

***Окуучулар келишти*** *– (* ***Алар*** ***келишти*** *кимдер келишти?).*

Ат атоочтор жекелик жана көптүк түргө бөлүнөт.

**227-көнүгүү.** Текстти окуп, ат атооч сөздөрдү тапкыла. Алар кандай зат атооч сөздөрдү алмаштырды? Түшүндүргүлө.

***Кулагыңа күмүш сырга!***

Сыргактын чоң энеси бар. Ага чоң энеси бир күнү мындай деди:

– Дүкөндүн артындагы ат кимдики?

– Самсаалыныкы. Ал дүкөнгө келген, – деди Сыргак катуу айтып, чоң энесине угуза. Ага чоң энеси наразы болду.

– Ой, чунак, мунун айтканын кара, **бешигин терметкенсип...** Улуу адамды сыйлоо керек. Анын атынан айтканың уят, – деди.

*Т. Самудинов*



www.bizdin.kg

? 1. «Бешигин терметкенсип» дегени эмнеси? Бала эгерде «Ат Самсаалы агамдыкы...» десе, чоң энеси баланы уяткарат беле?

**228-көнүгүү.** «Улууга-урмат, кичүүгө-ызат» деген темада чакан дилбаян жазып келгиле.

## § 37. АТ АТООЧТУН ЖЕКЕЛИК ТҮРҮ

Ат атоочтун жекелик түрү булар:
*Мен, сен, сиз, ал.*

**Мисалы:** I жак: *Мен жомок окудум.*
II жак: *Сен жомок окудуң.*
*(Сиз жомок окудуңуз)*
III жак: Ал жомок окуду.

**229-көнүгүү.** Ат атооч сөздөрдү этиш сөздөргө айкаштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

*Ким? Эмне? Эмне кылды?*

| | |
|---|---|
| Мен | кел, иште, оку, жуун, |
| Сен | өстүр, укта, чурка, ырда, |
| Сиз | бийле, кийин, кубан, тур. |
| Ал | |

**Үлгү:** *Асыл – менин эжем. Ал чачын өрдү.*

**230-көнүгүү.** Текстти окугула маанисин түшүндүргүлө. Тапшырманы аткаргыла.

### АКЫЛ КАРАЧАЧ КИМ БОЛГОН?

Өткөн заманда Жээренче чечен деген акылман адам болгон. Баласы Төлөмырза чоңойгондо, ага эл ичинен акылдуу кыз издеп жөнөйт.

Бир айылга келсе топ кыз терген куурайларын көтөрүп, музоолорун айдап келатыптыр. Аңгыча катуу

www.bizdin.kg

жаан жаайт. Кыздар отундарын таштап качышат. Музоолору үйларын эмип коёт.

Бир гана кыз музоосун эмизбей кармап, куурайын чапаны менен жаап, өзү куурайды алдына алып отуруп алат. Аны көрүп Жээренче: «Ээ, балам, тиги кыздар үйлөрүнө кетишти, а сен эмне кылып отурасың? – дейт.

Анда ал кыз:

– Ата, ал кыздардын 4 зыяны бар. А мен бир зыян тарттым, үч пайдам бар, – дейт.

Ал эмне? – дейт таң калган Жээренче.

– Музоом эмген жок. Куурайым кургак калды. Өзүм суу болгонум жок, энем үйгө барганда урбайт. Бул – үч пайдам. Болгону, чапаным гана суу болду... – дейт кыз.

Жээренче: «Сен Карачач эмей эле Акыл Карачач турбайсыңбы» – деп, ошол кызга куда түшүптүр.

1. Акыл Карачачтын акылдуулугун эмнеден көрдүңөр? 2. Текстте ат атоочтор бар бекен? Бар болсо аларды таап, бирге айтылган зат атооч сөздөрү менен кошуп жазып көрсөткүлө.

**231-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Алар ат атоочтун жекелик түрүнүн кайсы жагында турганын айтып бергиле.

1. Мен апама жардам берейин. 2. Сен дүкөнгө барып келе калчы? 3. Сиз жаңы газетаны окудуңузбу? 4. Ал кийимдерин тазалап бүттүбү?

## *Машыгуу сабагы*

**232-көнүгүү.** Көнүгүүлөрдү көчүрүп жазгыла да, ат атооч сөздөрдү зат атооч сөздөр менен кантип алмаштырганын айткыла.

1. Менин досумдун күчүгүнүн аты – Короочу. Ал абдан сак күчүк. 2. Китепти айрыбай, булгабай күтүү



керек. Ал – билим менен таалимдин булагы. 3. Кушубек Казыбаев күрөш боюнча республикалык мелдешке катышты. Ал – биздин класстын сыймыгы.

**233-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү карагыла. Андагы көп чекиттердин ордуна тиешелүү ат атооч сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла. Алар кайсы жакты көрсөтүп турганын үстүнө жазып белгилегиле.

1. ...абдан тартиптүү, адептүү кыз. 2. ...үйдөн чыккан кезде кар жаай баштаган. 3.... мектепке жарым саатта келди. 4. Айгүл, Бермет, Касым болуп, бүгүн ырчылар ийримине катыштык. 5. Бекзат, ... чай ичесиңби, же сүт ичесиңби? 6. Апа, ... чарчадыңыз го, эс алыңыз.

> ***Эсиңерге туткула!***
>
> Жекелик сандагы ат атоочтор сүйлөм ичинде мындайча өзгөрүп айтылат жана жазылат:
>
> **Ал** – анын, ага, аны, анда, андан;
>
> **Бул** – мунун, буга, муну, мында, мындан.

**234-көнүгүү.** Текстти окугула. Андан ат атоочторду тапкыла. Ат атоочтор кайсы сөздүн ордуна колдонулганын мисал менен түшүндүргүлө.

### КУЙРУЧУК АТАНЫН КҮЛКҮЛӨРҮНӨН

Куйручук ата кыргыздан чыккан куудул, акылман адам болгон. Ал жаш кезинде жетим калып, байлардан көп запкы көргөн. Түн ичинде күндө бир байдын үйүнө билгизбей барып, үйдүн сыртынан түтүк менен чарадагы сүттөрүн ичип алып жүрөт. Куйручуктун бул жоругун эч ким билбейт. Окуя улана берет. Молдолор, бакшылар, көзү ачыктар түрдүү ушактарды таратып, түлөө өткөрүшөт.

Акыры ал адатынча, түн ичинде түтүк менен сүт ичип жатканда, түндүк тартам деп үй алдына бара жаткан келин Куйручукка чалынып жыгылат.

Чочуп кеткен келин кыйкырып ийип, эл ойгонот. Куйручук түтүгүн таштай качып кутулат.

Анын жоругу күлкүгө айланып, байлар, молдолор шылдың болушат.

**235-көнүгүү.** Окуган ыр-аңгемеңерди өз алдыңарча талдап, ат атоочтордон бешти таап келгиле.

## § 38. АТ АТООЧТУН КӨПТҮК ТҮРҮ

**236-көнүгүү.** Таблицаны карап, ат атоочтордун жекелик түрүнөн көптүк түрү эмнеси менен айырмалана турганын байкагыла.

| Ат атоочтун жекелик түрү | Ат атоочтун көптүк түрү |
|---|---|
| **I жак: Мен** окуйм.<br>**II жак: Сен** окуйсуң,<br>**Сиз** окуйсуз.<br>**III жак:** Ал окуйт. | **Биз** окуйбуз.<br>**Силер** окуйсуңар.<br>**Сиздер** окуйсуздар.<br>**Алар** окушат. |

**237-көнүгүү.** Жогорудагы таблицага карап, бул сүйлөмдөрдү өзгөртүп жазып көрсөткүлө. Суроо берип, ат атоочторду аныктагыла. Алар жекелик сандабы, көптүк сандабы, ажыратып айткыла.

1. Ал мектептен келди. 2. Мен автобуска түштүм. 3. Сен бөбөгүңө чай бердиңби? 4. Сиз эс алып алыңыз. 5. Мен сага ишенем. 6. Апа, мен сизди таарынттымбы? 7. Ал атка мингенди билбейт. 8. Мен бул китепти окугам, а сенчи?

**Ү л г ү:** *Ал мектепке келди?* **(Ким?)** – *Алар мектепке келишти.* **(Кимдер?)**



www.bizdin.kg

**238-көнүгүү.** Текстти окуп, андан зат атоочторду таап, суроо бергиле. Түрүн ажыраткыла.

### АКЫЛМАН КЫДЫР АКЕНИН ӨНӨРҮ

Ал эл башкарат, жооптуу милдетти көтөрүү менен, бош убактысында тайган агытып, куш салганды, сейилдеп аңчылык кылганды, күлүк таптап, ат чапканды бала кезинен эле жакшы көрчү экен.

Ал куштардын ыраанын, начарын ажырата билип, мүнүшкөрлүк да кылчу экен. Каз-өрдөккө ылаачын, кышкысын түлкүгө бүркүт салчу дешет.

Анын «Тайгашка» деген күлүгү нечен ирет ат чабыштарда байге алып, Кыдыр акенин зоболосун бир топ көтөрүптүр.

*Б. Максутовдон*

**239-көнүгүү.** Схема боюнча өз алдыңарча бир нече сүйлөмдөрдү түзгүлө. Суроо бергиле, ат атоочтун жеке жана көптүк түрлөрүн ажыратып түшүндүргүлө.

| | | |
|---|---|---|
| Ким? – Кимдер?<br>Эмне? – Эмнелер? | мен, биз<br>сен> силер<br>сиз> сиздер<br>ал, алар | Эмне кылды?<br>Эмне кылышты? |

## § 39. АТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**240-көнүгүү.** Көнүгүүлөрдү окугула, андагы ат атоочтор зат атоочтор менен бирге айтылганда өзгөрдүбү, өзгөргөн жокпу? Айтып бергиле.

1. «Шашпа, коён» деген мультфильм карышкыр менен коён жөнүндө. Ал мультфильмди мен көргөм. 2. Бул бала–менин инимдин досу. 3. Бакыт, бул китепти Жы-

парга берип койчу. 4. Бул күн мен үчүн абдан кубанычтуу күн болду.

*Эсиңерге туткула!*

**Ал, бул** деген ат атооч зат атооч сөздөр менен айкалышып келген учурда, ат атооч сөздөр жөндөмөлөр боюнча өзгөрбөйт.

**Мисалы:**

**Атооч:** *ким?* Ал окуучу.
**Илик:** *кимдин?* Ал окуучу**нун**
**Барыш:** *кимге?* Ал окуучу**га**
**Табыш:** *кимди?* Ал окуучу**ну**
**Жатыш:** *кимде?* Ал окуучу**да**
**Чыгыш:** *кимден?* Ал окуучу**дан**

**241-көнүгүү.** Схеманы карагыла. Андагы ат атооч сөздөр кандай өзгөргөнүн байкагыла. Андан соң үлгү боюнча жазып көрсөткүлө.

| | | |
|---|---|---|
| Ал | китептин... | анын... |
| | мектепке... | ага... |
| | топту... | аны... |
| | көчөдө... | анда... |
| | айылдан | андан ... |

**Ү л г ү:** *Ал китептин барагы айрык. – Анын барагы айрык.*

**342-көнүгүү.** Муну да жогорудагыдай иштегиле.

| | | |
|---|---|---|
| Бул | машинанын | мунун... |
| | гүлгө | буга |
| | дептерди | муну... |
| | терезеде | мында... |
| | үйдөн | мындан... |



www.bizdin.kg

**243-көнүгүү.** Төмөндөгүлөрдү окуп, кара менен берилген сөздөргө суроо бергиле. Сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө.

*Кулагыңа күмүш сырга!*

Байыркы кыргыздарда салмак өлчөмү – **кадак.**
Данды элегенден калган калдыгы – **кебек.**
Жүк жүктөлүүчү унаанын аты – **көлүк.**
Өңү серт адам – **куник.**
Айран, сүттүн жалпы аты – **катык.**
Чөптүн мал жегенден кийинки калдыгы – **кашек.**
Сөөктүн жумшак бөлүгү – **кемик.**
Адамга жардам, кол кабыш кылуу – **көмөк.**

## Машыгуу сабагы

**244-көнүгүү.** Ат атоочтордун жөндөлүшүн таблицадан карагыла. Алардын өзгөчөлүктөрүн билип алгыла.

**Атооч:** *ким? эмне?* Ал, бул.
**Илик:** *кимдин? эмненин?* Анын, мунун.
**Барыш:** *кимге? эмнеге?* Ага, буга.
**Табыш:** *кимди? эмнени?* Аны, муну.
**Жатыш:** *кимде? эмнеде?* Анда, мында.
**Чыгыш:** *кимден? эмнеден?* Андан, мындан.

**245-көнүгүү.** Таблицага карап, бул сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү ат атоочторду коюп жазгыла. Кайсы жөндөмөдө турарын үстүнө жазып көрсөткүлө.

1. Кубан ооруп калгандыктан, ... ордуна мелдешке Асанкул катышты. 2. Оор жүгүн көтөрүүгө Бекжан жардам бергендиктен, ... Кутман карыя алкыш айтты. 3. Чоң энем Аселди тизесине отургузуп алды да, ... көпкө чейин эркелетип отурду. 4. Сабыр Канатты издеп спорт залга кирген эле, ... Канат жок болчу. 5. Акмат,

сен жалган айтканды качан коёсуң,... эч нерсе таппастыгыңды билесиңби?!

**246-көнүгүү.** Бул ат атооч сөздөрдү катыштырып, жогоркудагыдай сүйлөмдөрдү түзүп жазгыла.

Бул, мунун, буга, муну, мында, мындан.

**247-көнүгүү.** Тексттен ат атоочторду таап, кайсы жөндөмөдө турарын байкагыла.

## БАЙЛАНЫШЧЫ

Улуу согуш күндөрү эле. Тайыр жолдоштору менен чалгынга жөнөгөн. Аңгыча бөлүк менен байланыш үзүлдү. Эми бөлүктүн, жүздөгөн жолдошторунун тагдыры чалгынчылардын командири Тайырдын колунда эле. Ал зымдын үзүлүп калган жерин табыш үчүн, алга карай сойлоду. Ошол кезде автомат тытырап, ок атылып ийнине тийди. Мунун айынан, үзүлгөн зымды лента менен ороп байлоо мүмкүн болбой калды. Автоматтын үнү басылбады. Анын алы да кете баштады.

Тайыр зымдын үзүлгөн учтарын оозуна салды да, тиштеген бойдон жыгылды. Байланыш жөнгө салынды. Зымды тиштеген бойдон өлгөн бул жоокердин сөөгүн жолдоштору эртеси табышты.

**248-көнүгүү.** Схема боюнча ат атооч сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

| | | |
|---|---|---|
| Ким? | качан? | |
| Эмне? | кайда? | эмне кылды? |
| | кайдан? | |

**Үлгү:** *Айгүл мектептен азыр эле келди.*



www.bizdin.kg

## § 40. ЭТИШ СӨЗ ТҮРКҮМҮ

**249-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдүн кыймыл-аракетин байкагыла. Ким эмне кылып жатат? Аңгемелеп айтып бергиле да, төрт сүйлөм түзүп жазгыла.





**250-көнүгүү.** Кыймыл-аракетти билдирген бул сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзүп жазгыла. Суроо берип, жообун айткыла.

| | |
|---|---|
| Ким? | ойнойт, ойноп жатат, ойноду, |
| Эмне? | окуйт, окуп жатат, |
| Каерде? | тазалайт, тазалап жатат, тазалады, |
| Качан? | көрөт, көрүп жатат, көрдү. |

**251-көнүгүү.** Текстти окуп, кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тапкыла.

## КУМУРСКАНЫН «КИНДИК ЭНЕЛЕРИ»

Кумурскалардын энелери таштаган уруктар буудайдын данынан бир аз кичирээк болот. Эне кумурска таштаган ар бир урук ошол эле замат анын балдарына, башкача айтканда, киндик энелерге өтөт. Ар бири бирден урук тиштеп кетишет. Алар ал уруктан чимейилге оккшогон кичинекей кумурскалар чыкканга чейин ооздорунан түшүрүшпөйт. Тооктор өз жумурткасын балапан

чыкканга чейин басып чыгарышса, булар кумурска чыкканга чейин ооздоруна тиштеп жүрүшөт. Сыягы алар уруктарга белгилүү даражада жылуулук берип турушат окшойт. Мындай кумурскаларды «киндик эне» деп ата-баганда эмне деп атамак элек...

*Эсиңерге туткула!*

Заттын кыймыл-аракетин билдирип, *эмне кылат? эмне кылып жатат? эмне кылды?* деген суроолорго жооп берген сөз түркүмү **этиш** деп аталат.

*Эмне кылат?* – барат, келет, сүрөт тартат.

*Эмне кылып жатат?* – баратат, келатат, сүрөт тартып жатат.

*Эмне кылды?* – барды, келди, сүрөт тартты.

*Эмне кылган?* – барган, келген, сүрөт тарткан.

**252-көнүгүү.** Накыл кептерди окугула. Маанисин айтып бергиле. Этиш сөздөрдү таап, кандай суроолорго жооп берерин түшүндүргүлө.

*Аталардын сөзү:*

1. Эстүү жаңылса, өзүн жемелейт,
   Эси жок жаңылса, өзгөнү жемелейт.

2. Келгенче конок уялат,
   Келген соң үй ээси уялат.

3. Акылдуура эскертсең билет,
   Акылсызга айтсаң күлөт.

4. Мээнеткеч убакыт издейт.
   Жалкоо шылтоо издейт.



www.bizdin.kg

## § 41. КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨРДҮН КЕПТЕГИ МААНИСИ

**253-көнүгүү.** Ырды окугула. Андагы көп чекиттин ордуна кандай сөздөрдү коюуга болорун жана алар кандай суроого жооп берерин айтып түшүндүргүлө. Таяныч сөздөрдү колдонгула.

АПАМ ... БАЗАРГА

Апам ... базарга
Бөбөгүмү ... издеп.
Мен келгенче базардан,
Курсагын да ... деп.

Бөбөгүмдү ...
Курсагын да ...
Чачын да ...
Бир күнү кечке ...

Шок бөбөгүм жөн...
Жолдон өтсө түз...
Эки жакка...
Козу-улактай...

*«Кырчын»*

**Таяныч сөздөр:** *ойноттум, карадым, кетти, тойгуз, ойнот, тойгуздум, тарадым, сереңдейт, элеңдейт, баспайт, жүрбөйт.*

? 1. Этиш сөздөр болбосо, оюбузду так билдире алат бекенбиз? 2. Ырды толуктап жазып алгыла да, жаттап келгиле.

*Эсиңерге туткула!*

Биз этиш сөздөр болбосо оюбузду жеткиликтүү айта албайбыз. Этиш сөздөр бардык кыймыл-аракетти билгизет да, оюбузду жыйынтыктайт.

**254-көнүгүү.** Чакан текстти окугула. Көп чекиттин ордуна өзүңөр сөз таап койгула да, текстин мазмунун түшүндүргүлө.

www.bizdin.kg

## СЕЗИМТАЛ АЙБАНАТТАР

Жылкы көп айбанаттардын акылдуусу. Алар көзгө сайса көрүнгүс караңгыда да жолду таап ... Алыска уурдап кетсе да, өз жерин адашпай таап .... ... .

Мышыктын көзүн таңып каякка алып келсе да, өзүнүн үйүн адашпай... .

Канаттуулардын сак кулагы үкү экен. Ал кандай үндүн каерден чыгып жатканын караңгыда эле так... .

**255-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдү карагыла, андагы кыймыл-аракеттерди өз сөзүңөр менен баяндап, чакан дилбаян жазгыла.



**256-көнүгүү.** «Адабий окуу» китебиңерден чаккан аңгеме же ырды окуп, андагы этиш сөздөргө талдоо жүргүзгүлө. Ал сөздөрдүн ошол тексттеги маанисин өз сөзүңөр менен түшүндүрүп бергиле.

## § 42. ЭТИШТИН ЧАКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

### Этиштин учур чагы

**257-көнүгүү.** Сүрөттү карап, кыймыл-аракеттин болуп жаткан учурун суроо берип, аныктагыла. Сүйлөм түзүп, айтып бергиле.





> ***Эсиңерге туткула!***
>
> **Кыймыл-аракеттин учурда болуп жатканын билдирген сөздөр этиштин учур чагы деп аталат.**
>
> Этиштин учур чагы *эмне кылып жатат? эмне кылып турат?* деген суроолорго жооп берет.
>
> **Мисалы:** *турат, отурат, жүрөт, ойноп жатат, уктап жатат, ойноп жатышат, уктап жатышат.*

**258-көнүгүү.** Төмөнкү схеманы карап, этиштин учур чагы кантип түзүлөрүн байкагыла да, үлгү боюнча сүйлөм түзүп жазгыла.

? Этиштин учур чагы кантип түзүлөт?

| | | | |
|---|---|---|---|
| | отурат | | жатат |
| көрүп, | отурам | сүрөт тартып, | жатам |
| ойлонуп | отурасың | угуп | жатасың |

тамак ичип, / кино көрүп — отурат / отурам / отурасың

бийлеп, / сүйлөп — жатат / жатам / жатасың

**Ү л г ү:** Айжан ашканадан тамак ичип отурат. Мен ойлонуп отурам. Сен китеп окуп жатасыңбы?

**259-көнүгүү.** Текстти окуп, андан заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү таап, анын болуп өткөн убактысы тууралуу оюңарды тексттин мисалында түшүндүргүлө.

## 19 ЖАШЫНДА БААТЫР БОЛГОН

Улуу Ата Мекендик согуштун айыгышкан күндөрүнүн бири болчу. Душмандардын танкалары жер жайнап кирип келди. Душмандын октору Дайырдын бардык жолдошторун жерге сулатып, акырында жалгыз өзү калды.

Жанын аяп, жансоогалоого болбойт эле. Ал жалгыз өзү автомат менен душмандын солдаттарын аткылай берди. Теңсиз уруш кечке созулду. Бирок Дайыр жеңилип берген жок. Кечке чейин ал душмандын 40 солдатын, 8 танкасын жана 6 бронемашинасын жок кылды.

Мындай каармандык эрдиги үчүн, Дайыр Асанов 1943-жылдын 26-октябрында Советтер Союзунун Баатыры деген наам алды. Ошондо ал 19 гана жашта эле.

***Эсиңерге туткула!***

Этиштин учур чагы **жекелик** жана **көптүк** түр болуп экиге бөлүнөт.

Бир заттын учурдагы кыймыл-аракети учур чактын жекелик түрүн түшүндүрөт.

**Мисалы:** *Учуп бара жатат. Сүйлөшүп турат. (Эмне кылып жатат?)*

Бир нече заттын учурдагы кыймыл-аракети учур чактын көптүк түрүн түшүндүрөт.

**Мисалы:** *Учуп бара жатышат. Сүйлөшүп турушат. (Эмне кылып жатышат?)*



www.bizdin.kg

## § 43. ЭТИШТИН КЕЛЕР ЧАГЫ

**260-көнүгүү.** Сүрөттү карап, андан балдар эмне кылып жатканын суроо берип, түшүндүрүп бергиле. Ар бирине экиден төрт сүйлөм түзүп жазгыла.





***Эсиңерге туткула!***

Алдыда боло турган кыймыл-аракетти билдирген сөздөр **этиштин келер чагы** деп аталат. *Ал эмне кылат?* деген суроого жооп берет.

**Мисалы:** *Жазында күн жылыйт. Чөп чыгат. Көчөттөрдү тигебиз.*

**261-көнүгүү.** Көнүгүүлөрдү окуп, суроо бергиле. Алар этиштин кайсы чагын билдирерин түшүндүргүлө.

1. Менин карындашым келерки жылы 1-класска кирет. 2. Биз дем алышта автомат оюндарын ойнойбуз. 3. Сен эртең мага телефон чал. Байкем жакында күрөш боюнча мелдешке катышат.

**262-көнүгүү.** Текстти окуп, этиштин келер чагын билдирген сүйлөмдөрдү тапкыла.

www.bizdin.kg

## БҮРКҮТ САЛУУ

Бүркүтчү бүркүтүн колуна алып, аң уулап чыкты. Ошол мезгилде капталдан карышкыр көрүндү. Бүркүтчү бүркүтүнүн томогосун алып, карышкырды карай шилтейт. Бүркүт асманга атып чыгат да, эки метрдей кош канатын жайып, карышкырды байкабаган сыяктуу айланып уча баштайт. Бир кезде акырындап төмөндөп, анан капысынан эле аткан октой шукшурулуп карышкырга кол салат. Анан бир буту менен жонунан мыкчып, экинчи буту менен кайрыла берген карышкырды тумшугунан чеңгелдеп басып калат.



Бүркүтчү атын чаптырып келип, карышкырдан бүркүттү бошотуп, аны сылап-сыйпап ыраазылыгын билдирет.

> ? Этиштин келер чагы эмнени билдирет?

**263-көнүгүү.** Накыл кептерди окугула, маанисин түшүнгүлө да, эсиңерге сактагыла.

***Кулагыңа күмүш сырга!***

1. Булар баарыбызга керек: ден соолук, мыкты кулк-мүнөз, чынчылдык, ак эмгек.
2. Акылдуу адамдардын сапаты булар болот: өткөн нерсеге өкүнбөйт, ак эмгектен коркпойт, жалкоо болбойт, колунан келбегенге курулай кийлигишпейт, каалаган нерсеси колуна тийбегенге кайгырбайт.
3. Булар жакшы жашоого жардам берет: эмгекчилдик, чыныгы достук, жакшы тарбия, жылуу-жумшак сөз, жакшы акыл-кеңештер.

? Этиштин келер чагын билдирген сөздөрдү таап, түшүндүргүлө.



## § 44. ЭТИШТИН ӨТКӨН ЧАГЫ

**264-көнүгүү.** Төмөндөгүлөрдү окуп, кыймыл-аракеттин качан болгонун түшүндүргүлө.

> ? Кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгүн кантип билдиребиз?

| | | | |
|---|---|---|---|
| Машина | жүрдү<br>кетти<br>келди<br>токтоду | Алмаз | уктады<br>турду<br>келди<br>тамактанды |

**265-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдүн кайсылары этиштин өткөн чагын, кайсылары учур чагын, кайсылары келер чагын билдирет? Таблицага жараша бөлүп-бөлүп жазгыла.

Концерт аяктады, саякатка барабыз, газета окуп жатат, комуз күүсүн уктук, сабак башталат, суу агып жатат, атка миндим, автобуска отурушкан, таң атты, шамал жүрүп жатат, кар жаайт, келгиндер келет, түн кирген, тамак бышты, шаарга барышкан, биздикине келишчү.

**Үлгү:**

| Учур чак | Келер чак | Өткөн чак |
|---|---|---|
| Жаан жаап жатат<br><br>.... | Саякатка барабыз<br>.... | Концерт аяктады<br>.... |

***Эсиңерге туткула!***

Кыймыл аракеттин, окуянын болуп өткөндүгүн билдирген сөздөр **этиштин өткөн чагы** деп аталат. *Алар эмне болду? Эмне кылды?* деген суроолорго жооп берет.

**Мисалы:** *Таң атты. Күн чыкты.*

www.bizdin.kg

**266-көнүгүү.** Текстти окугула. Тапшырмаларды аткаргыла.

## БОЗ ҮЙДҮН ИЧИ

Боз үйдүн так ортосу – коломто, ага казан асылат. Төр – үйдүн эшикке карам-каршы тушу.

Анда жүк жыйылып, конок күтүлүп, адамдар жашашат. Ал жерге ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң, төшөк сыяктуу баалуу буюмдар салынат. Жүктүн эки жагына секичек илинчү.

Эпчи жак – үйдүн ичиндеги сол тарабы. Анда ала бакан орнотулуп, чыгдан каланып, тамак-аш, идиш-аяк сакталган. Аяк кап, чыны кап илинген.

Эр жагы үйдүн оң тарабы. Анда эркектердин кийими, куралы, ат жабдык ж.б. буюмдар коюлган. Улага - үйдүн кире бериши. Ага, адатта, отун жыйып, ээр-токум коюлган.

? 1. Боз үйдүн ички бөлүнүшү кандай экен? 2. Силер турмушуңарда аларды көрдүңөр беле? 3. Текстте этиштин кайсы чактарын билдирген сөздөр бар экен? Таап түшүндүргүлө.

**267-көнүгүү.** Төмөндөгү уңгу сөздөрдү этиштин үч жагына өзгөртүп, бир нече сүйлөм түзгүлө. Суроо берип, жооп тапкыла.

Бар, кел, чурка, токто, жаз, сура, бийле, кыйкыр, ач, өс, жаа, ил.

## § 45. ЭТИШ СӨЗДӨРДҮН ЖЕКЕЛИК ЖАНА КӨПТҮК БОЛУШУ

? Бир адамдын кыймыл-аракети же башка заттын ал-абалы кандай айтылат?

**268-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окуп, суроо бергиле. Алар канча заттын кыймыл-аракетин билдирди? Түшүндүргүлө.



1. Чымчык учту. 2. Аары чакты. 3. Аюу чээнге кирди. 4. Ат кишенеп жатат. 5. Мышык мыёолоду. 6. Саат жүрүп жатат. 7. Сабак азыр башталат.

***Эсиңерге туткула!***

Бир гана заттын кыймыл-аракетин же ал-абалын билдирген сөздөр **этиштин жекелик түрү** деп аталат. *Алар эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат?* деген суроолорго жооп берет.

**269-көнүгүү.** Төмөндөгү уңгу сөздөрдү пайдаланып, этиштин жекелик түрүнө оозеки мисалдарды келтиргиле.

Ук, сүйлө, изде, иште, тазала, секир, жыйна, кап, үр, кубала, жардамдаш.

? Көп адамдын кыймыл-аракетин же заттын ал-абалын кантип түшүндүрөбүз.

**270-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окуп, суроо беребиз. Алар канча заттын кыймыл-аракетин же ал-абалын билдирди? Түшүндүргүлө.

1. Теректер шуулдады. 2. Жылдыздар чыкты. 3. Күндөр, айлар өтүп жатат. 4. Аялдамада көп адамдар турушкан. 5. Жай келсе, биз каникулга чыгабыз.

***Эсиңерге туткула!***

Бир нече заттын кыймыл-аракетин же ал-абалын билдирген сөздөр **этиштин көптүк түрү** деп аталат. Алар *эмне кылышты? эмне кылышат? эмне кылып жатышат?* деген суроолорго жооп берет.

**271-көнүгүү.** Бул уңгу сөздөрдү пайдаланып, этиштин көптүк түрүнө бир нече мисал келтиргиле. Алар кантип жасаларын түшүндүргүлө.

Аткар, сайра, кубан, ук, кара, жуу.

**272-көнүгүү.** Накыл кептерди окуп, эсиңерге түйүп алгыла. Этиштин жекелик жана көптүк түрүнө мисалдарды тапкыла. Үйдөн өзүңөр ушундай сөздөрдөн дагы таап, дептериңерге жазып келгиле.

*Аталардын сөзү:*

1. Эмгекти сүйгөн адам алп адамды жеңет.
2. Бакыт күрөшүп тапкан адамга энчиленген.
3. Жакшылык кылган адам милдет кылбайт.
4. Сый эң арзан жасалып, эң кымбат бааланат.
5. Чыдамкай, токтоо, эмгекчил адамдар гана баарын жеңе алышат.

## § 46. ЭТИШТИН БУЙРУК ТҮРҮ

? Бир нерсени иштөө же аткаруу үчүн буйрук кантип берилет?

**273-көнүгүү.** Текстти окуп, кандай маанide, эмне максат менен айтылганын түшүндүргүлө.

*Аталардын сөзү*

Адегенде саламдаш. Бар буюмду жок дебе. Баш кийимди бирөөгө бербе. Тасмалды тепсебе, нанды теппе. Таңкы наарды таштаба, кечки тамакты күтпө.

*Эсиңерге туткула!*

Этиштин буйрук түрү кыймыл-аракетти сөзсүз аткаруу зарылдыгына жараша айтылат.



www.bizdin.kg

**274-көнүгүү.** Текстти окугула. Тапшырманы аткаргыла.

### СЕН МЕЙМАНГА БАРГАНДА...

I

Сен, жеткинчек, эми чоңоюп калбадыңбы. Жолдошуңдун же таанышыңдын үйүнө барып калышың мүмкүн. Ата-энең менен чогуу мейманчылоо да болбой койбойт. Ошондо өзүңдү кандай алып жүрүшүң керек:

1. Эч себепсиз жолдошуңдукуна бара бербе.

2. Чакырса же себеп менен барууга туура келсе, алгач үстү-боюңду иретте: кийимиң тазабы, бут кийимиң ылай, чаң эмеспи, чачың таралганбы, байка.

3. Эгер саатка болжоп чакырылсаң, маалында барууга аракет кыл. Көп кечигип барганың–курбуңду жана өзүңдүн убадаңды сыйлабаганың.

4. Бир маанилүү себеп менен кечиктиң дейли. Ал үчүн кечирим сура.

II

5. Үйгө киргенде салам айтуу биринчи милдетиң.

Дасторконго ашыгып кол сунба. Учуру келгенде алгач нандан ооз тий, анан өзүңө жакыныраак коюлган даамдардан аздап жеп отур.

6. Оозуңда тамак болсо сүйлөбө. Отургандарга тиешеси жок кепти баштаба. Эч качан дасторконго колуңду жуубай отурбагын.

7. Тамак ичип жатып, тишиңди элдин көзүнчө чукуба. Майлык (салфетка) болбосо колуңду башка бирдемелерге аарчыбагын.

8. Тамактанып бүткөндө, дасторкондон шашып турба. Колуңду жууган соң, курбуң жана ата-энеси менен

коштошууну унутпа. Сыйы үчүн ыракматыңды сыпайы айт. Чыгардан мурда, эч нерсеңди унуткан жоксуңбу ошону байка.

? 1. Мейманга баруу, мейманчылоо адеби кандай экен? Сага эмнеси жакты? 2. Буйрук этиштер кайсылар? Алар кандай мааниде айтылды? Туура айтылдыбы? 3. Айтылгандарды турмушуңарда колдонгула.

**275-көнүгүү.** Ырды окугула. Андан буйруу маанисинде айтылган сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө.

***Аталардын сөзү:***

Акты төкпө,
Айыпсызды сөкпө.

Эшикти тээп ачпа,
Босогону баспа.

Чырдан алыс бол.
Улууга каяша айтпа,
Убададан кайтпа.

Шыпыргы менен чаппа,
Шылдыңдаба, какпа.

Чакыргандан качпа,
Чынчыл, калыс бол.

Баш кийимди теппе,
Тамеки чекпе.

*«Кырчын»*

**276-көнүгүү.** Ушул сыяктуу накыл кептерден ата-энеле-риңерден сурап, жазып келгиле.

## § 47. СӨЗ АЙКАШТАРЫ

? Сөз айкаштары деген эмне?

***Эсиңерге туткула!***

Сүйлөм ичинде сөздөр мааниси боюнча байланышып, бирдиктүү маанини билдиришин **сөз айкаштары** дейбиз.

**Мисалы:** *ак + көйнөк = ак көйнөк*
*беш + саат = беш саат*
*Айгүлгө + бердим = Айгүлгө бердим*



www.bizdin.kg

**277-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү мааниси боюнча байланыштырып, сөз айкаштарын түзүп жазгыла. Кайсы сөз түркүмдөрүнөн турганын түшүндүргүлө.

| | | | |
|---|---|---|---|
| ак | килем | беш | булбул |
| кооз | булут | акын | ай |
| темир | тамак | узун | топ |
| жылуу | жол | кайыш | аркан |

**Ү л г ү:** *жылуу тумак (сын атооч + зат атооч)*

**278-көнүгүү.** Текстти окуп, сөз айкаштарын тапкыла. Кайсы сөз түркүмдөрүнөн түзүлгөн сөз айкаштары экенин айтыла.

### ТИЛЕКМАТ АКЕНИН БАТАСЫ

Сары самоор, кызыл чай,
Алдыңардан кетпесин.
Кара саба, бал кымыз,
Капшытыңдан кетпесин.
Балтыр бешик жаш бала,
Тилегенден кетпесин.
Мемиреген калың эл,
Көл жээгинен кетпесин.
Узун өмүр бак берип,
Оомийин! Душманыңар жетпесин.

**279-көнүгүү.** Схема боюнча мелдешип, беш сөз айкашын түзгүлө.

Сын атооч + зат атооч

1. даамды
2. өң-түстү
3. көлөмдү
4. сапатты

→ билгизген сын атоочтор

**Ү л г ү:** *Кызыл өрүк.*

**280-көнүгүү.** Жогорудагыдай иштегиле.

| Сын атооч + зат атооч | 1. Эсептик сан<br>2. Иреттик сан<br>3. Бөлчөк сан |
|---|---|

**281-көнүгүү.** Өз алдыңарча алты сөз айкашын түзүп, жазып келгиле.

## *Бышыктоо сабагы*

? Зат атооч жана этиштерден сөз тизмектери кантип түзүлөт?

**282-көнүгүү.** Сөздөрдү маанисине жараша айкаштырып, сөз тизмектерин түзгүлө.

| | | | |
|---|---|---|---|
| булбул | сойлоду | ат | маарады |
| жылан | сайрады | кой | кишенеди |
| машина | сүздү | кымыз | уюду |
| кайык | жүрдү | айран | ачыды |

**283-көнүгүү.** Этиштин чактарына ылайык сөз айкаштарын түзгүлө.

**Ү л г ү:** *Күн чыгып келатат. Күн чыкты. Күн батат.*

**284-көнүгүү.** Текстти окугула, маанисин айтып бергиле. Андагы кара тамга менен басылган сөздөрдөн сөз айкаштарын түзгүлө. Кайсы сөз түркүмүнө, этиштин кайсы чактарына тиешелүү экенин түшүндүргүлө.

### АКЫН БУЛБУЛ

**Булбул** – сайроочу майда **канаттуулардын падышасы.**

Ал – ыйык. Бага албасаңар үйүңөргө алып келбегиле. Булбулду өлтүрүү – чоң убал.



www.bizdin.kg

Булбулдун **кайрыктары** эң эле **көп.** Сөз же тыбыш менен аларды **айтып берүү өтө кыйын.** Тоого, токойго, суу жээктерине жайкы каникул күндөрүндө барып калсаңар, булбулдун **сайраганын,** сөзсүз, **угасыңар.** Кээ бирөөлөрү 12 кайрыкка чейин безеленишет. Кулак төшөп тыңшасаңар, кайрыктарын ажырата аласыңар. Тыбыш менен айтканда, ал кайрыктар: «Фит-чурр, фит-чурр, бад, - бад, -бад; тю-лит, тю-лит; ци-фи, ци-фи; пи-пи, пи- пи; чыр-чыр-р; клуи-кули» деген **добуштарга окшоп кетишет.**

Дүйнө жүзүндө үнү боюнча алып караганда, бири-бирине окшош эки **булбулду таба албайсыңар.** Он булбул болсо, ону **он башкача сайрайт.**

? Ат атооч менен этиштер да сөз айкаштарын түзүшөрү эсиңердеби?

**285-көнүгүү.** Схема боюнча сөз айкаштарын түзүп жазгыла.

| | | |
|---|---|---|
| ат атооч + этиш | Ал<br>Бул<br>Тигил | келди, ырдады, жууду,<br>барат, сүйлөйт, бийлейт,<br>келатат, турат, айтат. |

**286-көнүгүү.** Өз алдыңарча ыр-аңгемелерден түрдүү сөз айкаштарын таап келгиле.

## *Бышыктоо сабагы*

**287-көнүгүү.** Жаңылмачтарды окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Андан кара тамга менен берилген сөздөргө сөз тизмегине жараша талдоо жүргүзгүлө.

### БАТ АЙТМА

Агам баккан уйлардын,
Көпчүлүгү сары ала,
Азчылыгы кара ала.
Атам баккан уйлардын,
Көпчүлүгү кара ала,
Азчылыгы сары ала.
Ишенбесең экөөнүн,
Бүт уйларын арала.
Баары бирдей кара ала.
Баары бирдей сары ала.
Сары алага кара ала,
Кара алага сары ала,
Аралашса, ээлери
Кантээр эле таба албай?

**288-көнүгүү.** Текстти окугула. Андан сөз тизмектерин таап жазгыла. Кандай сөз айкаштары экен? Талдап айткыла.

### КЫРГЫЗДЫН АТ ЖАБДЫКТАРЫ

**Жүгөн.** Жүгөндүн үч түрү бар: кайыма жүгөн, өрмө жүгөн, жалаң жүгөн.

Кайыма жүгөн эки кайыштын ортосуна бөлөк салынып тигилет. Өрмө жүгөн кайыштан өрүлүп жасалат. Жүгөнгө темирден жасалган ооздук катылат. Аны кээ бир жерлерде «суулук» деп да атай беришет.

**Камчы.** Камчылар өрмө, тикме, эшме ж.б. болот. Камчынын билекке илип коюучу кайышын «бүлдүргө» деп да аташат.

Байыркы кыргыздар өрмө камчыны «булдурсун» деп аташкан.

*А. Акматалиев*



www.bizdin.kg

**289-көнүгүү.** Табышмактарды окуп, жандырмагын мелдешип тапкыла. Сүйлөмдөрдүн сөз тизмектерин ажыраткыла.

Асынып алса, боосу бар,
Жанаша эки оозу бар.
Бүктөп белин сындырат,
Үнү кулак тундурат. (....)

Узун моюн, үч кулак,
Сырты кызыл, боору ак.
Жиптей ичке тили бар,
Сүйкүмдүү коңур үнү бар. (....)

*М. Желдеңов*

**290-көнүгүү.** Үй буюмдарды, идиш-аяктарды, кийим-кечелерди катыштырып, беш сөз айкашын жазып көрсөткүлө.

**Ү л г ү:** *Кооз чыны, жыгач кесе.*

**291-көнүгүү.** Жер-жемиштерди, жашылчаларды катыштырып беш сөз айкашын жазып келгиле.

## *Чейректик кайталоо сабагы*

### I. Кайталоо үчүн суроолор:

Бизге сан атооч сөз түркүмүнүн кандай мааниси бар экен? Аны биз кебибизде эмне максат менен колдонобуз?

Ат атоочтун кандай милдети бар экен? Анын башка сөз түркүмдөрүнөн айырмасын, өзгөчөлүктөрүн мисалдарыңар менен далилдеп бергиле.

### II. Практикалык тапшырмалар

1. Эсептик жана иреттик сан атоочторго бир нечеден мисал келтиргиле.

2. Эсептик сан атоочторду иреттик сан атоочторго айландырып, жазылышын түшүндүргүлө.

3. Ат атоочтун жөндөлүш өзгөчөлүктөрүн түшүндүргүлө.

4. Зат, сын, сан атоочторду ат атоочтор менен алмаштырып, мисал келтиргиле.

**III. Сөз өстүрүү жана талдоо үчүн тапшырмалар:**

**1) Убакытттын кыргызча аталыштарын билебизби?**

Биз бир сутканы 24 саатка бөлүп эсептерибиз белгилүү. А кыргыздар байыртадан аны 19га бөлүп эсептешчү. Айрымдарын айталы:

**Ак шам** – жер бетине толук жарык түшүп, бирок күндүн шооласы көрүнө элек кез;

**Шашке** – күн аркан бою көтөрүлгөн, саат 10.30 болгон маал;

**Улуу шашке** – саат 11.30 болгон учур;

**Жалган түш** – саат 12–12.30 болгон кез;

**Чак түш** – күн төбөгө келген, саат 13.30 болгон учур;

**Түш оогон чак** – саат 14.30;

**Бешим** – саат 16.30;

**Дигер** – күн толук баткан учур;

**Куптан** – көз байланган кез;

**Түн** – жандуунун баары уйкуга кирген маал;

**Түн толгон кез** – түнкү саат 1.30–2.30.

! Кыргызча убакыт ченемин билип алгыла.

**2) Өз мекенибиз жөнүндө билебизби?**

ЭҢ БАЙЫРКЫ ЭСТЕЛИКТЕР

Лейлек районунун аймагында Кожобакырган-Сай деген суу бар. Анын узундугу 11 кмге созулуп жатат. Дарыянын куймалары: «Козубагалан» жана «Лейлек»



www.bizdin.kg

суусунун жээктери байыркы кыргыздар жашаган жерлер экендиги белгилүү болду. Мунун далили катары окумуштуулар табышкан эзелки буюмдар болуп саналат.

Аталган жерлердеги табылган алгачкы адамдардын таштан жасаган эмгек куралдары алардын мындан 800–500 миң жыл мурда жашап өткөндүгүн туюнтат экен. Андай болсо да ал далилдер Кыргызстандын аймагында табылган эң байыркы эстелик экендиги өзгөчө баалуу.

*Г. Мадаминовдуку боюнча*

? Жогорудагы элибиздин эзелтен колдонуп келген убакыт эсеби жана байыркы эстеликтер тууралуу өз сөзүңөр менен айтып бергиле.

## Кайталоо сабагы

**Кайталоо үчүн суроолор:**

1. Биздин кебибизде кандай мааниси бар? Биз этиш сөздөрдү кандай максатта колдонобуз?

2. Кыймыл-аракеттердин болуу учурларын этиштин кандай чактары менен билдирет экенбиз?

**II. Практикалык тапшырмалар:**

1. Жөнөкөй жана татаал этиш сөздөрүнө мисал келтиргиле;

2. Этиштин ар бир чактарын мисал менен далилдегиле;

3. Сөз айкаштарынын биз үйрөнгөн түрлөрүн мисал келтирип айткыла. Сөздөрдөн сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзүп, алардан текст курагыла. Андан кийин тетирисинче иштегиле.

**III. Сөз өстүрүү жана талдоо үчүн тапшырмалар:**

## 1-АПРЕЛЬ – КҮЛКҮ КҮНҮ

Күлкү – ден соолуктун мүлкү. Бул сөздө ашыкча апыртуу жок. Окумуштуулар далилдегендей, адамдын организми тамакты кандай талап кылса, күлкүнү да андан кем эмес талап кылат экен. 20 секунддук күлкү 3 минуталык гимнастикага тете келип, ал жүрөктүн иштешин, кан айланууну жакшыртаарын аныкташкан. Ал эми айрым врачтар күлкүнү нервден жапа чеккендерди дарылоодо да колдонушкан.

**Келгиле, окуйлу, күлөлү!**

– Ата, мени кытыгылаңызчы... – дейт кичинекей Арсен.
– Эмне үчүн?
– Күлгүм келип атат?

? Силер ата-энеңерди, бир туугандарыңарды, дос-карындаштарыңарды жагымдуу тамаша менен көңүлүн ачууга аракет кылгыла.



www.bizdin.kg

## IV ЧЕИРЕК

* Мына, жыйынтыктоочу чейрекке да келип жеттик. Буга чейинки үйрөнгөнүбүздү ырааттуу эске салалы. Билим жолун андан ары улантталы!

**Бул чейректе:**

* *Сүйлөм, анын маанисин жана түрлөрүн тереңдеп үйрөнөбүз;*
* *Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн жаңыдан талдап билебиз;*
* *Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү тууралуу жаңы маалыматтарды алабыз;*
* *Тексттин темасы, идеясы жөнүндө билебиз;*
* *Чакыруу кагазы, кат, кулактандыруу, өмүр баян, мүнөздөмө жазганга машыгабыз.*

www.bizdin.kg

## § 48. СҮЙЛӨМ

**292-көнүгүү.** Сүрөттү карап, суроолор боюнча иштегиле.




? 1. Сүрөт боюнча аңгеме түзгүлө. 2. Канча сүйлөмдөн турду. 3. Сүйлөмдөрдү окуп, интонацияга көңүл бургула.

*Эсиңерге туткула!*

Бүткөн бирдиктүү ойду билдирген сөз же сөздөрдүн айкалышы сүйлөм деп аталат.

**Мисалы:** *Бөлүнгөндү бөрү жейт. Төө ысыкка чыдамдуу келет.*

**293-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдүн тыныш белгилерин коюп, баш жана кичинекей тамгаларын байкап көчүрүп жазгыла.

**Гербарий** – атайын кургатылган чөптөрдүн коллекциясы жашыл талааларда ачык түстүү гүлдөр жайнайт ак куу сайроочу куштарга кирбейт.

**294-көнүгүү.** Берилген сөздөрдү сүйлөмгө айлантkыла.



1. Каркыралар, учуп бар, асман,
2. Катуу, саат, шыңгыра.
3. Дүрбү, ата, тоо арасы, менен, кара.
4. Азиз, чоң апасы, бээ саадыр.
5. Илияс, Нурбек, оку, менен, чогуу.
6. Жаз, быйыл, кел, эрте.

**295-көнүгүү.** Төмөндөгү сөз айкаштары катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Таңкы шуудурум, жоогазын гүлү, космонавттар күнү, булактын көзү, калптын казаны.

**296-көнүгүү.** Окугула. Түшүнгөнүңөрдү айткыла.

*Аталардын сөзү:*

1. Атанын сөзү – акылдын көзү.
2. Кыздын кырк чачы улуу.
3. Аганы көрүп, ини өсөт.
4. Адамдын жүзү–абийири, улуттун жүзү–маданияты.
5. Эжени көрүп, сиңди өсөт.

**297-көнүгүү.** Жазгыла. Сүйлөмдөргө суроо түзгүлө.

### «ЭЖЕКЕ, БЭЭ СAA»

Эжеке, бээ саа – бул кичинекей боз түстөгү чымчык. Келгин канаттууларга кирет. Бул чымчык Кыргызстандын бардык жеринде кезигет. Токой четинде, бадалдарда, талааларда жашайт.

# § 49. СҮЙЛӨМДҮН ТҮРЛӨРҮ

**Жай сүйлөм**

| ? Сүйлөм канчага бөлүнөт? Эсиңдеби? |
|---|

**Сүйлөм**

Жай сүйлөм — Суроолуу сүйлөм — Илептүү сүйлөм — Буйрук сүйлөм

| ? Эмне үчүн сүйлөмдөр ар түрдүү болуп бөлүнөт? |
|---|

**298-көнүгүү.** Окугула. Сүйлөмдөрдүн айтылышына, тыныш белгилерине көңүл бургула.

## НУРСУЛТАН ТАБЫШМАКТЫ АБДАН КӨП БИЛЕТ

–Дүйнөдө эмне таттуу? – деп сурады ал.
–Бал, – деп жооп берди Асел.
–Ооба, сага бал эле болсо болду!
–Достор, анда силер айткылачы. Дүйнөдө бардыгынан эмне таттуу?

***Эсиңерге туткула!***

Жай сүйлөм ойду жайынча гана билдирет. Аягына чекит (.) коюлат.
**Мисалы:** *Өнөрлүү өлбөйт.*

**299-көнүгүү.** Ырды окугула. Жай сүйлөм, суроолуу сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

–Үркөр, үркөр топ жылдыз,
Үркүп, кайда барасың?
–Тоо желимге барамын.
–Тоо желимде эмнең бар?



www.bizdin.kg

–Аштык айдар уулум бар.
Жибек созор кызым бар.

*Элдик ыр.*

**300-көнүгүү.** Элдик накыл кептерди окугула. Алардын маанисин чечмелегиле. Сүйлөмдүн кайсы түрүнө киргенин байкагыла.

***Аталардын сөзү:***

Асыл – таштан, акыл – жаштан.
Жаш келсе – ишке, кары келсе – ашка.
«Жакшы» деген бир ат бар, кууса кеткис.
«Жаман» деген бир ат бар, жууса кетпес.

**301-көнүгүү.** Сүйлөмдөргө суроо түзүп, жазгыла.

1. Байчечекей–эрте ачылган гүл. 2. Амантай комузду кыйын чертет. 3. Ырыс алды – ынтымак. 4. Тоңкулдакты «токой доктуру» деп аташат. 5. Ызат Кара-Коюнга барат. 6. Гүлдөсүн англисче үйрөнүп жүрөт. 7. Адилет математикадан жакшы окуйт.

**302-көнүгүү.** Окугула. Үкү жөнүндө 3–4 суроо түзгүлө. Аны дептериңерге жазгыла.

## ҮКҮ

«Үкү деген ыйык бар, тил билбеген кыйык бар» – деп айтылат эл ичинде. Ата-бабаларыбыз үкүнү ыйык деп эсептегендиктен, анын жүнүн кыздардын тебетейине, шөкүлөгө, бешикке тагышкан.



www.bizdin.kg

## § 50. СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ

*Эсиңерге туткула!*

Суроолуу сүйлөм бир нерсени сурап алганда, же бир нерсе тууралуу сурап билүү учурунда айтылат.

**Мисалы:** *Саат канча болду?*

**303-көнүгүү.** Жазгыла. Сүйлөмдөрдө суроо иретинде айтылган сүйлөмдөрдү таап, талдагыла.

Балдар даракты кесип, башындагы сагызгандын уясын талкалап салышыптыр.
–Дарак, сени неге таарып салышты
–Айтарга тилим болбоду го, тилим...
– Сагызган, уяңды неге талкалашты
– Түбүнө тилим жетпедиби, тилим...

*Р. Гамзатов*

**304-көнүгүү.** Окугула. Алп кара куштун суроосун дептериңерге жазгыла да, ага жооп бергиле. Балапандар кандайча аман калышкан?

Алп кара куш балдарын көрүп, алардын аман калгандыгына сүйүнүп: «Ээ, балдарым, кандайча ажыдаардан аман калдыңар?» – деп сурады.

Балапандар: «Эне, жакшылыкты мурун көрсөтөлүбү, же жамандыктыбы?» – дешти.

Алп кара куш: «Жакшылыкты...», – деди.

**305-көнүгүү.** Текстти алым-сабак түрүндө окугула. Тиешелүү тыныш белгилерин коюп, көчүргүлө.

– Суу атасы ким  
– Жол атасы ким  
– Сөз атасы ким

Суу атасы – булак  
Жол атасы – туяк  
Сөз атасы – кулак

**306-көнүгүү.** Окугула. Сүйлөмдөрдү айтылышы боюнча ажыраткыла.



### ДЕҢИЗДИ КИМ ТУЗДАГАН?

«Чычкан аке, суу берчи?» – деп жалынат бала. Өздөрү кылкылдаган суу бетинде, деңизде жүрүп, ичер суугa зар болушат. Деңиздин суусун эмне үчүн ичүүгө болбойт?

Деңизге көптөгөн агын суулар кошулат. Алар менен кошо топурактагы, тоо тектериндеги эриген туздар агып келип куюлат. Ошон үчүн деңиздеги суу туздуу.

**307-көнүгүү.** Берилген суроолорго жараша сүйлөм түзгүлө.

Эмне? Эмне үчүн? Ким? Кайда? Эмне кылды?

? Дагы кандай суроолуу сөздөрдү (сурама ат атоочторду) билесиңер?

**308-көнүгүү.** Алым-сабак кеп түз. Сабак бүткөндөн кийин, үйдөн апа менен, же бир тууганыңар менен эмне жөнүндө сүйлөшөсүңөр? Кандай сүйлөмдөр катышат? Жазып келгиле.

## § 51. БУЙРУК СҮЙЛӨМ

*Эсиңерге туткула!*

Буйрук сүйлөм бир нерсени аткарууга буюруу иретинде айтылат. Аягына чекит (.) коюлат.

**Мисалы:** *Улууну урматта, кичүүнү ызатта. Дүлөй болбос үчүн кулагыңды сакта. Балам, Ыбрай атаңын күүлөрүнөн черт.*

**309-көнүгүү.** Төмөндөгү буйрук сүйлөмдөрдү көчүргүлө.

1. Таза болсоң суудай бол,  
   Баарын жууп кетирген.  
   Балбан болсоң жердей бол,  
   Баарын чыдап көтөргөн.
2. Жүргүлө, гүл тере кетебиз.

3. Кечиккениңер үчүн өзүңөр жооп бересиңер.
4. Терезени ачып кой, таза аба кирсин.

**310-көнүгүү.** Окугула. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү койгула. Кандай сүйлөмдөр түзүлдү? Түшүндүргүлө.

1. Ак терек, көк терек,
 Бизден сизге ким керек?
–Кетирекей Керимбек,
 ... бизге тезирээк.
2. Кеңешти акылдуулардан... .
3. Бекерчиден безе... .
4. От менен ... .
5. Кекчил болбо, эпчил... .

**311-көнүгүү.** Буйрук сүйлөмдөргө төрт мисал түзүп жазгыла.

**312-көнүгүү.** Окугула. Буйрук сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

Баланын бул ишине карышкыр ыраазы болду: «Өзүң жаш болсоң да, акылың бар экен. Атыңдын тең этин өзүң бышырып ал да, менин жонума мингин. Кайда барсаң да, сени самаган жериңе жеткизейин», – деди.

– Сапарым алыс, самаганым – Алтын куш, – деди бала.

– Андай болсо жонума мин да, көзүңдү жумгун. Карышкыр артуу-артуу белди ашып, аябаган көп жол басып жүрүп отурду. Бир мезгилде: «Ач көзүңдү, бала»,– деди.

Бала көзүн ачса, бир чоң шаардын ичине келип калган экен. Карышкыр балага бир үйдү көрсөтүп:

– Алтын куш ушул үйдүн ичинде, алтын туурда конуп олтурат. Акырын кирип бар да, кушту боосунан кармабай, канатынан кармап көтөрүп чык, – деди.



www.bizdin.kg

? – Бул кайсы жомоктон? Окудуңар беле?

**Сөздүк:** *артуу-артуу бел* – ашуусу бийик бел деген маанини берет.

## § 52. ИЛЕПТҮҮ СҮЙЛӨМ

*Эсиңерге туткула!*

Илептүү сүйлөм күчтүү сезим менен айтылат. Сүйлөмдүн аягына илеп (!) белгиси коюлат.

**Мисалы:** *Жашасын тынчтык! Жоголсун согуш! Оо, Ала-Тоо, ата-бабам өскөн жер!*

**313-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула. Илептүү сүйлөмдөрдүн окулушуна көңүл бургула.

Ах, чиркин, биздин күндөр кандай таттуу.
Бүгүндөн эртеңкиси ыракаттуу!
Табият жана анын музыкасы,
Күн санап, кандай сулуу, кандай шаттуу!

*А. Осмонов*

**314-көнүгүү.** Текстти окугула. Тапшырмаларды аткаргыла. Илептүү сүйлөмдөрдү бөлүп көчүргүлө.

Өзүнүн тосмосунда эле балык болуп заматта кубулуп кетсе. Бир караса эле балык! Анан «балык балаң» тосмо таштардан булт секирип, агымга түшмөк да, зыпылдап жөнөмөк... «Кайыр кош, Төө ташым», «Кайыр кош, «Бөрү ташым», «Кайыр кош,» «Танке ташым» – деп, корумдары менен коштошуп өтмөк.

Короо-жайдын тушуна келгенде, суудан ыргып чыгып, куйругун чапкылап кыйкырмак: «Кош, таята! Жакында кайра келем! Мен Ысык-Көлгө сүзүп кеттим! Ак кемеге барам. Анда матрос атам бар!» – деп кыйкырмак.

*Ч. Айтматов*

www.bizdin.kg

? 1. Текстти окугула. Бул Ч.Айтматовдун кайсы чыгармасынан? Балким, билерсиң? Же чыгарма боюнча тартылган көркөм фильмди көргөндүрсүң?

**315-көнүгүү.** Үй айбандарын, малды айдаганда кандай сөздөр колдонулат? Айтып көргүлө.



? Жан-жаныбарларга, айбандарга кайрылганда да илептүү сүйлөмдөр жардамга келет.

**316-көнүгүү.** Ырды үн кубулжутуп окугула.

ТИЛИН БИЛ

«Кош-кош!» – деп козуну
Короодон чыгарат.
«Кыш-кыш!» – деп карганы
Кырмандан кубалайт.

«Чөк-чөк!» – деп төөлөрдү
Чуудадан кармашат.
«Чек-чек!» – деп чебичти
Четинге байлашат.

«Өш-өш!» – деп өгүздү
Өзөндөн сугарат.
«Кет-кет!» – деп күчүктү
Короодон кубалайт.

*А. Рыскулов*



**317-көнүгүү.** Илептүү сүйлөмдөрдөн өз алдыңарча үч түзгүлө да, дептериңерге жазгыла.

## *Бышыктоо сабагы*

**318-көнүгүү.** Ырды көрктүү окугула. Сүйлөмдүн түрлөрүнө көңүл бургула. Суроолорго жооп тапкыла.

БУЛУТ

Булут желге кайрылат:
– Булкпачы, тонум айрылат!
Мен белем сенин өгөйүң?
Жаалданбай тура тур,
Жамгырым жерге төгөйүн.

*С. Эралиев*

? 1. Булуттун сөзүнөн эмнени түшүндүңөр? 2. Жамгыр жааган учурду өз сөзүң менен сүрөттөп жаза аласыңбы? Жамгырдын дабышын, жамгырга жуунган жалбырактарды, чөөткө толгон сууларды элестетсең. 3. А балким, текстиңе илептүү сүйлөм, суроолуу сүйлөмдөр да катышып калар.

**319-көнүгүү.** Тыныш белгилерин тууралап коюп, көчүрүп жазгыла.

1. Ишиң илгери болсун. 2. Биздин Ала-Тоонун кыздары ай 3. Ысык-Көлдүн жээги кандай кооз 4. «Ак кеме» фильмин көрдүң беле 5. Гүлдөсүн атасын абдан жакшы көрөт 6. Чыңгыз Айтматовдун «Аккемесин» окудуң беле.

**320-көнүгүү.** Элдик баталарды окугула. Буларды уктуңар беле? Айтылыш максатына жана маанисине жараша сүйлөмдөрдү мүнөздөгүлө.

www.bizdin.kg

## ЭЛДИК БАТАЛАРДАН

Ак жолуң ачылсын!
Ак жүр, аман жүр!
Мээнетиң кайтсын!
Өмүрүң узун болсун!
Кийгениң март болсун!
Максатыңа жет!
Айтканың элге эп болсун!
Абийириң чеп болсун!

? Элдик баталар илептүү сүйлөмдөрдүн эң сонун үлгүсү боло алат.

**321-көнүгүү.** Текстти окугула, мазмунуна карап, ат койгула. Төрт сүйлөм жазып, мүнөздөп бергиле.

Баобаб дарагы 4–5 миң жыл жашайт. Бийиктиги 18–25 метрден ашпайт. Бирок сөңгөгүнүн жоондугу 25 метрге жетет. Баобабды кучактоо үчүн бир класстын окуучулары бүт кол кармашып курчоосу керек болор эле.

«Тоодой баобабдан томуктай отун чыкпайт» дешет африкалыктар. Бул кандай? Мындай зор жыгачтан көп отун даярдоого болот го!

Бирок отундан пайда жок, анткени баобаб жыгачы күйбөйт.

## § 53. СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

### *Сүйлөмдүн ээси*

Ээ сүйлөмдө ойдун негизин ээлеп турат. Сүйлөм ичинде ким? эмне? кимиси? эмнеси? деген суроолорго жооп берет.

**Мисалы:** ***Күн*** *жылыды.* (*Эмне жылыды?*)
***Алмалар*** *гүл ачты.* (*Эмнелер гүл ачты?*)
***Өнөрлүү*** *өлбөйт.* (*Ким өлбөйт?*)
***Атам*** *жайлоого кетти.* (*Ким жайлоого кетти?*)
Ээ түз сызык (–) менен белгиленет.



**322-көнүгүү.** Жазгыла, алдын сызгыла. Суроо бергиле.

1. Нуркыз радиодон сүйлөдү. Анын уккулуктуу үнү бар. 2 Алыкул Ысык-Көлдү абдан жакшы көргөн. Анын көл жөнүндө ырлары көп. 3. Катуу шамал болду. 4. Биз Кең-Колго барабыз.5. Алар кечээ экскурсиядан келишкен.

**323-көнүгүү.** Буларды сүйлөмдүн ээси кылып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

Окуучулар, коңгуроо, саат, автобус, биз.

**324-көнүгүү.** Ырды окугула. Ээни таап, суроо бергиле.

## ЖИБЕК КИЙГЕН ЭРКЕ КЫЗ

Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап,
Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чачырап...
Жибек кийген сулууча кыз энтелейт,
Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт.
«Ай булганды, ай бузулду көйнөгүм,
Жайдын жааны жаабай койсо?» – эмне дейт.

*А. Осмонов*

? Сүйлөмдүн ээси түрдүү сөз түркүмдөрүнөн түзүлөт.

**325-көнүгүү.** Ээни тапкыла. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгын аныктагыла.

Бала дем албай таштын артынан чыкты да, эки колун сунуп, жээкке келди. Маралдар чочуп койбоду, жалоорун тиктеп тура берди.

Бир маалда маралдар моюн толгоп, бурулуп жөнөй берди. Кажырлуу мүйүз чоң бугу жол баштады. Мүйүздүү Бугу эне артынан басты. Ал дагы бир кылчайып баланы

www.bizdin.kg

карап алды. Анан бадалга кирип кетишти. Кызыл бутактар чайпалып, кызыл жалбырактар маралдардын жумуру сооруларына кубулуп жатты.

*Ч. Айтматов*

## § 54. СҮЙЛӨМДҮН БАЯНДООЧУ

***Эсиңерге туткула!***

Баяндооч ээнин кыймыл-аракетин жана заттын ал-абалын, эмнелигин, кимдигин, кандайлыгын баяндап көрсөтөт. Аларга

Суроолору: ***Эмне кылды? Эмне кылат? Эмне кылып жатат? Кандай?*** *деген сроолор билдирет.*

**Мисалы:** *Ысык-Көл кышында тоңбойт.*

*Суусамырдын кымызы – күчтүү. Кыргыз мамлекетинин борбору – Бишкек. Жакшы эл камын ойлойт.*

Баяндооч кош сызык (=) менен белгиленет.

**326-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, ээ менен баяндоочторду ажыраткыла. Баяндоочтун кайсы сөз түркүмүнө таандык экендигин аныктагыла.

### УЛУУ МАНАСЧЫЛАР

1924-жыл манасчы Саякбайдын өмүрүндө эстен кеткис жыл болду. Ушул жылы ал белгилүү Манасчы Чоюкеге жолугат. Ал узак жылдар бою бирге болуп, «Манас» айтуунун түркүн ыкмаларын үйрөнөт, таалим-тарбиясын алат. «Чоюке–чынар, мен–чырпык» – деп кийин өзүнүн устатына чоң баа бериптир. Ысымын оозунан түшүрчү эмес экен.

*Б. Максутовдон*

**327-көнүгүү.** Жазгыла. Баш мүчөлөрдүн алдын сызгыла.

### КОРОЗ МЕНЕН КӨГҮЧКӨН

Тооктор короодо чукулдашып жем жеп жатышкан. Аңгыча көгүчкөн келип конду.



–Эй, көгүчкөн, – деди короз. – Сен мында эмне кылып жүрөсүң?

–Конокко келдим, – деди көгүчкөн. Анын карды ач эле. Күн да суук болчу. Короз анын сөзүн укпады, бир тоголок да нан жедирбеди. Аны үй ээси көрдү да, үйдөн бир кочуш буудай алып чыгып, көгүчкөндүн алдына чачты.

*С. Рысбаев*

**328-көнүгүү.** Баш мүчөлөрдү талдагыла.

### УЛАР

Улар бийик тоолордо жашайт. «Улуу тоонун улары» деген сөз бекеринен чыккан эмес. Алар уясын бадалдын, таштын арасына салышат. Балапандары тез чоңоёт. Уларлар кышкысын тоо эчкилер оттогон жерлерде болушат. Эчкилер карды тээп оттоп, уларга да жем табууга жардамдашат.

**329-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү катыштырып, төрт сүйлөм түзгүлө.

Балалык, кооз, мугалим, калем.

? Түзүлгөн сүйлөмдөрдүн ээ, баяндоочун тапкыла. Кайсы сөз түркүмүнөн экендигин көрсөткүлө.

***Билип алалы!***

**Улуу адамдар силердей кезинде кандай болгон?**

**М. Горький**

Орус элинин улуу жазуучусу бала чагында балык уулаганды жана сайроочу куштарды кармаганды жакшы көрчү. Ал тургай, замандаштары Максим кандай сууда, канча жана эмне деген балыктар болорун жазбай айтып бергендигин таң калуу менен эскеришет.

# § 55. СҮЙЛӨМДҮН АЙКЫНДООЧ МҮЧӨЛӨРҮ

***Эсиңерге туткула!***

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бирин жандап, аныктап, толуктап, бышыктап турган сүйлөм мүчөлөрү **айкындоооч** деп аталат.

Айкындооч мүчөлөр:
- **Аныктооч** *(Кандай? Кайсы? Кимдин? эмненин?)*
- **Толуктооч** *(Кимге? Эмнеге? Кимди? Эмнени? Эмнеден? Ким менен? эмне менен?*
- **Бышыктооч** *(Кандай? Качан? Кантип? Кайда? Эмне үчүн?)*

**330-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Аларды сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла.

Комуздун *(эмненин?)* күүсү угулду. Жамгыр шатырап *(кантип?)* жаады. Быйыл кар калың *(кандай?)* түштү. Жашыл *(кандай?)* тулаң шамалда *(эмнеде)* туйлайт.

**331-көнүгүү.** Айкындооч мүчөлөрдүн астын сызгыла. Суроо бергиле.

1. Бекерчиден безе кач.
2. Кыздуу үйдө кыл жатпайт.
3. Шашкалаң бала бир ишти эки жолу иштейт.
4. Эмгек менен эл көгөрөт.
   Жамгыр менен жер көгөрөт.

**332-көнүгүү.** Жазгыла. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча жогорудагыдай талдагыла.

Тулпар – аттын эң мыктысы. Ал арыштап да, тасмактап да чуркайт. Ысык менен суукка, ачарчылыкка чыдамдуу келет.

*К. Сейдакматов*



www.bizdin.kg

**333-көнүгүү.** Суроолорго жараша сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп, талдагыла.

Кимге ? Эмнеге? Кандай? Кайсы? Эмне жөнүндө?

**334-көнүгүү.** Сүрөт боюнча аңгеме түзгүлө. Андан айкындооч мүчөлөрдү тапкыла.



**335-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула, көчүрүп жазгыла. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла.

Мен «Ак кеме» деген китепти окуй баштадым. Акбара менен Ташчайнар чөлдөн ооп келишкен. Ала-Тоонун ак карлуу чокулары заңкаят.

? Айкындооч мүчөлөр сүйлөмдө кандай кызмат аткарарын байкадыңарбы?

**336-көнүгүү.** Айкындооч мүчөлөрдүн астын сызгыла. Суроо бергиле.

***Аталардын сөзү:***

1. Жакшылык жасасаң, милдет кылба. 2. Жакшы ыр жан жыргатат. 3. Мекендин кадыры башка жерден билинет. 4. Ак ийилип, сынбайт. 5. Баарынан нан улук.

www.bizdin.kg

**337-көнүгүү.** Жазгыла. Баш жана айкындоочу мүчөлөргө талдоо жүргүзгүлө.

Куш – кыраандардын жалпы аталышы. Мунун мыктысы – Туйгун. Ал аппак болот. Тунжур да ушул куштан чыгат. Мунусу табына келгенде олжо-буйлалуу келет. Тынар да ушул куштан чыгат. Ал чанда жолугат. Көбү темир канат кезинде тынчы жогунан уядан учуп кетет.

*А. Акматалиев*

**338-көнүгүү.** Окугула. Ой жүгүртүп сүйлөп бергиле.

*Кулагыңа күмүш сырга!*

**Күрөштөн жыгылган турат, сөздөн жыгылган турбайт.** Бул– адептүүлүккө, ички маданияттуулукка үндөгөн кеп. Сөз кадырын коротпо, ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө дегендик.

Жусуп Баласагын бабабыздын сөзүн эске ала жүрсөңөр:
Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлототот, башын алат.

Тил – арстан, босогоңдо комдонгон,
Бошоп кетсе, өзүңдү да жеп койгон.

## § 56. ЖАЛАҢ СҮЙЛӨМ

*Эсиңерге туткула!*

Жалаң сүйлөм баш мүчөлөрдөн гана (ээ менен баяндоочтон) түзүлөт.

**Мисалы:** *Жаз келди. Көк чыкты. Мал тоюнду. Бак-дарактар гүлдөдү. Гүлнур – ырчы.*



**339-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү дептериңерге жазгыла. Эрежеге карап талдагыла.

Коңгуроо кагылды. Мугалим келди. Сабак башталды. Гүлназ да жооп берди.

**340-көнүгүү.** Окугула. Сүйлөмдөрдү жалаң сүйлөмгө өзгөртүп айландыргыла.

Данияр 3-класста окуйт. Ал атасындай зээндүү. Анын инилери кичинекей. Данияр Бактыярды мектепке ээрчите кетет. Кээде Дастанды ойнотот. Ал абдан тил алчаак. Мугалим аны дайым мактайт.

**Үлгү:** *Данияр окуйт.*

**341-көнүгүү.** Текстти окугула. Жалаң сүйлөмдөрдүн катасын тапкыла. Оңдоп жазгыла.

Бака сайрады. Буудай тигилди. Алма айдалды. Комуз ойноду. Сагызган сайрады. Чымчык чыйпылдады. Жөжө сайрады.

**342-көнүгүү.** Төмөндөгүлөр жалаң сүйлөм боло алабы? Талдагыла.

Ширин ырдады, бийледи. Санжар менен Султан ойноду. Муса Медер менен ырдады. Суу тунук жана муздак.

**343-көнүгүү.** Табышмактарды жандыргыла. Андагы сүйлөмдөр кандай экен? Сүйлөмдөрдөн зат атооч, сын атооч, сан атооч жана этиш сөздөрдү тапкыла.

Тиштей келип ылайдан,
Татынакай үй курат.
Ача куйрук, аппак төш,
Өңү кара жалтырап.

Вул кайсы жаныбар,
Тапкылачы балдар? (......)

Жердиги ак, кыюусу кара,
Ача куйрук төрт талаа. (......)

*М. Желдеңов*

**344-көнүгүү.** Жалаң сүйлөмдөрдү схема боюнча толуктагыла.

Айгерим — уктады. / . . . . / . . . . / . . . . / . . . .

Алма — чийки. / . . . . / . . . . / . . . . / . . . .

*Билип алалы:*

**Улуу адамдар силердей кезинде кандай болгон?**

Элибиздин алгачкы сүрөтчүсү Гапар Айтиев бала чагында чоорчу болууну самачу экен. Чоордун үнүн тынбай уккан болочок сүрөтчү өзү да чоподон жасап алчу. Кийин бул кызыгуусу сүрөткө ооп кеткенин өзү да айтып калчу экен.

## § 57. ЖАЙЫЛМА СҮЙЛӨМ

*Эсиңерге туткула!*

Жайылма сүйлөм баш жана айкындооч мүчөлөрдөн түзүлгөн.

**Мисалы:** *Күч акылга жардамчы. Жылдыз «Эсимдени» мыкты ырдайт. Айбек эсептен «5» алды.*

**345-көнүгүү.** Жазгыла. Баш жана айкындооч мүчөлөргө ажыраткыла.



www.bizdin.kg

Графика – бул кагазга тартылган сүрөт. Сүрөт көбүнчө боёлбой тартылат. Айрым гана учурда түстүү болот. Силердин сабактан тарткан сүрөттөрүңөр графикага кирет. Силер аларды карандаш, сыя, акварель боёгу менен кагазга тарткансыңар.

! Жайылма сүйлөм сөздүн кенен, ар тараптуу болушуна шарт түзөт.

**346-көнүгүү.** Ырды окугула.

### КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ

Эшикке чыксам укмуш, апа,
Ары-бери калтырап,
Чоң көлчүктүн ортосунда,
Ай жатыптыр жалтырап.

Басып барып акырын,
Колум сунуп батыраак,
Жаңы кармап аларымда
Сынып калды чачырап.

*Т. Кожомбердиев*

? 1. Көлчүктөгү айды элестетип көрчү. 2. Ырдын мазмуну боюнча үч сүйлөм түзгүлө. Аны баш жана айкындооч мүчөлөрү боюнча талдагыла.

**347-көнүгүү.** Сүрөт боюнча төрт сүйлөм түзгүлө. Алар жайылма сүйлөмдөр болсун.



www.bizdin.kg

**348-көнүгүү.** Окугула. Түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

*Кулагыңа күмүш сырга!*

**«Жаман жолдош – көлөкө»,** – деп айткан казактын улуу акыны Абай. Көлөкө күнгө чыксаң ээрчип, артыңдан калбайт. Күн батса, дайыны жок. Жаман жолдош да ошол сыяктуу. Жакшы күндө сени досум деп, жаныңда жүрөт. Кыйынчылык болсо, жардамы жок. Жакшы сөз айтканга да жарабайт. Жаныңа жолобойт.

**349-көнүгүү.** Жазгыла. Сүйлөмдөрдүн жалаң же жайылма экендигин аныктагыла.

Бөрү – карышкырдын байыркы аты. «Карышкыр» деген ат кийин пайда болгон. Ал «миңди кырат, бирди жейт» эмеспи. Ошондон улам: «Оозуң карышкыр! Оозуң карышып, ача албасаң экен» – деп, аны каргашкан.

*К. Сейдакматов*

*Билип алалы!*

**Улуу адамдар силердей кезинде кандай болгон?**

**К. Жантөшев**

Кара сөздүн устаты Касымалы атабыз бала чагында чүкө атуу жагынан эч кимге уттурбоочу. Эр жетип, Алай жергесинде агартуучулук кызматта жүргөндө деле ордо оюнуна кайдыгер карабаган. Айрым учурда ордонун лидери болгонун көргөндөр айтышат.

## Машыгуу сабагы

**350-көнүгүү.** Сүрөттөрдү карап, бир нече сүйлөм түзгүлө. Алардын ээ, баяндоочун таап, талдап бергиле.



**351-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү ээ катары колдонуп, мелдешип сүйлөм түзгүлө. Ээнин алдын сызгыла.

Жаз, биз, келгин куштар, мал, канаттуулар, окуучулар, тоолор, гүлдөр, күн, жылдыздар, жамгыр.

**352-көнүгүү.** Юморду окугула. Андагы баланын сөзү туурабы? Сүйлөмдөрдөгү кара менен берилген сөздөрдү талдагыла.

### КЕЛГИН КУШТАР КЕЛГЕНДЕ

– Эмне мынча **шамал болуп атат?** – деп сурады бала атасынан, терезени карап туруп.

– **Келгин куштар** келаткан го...

– А эмне, келгин куштарды шамал айдап келеби?

*С. Рысбаев*

? Эмне үчүн келгин куштар дейбиз? Билесиңерби? Келгин куштар келатканда шамал болобу?

**353-көнүгүү.** Тамсилди көркөм окугула. Суроо-тапшырмаларды аткаргыла.

### ЧЕГИРТКЕ

*(Тамсил)*

Келатып жолдо чегиртке,
Жолугат бир топ челекке.
Тымызын барат акырын,
Алардын сырын билмекке.

Караса толгон балы бар,
Кетиптир учуп аарылар.
Ооз тийсе аз гана,
Таңдайга тийген даамы бар.

Чердейип бекер тамакка,
Чегиртке тоюп алыптыр.
Бөлөнмөк болуп ыракатка,
Ортолоп басып барыптыр.
Тарталбай бутун ал кайта,
Балга батып калыптыр.

*«Кырчын»*

? 1. Чегиртканин мисалы менен тамсилде кандай адам тууралуу кыйытып айтылганын байкадыңарбы? Ушунча ач көз болуу керек бекен? 3. Тамсилден ээ, баяндооч сөздөрдү тапкыла да, алар кандай сөз түркүмү экендигин түшүндүргүлө.

## Машыгуу сабагы

**354-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окугула. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү өз-өзүнчө бөлүп жазгыла. Сүйлөмдөргө мүнөздөмө бергиле.

Жаз келди. Күн жылыды. Гүлдөр чыкты. Көпөлөктөр уча баштады. Жакында окуу жылы аяктайт. Биз каникулга тарайбыз. Мен каникулду жакшы көрөм. Анткени каникулда, жайлоого барам. Чоң ата, чоң энеме жардам берем. Жайлоо – абдан кооз. Гүлдөр көп. Аба таза. Эртең менен эрте туруп, козу-улактарды карайм. Кымыз ичем, каймак жейм. Жайлоодо кандай жыргал! Эх, эртерээк эле каникул башталса экен! А силер каникулда кайда эс аласыңар?

| ! Ээ + баяндооч = жалаң сүйлөм. |
|---|

**355-көнүгүү.** Таяныч сөздөрдү колдонуп, жалаң сүйлөмдү жайылма сүйлөмдөргө айландыргыла.



www.bizdin.kg

| | |
|---|---|
| Булак агып жатат. | жарк-журк этип |
| Шибер көйкөлөт. | чөптүн арасында |
| Жаан жаады. | кечке |
| Чагылган чартылдайт. | шылдырап |
| Чегирткелер чырылдайт. | көк |
| Бөдөнө бытпылыктайт | шатырата |

| ? Ээ + баяндооч + айкындооч мүчө-жайылма сүйлөм. |
|---|

**356-көнүгүү.** Текстти окуп, сүйлөмдөргө талдоо жүргүзгүлө. Андагы тыныш белгилерине көз жүгүрткүлө.

### ЧЫМЫН

Жайында эле. Күн ысык. Таң бая эле аткан. Үй ичине күн тийип, бат эле ысып кетти. Чымындар да ойгонуп, дыңылдап уча баштады.

Темирландын мурдуна, көзүнө чымын улам-улам коно берип уктатпады. Уйкусу качты.

– Эх, бул чымындар уктатпайт го..! – деди ал атасына. Атасы эчак эле туруп, эшикте жүрүп келген эле.

Алар сени: – Саат жетиге чейин эмне жатасың? Ойгон! Тур!... – деп жатпайбы. «Эрте туруп, агаңа жардам бер»,– деп жатпайбы. Сенин ошого акылың жетпейби? – деди атасы.

Темирлан түшүндү. Көзүн ушалап, уялганынан туруп, кийине баштады.

*С. Рысбаев*

**257-көнүгүү.** Өз алдыңарча «Дем алыш күнү» деген темада чакан дилбаян жазгыла. Сүйлөмдөргө талдоо жүргүзгүлө.

# § 58. БАЙЛАНЫШТУУ КЕП САБАКТАРЫ

**358-көнүгүү.** Текстти окугула. Ал эмне жөнүндө экен? Өз сөзүңөр менен айтып бергиле. Мазмунуна жараша ойлонуп ат койгула.

Асыл апа чай ичип жатканда тасмалга алма жана апельсин койду. Анан кыздары менен балдарына апельсинди аарчып, бөлүктөрүнө жараша бирдей бөлүп берди. Кичинекей кызы Элина эки бөлүк апельсинге ыраазы болбой калды го. Аны бүтүн эле өзү жегиси келген го... Апасына минтти:

–Апа, апельсинди ким минтип ичинен эле бөлүп койгон?

–Аны балдар бөлүп жесин, ашык жебесин деп, бөлүштүрүп койгон ичинен... – деди, тентек кызын көзүнүн кыйыгы менен карап.

Кызы бул сөздү угуп, дагы мындай деди апасына:

–А анда алманы бүтүн жеш керекпи?..

–Жок, – деди апасы дагы да токтоо, – алманы өзүлөрү бөлүп жесин деп бөлбөй жасаган...

Элина түшүнгөн кишидей, көзүн чекчейтип башын ийкегиледи.

*С. Рысбаев*

? 1. Кана, кимдин койгон аты кандай? Талкуулагыла. 2. Жай жана суроолуу сүйлөмдөрдү таап, дептериңерге бөлүп жазгыла. Талдап түшүндүргүлө. 3. Асыл апага жана тентек Элинага мүнөздөмө бергиле. Алардын мүнөздөрүн кандай сын атооч сөздөр менен сыпаттоого болот. 4. Асыл апанын айткан сөздөрүнө ынандыңарбы? Силердин өз пикириңер кандай? Талкуулагыла.



www.bizdin.kg

? Чыгарманын аты анын мазмунуна жараша коюлат. Баланын аты бактылуу болсун, – деп коюлат.

**359-көнүгүү.** Төмөнкү ырды окугула. Мазмунун өз сөзүңөр менен айтып бергиле. Анан суроолорго жооп бергиле.

## ЭНЕКЕМ

Жарык дүйнө, жашоо берген энекем,
Баскан жолуң – бийик ашуу, бел экен.
Жан кейиткен азаптарга чыдаган,
Кайрат, күчүң аска-тоодой бек экен.

Балаң үчүн төккөн ысык мээримиң,
Айтып бүткүс асылдыкка тең экен.
Сен мен үчүн ырыс чачкан шооламсың,
Өмүрдөгү түгөнбөгөн берекем.

Кыйын күндө кыйбас дагы алмашпас,
Кең ааламда жылгыз гана эне экен.
Турмуш оорун кебелбестен көтөргөн
Жер үстүндө адам аттуу «жер» экен.

*А. Чойбекова*

? 1. Ырдын аты мазмунуна туура келет бекен? 2.Эненин эмгеги эмне деген сөздөр менен даана айтылып жатат? Ырдагы негизги ой эмне? 3. Кандай сын атооч сөздөр катышты? Ал сөздөр туура, орундуу колдонулдубу? 4. Акыркы эки сабын кандай түшүндүңөр?

## *Машыгуу сабагы*

**360-көнүгүү.** Ырды окугула. Айтылган ойлорду өз сөзүңөр менен баяндап бергиле. Андан соң тапшырмаларды аткаргыла.

## КИТЕБИМЕ

Окуганда сырдашкандай досума,
Окуяңа өзүм кетем кошула.

Кызыктырып ыракатка **бөлөгөн,**
Сырларыңа **жетким келет** толтура.
Китептерим, менин жакын досторум,
Көпту үйрөтүп, көңүлүмдү коштодуң...
Сени менен асманында билимдин,
Канаты бар учкан кушка окшодум.

*Мукамбетова Ажар*
*УКГнын 39-классынын окуучусу*

? 1. Ырдагы кара тамга менен берилген этиш сөздөр кайсы чакты билдирип турат? Алар кандай суроолорго жооп берет? Жазып талдагыла. 3. Өзүңөр да ушундай ыр жазгыла. Жазган ырларыңар эмне тууралуу? Чогуу окуп, талдагыла.

## ТӨРТ КАНАТТУУ КУШ

Балдар, силер төрт канаттуу куш жөнүндө укканыңар барбы? Укпасаңар, мындай.

Канаттуулардын ичинде өтө ажайып бир кичинекей куш бар. Ал Африкада жашайт. Көгүчкөндөрдүн тукумуна кирет. Анын өзгөчөлүгү – канатынын өзүнчө бир бөлүгү бар экен. Ал учкан кезде, канатынын ошол узун бөлүгү артына өзүнчө бөлүнүп, желек сыяктуу желбиреп, өтө кооз көргөзөт экен. Ошондуктан аны «төрт канаттуу» деп атап коюшат.

Ажайып бул көгүчкөндүн өзүнүн узундугу 30–31 см болсо, кооз канатынын узундугу 17смге жетет экен.

**361-көнүгүү.** Төмөндөгү насаат сөздөрдү дептериңерге жазып алгыла. Маанисин түшүндүргүлө.

## АТАЛАРДЫН НАСААТТАРЫНАН

– Досуңду өтө берилип сүйбөгүн. Себеби бирде болбосо бирде, ал өзүңө душман болуп калышы мүмкүн;

– Душманыңа өтө кастык кылбагын, анткени бирде болбосо бирде, ал дос болуп калышы ыктымал.



www.bizdin.kg

– Бирөөнүн аманатын өз убагында ээсине тапшыр. Кыянат кылганга сен кыянат кылба.

? Сүйлөмдөрдөн буйрук мааниде айтылган сөздөрдүн мүчөлөрүнүн алдын сызып белгилегиле.

***Билип алгыла!***

**Улуу адамдар силердей кезинде кандай болушкан?**
**А . Токомбаев**

Улуу акын Аалы атабыз бала чагында укмуштуудай куйма кулактыгы менен айырмаланчу. Кичинекейинде энесинен уккан жомокторду, манасчылардан уккан эпостун саптарын эртеси өзү теңдүү балдарга төкпөй-чачпай жатка айтып берчү экен.

## *Машыгуу сабагы*

? Сөздү орду менен туура колдонуу эне тилди так билүүнү билдирет.

**362-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Андагы кара тамга менен берилген сөздөр өз орду менен туура колдонулдубу? Байкагыла. Оңдоп, тууралап жазгыла.

1. Биздин тоок он беш **балапан** чыгарды. 2. Балдар чымчыктын уясынан беш **жөжө** таап алышты. 3. Атай кыргыздын мыкты **чертмекчиси** болгон. 4. Сабыр ойноп жүрүп уйдун **торпогун** эмизип, апасынан тил укту. 5. Кубан **атка отура албай,** коркуп ыйлады. 6. **Биз зоопарктан** түлкүнүн бачикисин көрдүк.

**363-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Туура айтылдыбы? Кантип айтканда кыргызча таза болот. Оңдоп жазгыла.

1. Понедельникте кыргыз тил болот. 2. Шаардан байкем звонить этти. 3. Бүгүн Салтанаттын настроениеси жок. 4. Майды, этти холодильникке салдым. 5. Менин

ручкамдын запасы түгөнүп калды. 6. Мен Акман селосунда жашайм. Биз дубалга сүрөттөрдү клейледик.

> ? Ким өз эне тилинде таза сүйлөбөсө, ал өз элин, жерин сүйбөгөнгө тете.

**364-көнүгүү.** Ырды окугула да, жаттап алгыла. Ырдын мазмунуна жараша ат койгула.

Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт.
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт.

*Б. Сарногоев*

**365-көнүгүү.** Юморду окугула. Ага ат койгула.

Төрт жашар Аида апасына:
–Апа, чай ичиңиз, – деп чай сунду.
–Ыракмат, айланайын кызым, азыр эле дары ичип алдым. Ананыраак ичейин, – деди ага апасы.
–А... апа, ошо дарыга да курсак тоёт бекен? – деди анда Аида, таң калып.

*С. Рысбаев*

**366-көнүгүү.** Эми өзүңөрчө «Менин досум», «Биздин үй-бүлө», «Биздин айыл» деген темалардан каалаганыңарды тандагыла да, чакан дилбаян жазгыла.

## *Машыгуу сабагы*

**367-көнүгүү.** Төмөндөгүлөрдү окуп, ушундай сөздөрдөн дагы да көптү тапкыла. Жаңы жаралган сөздөрдүн бири-биринен маанисин ажыратуу үчүн, ар бирине мисал келтиргиле.

**Бир тамгадан кемитип, жаңы сөз жасагыла**
Булак – улак–лак–ак.
Чоор – оор–ор.



www.bizdin.kg

Шамал – амал – мал – ал.
Атай – тай – ай.
Окуу – куу – уу.
Дубал – убал – бал – ал.

**368-көнүгүү.** Үлгүгө карап, маанилеш сөздөрдүн «чынжырын» түзгүлө. Алардын ар бирин сүйлөм ичинде алмаштырып, пайдаланып көрсөткүлө.

Абышка, сулуу, айтты, Кубан, чурка, чоң, үй, каалга, жамгыр, дос.

**Ү л г ү:** *айтты – деди – сүйлөдү – унчукту.*

Кубан мага мындай деди. Кубан мага мындай сөз айтты. Кубан мага мындай деп сүйлөдү.

**369-көнүгүү.** Бири-бирине карама-каршы маанилеш сөздөрдү таап, мисал келтиргиле.

Ак, кичине, өйдө, тап, ал, жакшы, таза, тааныш, белгилүү, узун, сулуу, бар, чыбык, алыс.

**370-көнүгүү.** Текстти окуп, төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.

### САРТ АКЕНИН НАСААТЫНАН

– Эр жигит атка коном десең, кайратуу да, сабырдуу да, көтөрүмдүү бол.
– Ата-баба салтын, акыл сөздөрүн жолдо, ула.
Андан башка жамандык көрбөйсүң.
– Жакшыдан кол үзбөй, жаманга күнүң түшпөгүдөй болуп жаша.
– Чагым сөзгө кулак төшөбө.

? 1. Алды сызылган сөздөргө мүнөздөмө бергиле.
2. Сын атооч, этиш сөздөрүн таап, түшүндүргүлө.
3. Ата-энелериңерден уккан ушундай элдик насаат сөздөрдү жазып көрсөткүлө.

**371-көнүгүү.** Элдик накыл кептерди окугула. Алардын маанисин чечмелегиле. Ар бирин катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

### *Аталардын сөзүнөн:*

Асыл таштан, акыл жаштан. Жаш келсе – ишке, кары келсе – ашка. «Жакшы» деген бир ат бар, кууса кеткис. «Жаман» деген бир бар, жууса кеткис.

**372-көнүгүү.** Төмөнкү сөз айкаштарын пайдаланып, сүйлөм түзүп келгиле.

Көзгө атар мерген – мыкты **мергенчи.**
Ачып көздү жумганча, айтып оозду жыйганча – **бат, тез.**
Балтыр эти ката элек – **жаш (бала).**
Беш колдой билген – **жат билген.**
Жетине албай калуу – **сүйүнүү.**
Ийненин көзүндөй – **кичинекей.**
Тырмактын агындай – **аз.**
Кеп жебес – **сөз укпас.**
Өз көмөчүнө күл тартуу – **өзүмчүл.**
Уйдун бөйрөгүндөй – **бирикпес.**

## § 59. ИШ КАГАЗДАРЫН ЖАЗУУГА ҮЙРӨНӨЛҮ

? Келерки жумада биздин класстын ата-энелеринин чогулушу болот. Ал үчүн эмне кылуубуз керек?

Биринчиден, ата-энелерге чакыруу кат жазуубуз зарыл. Туурабы? Анда аны кантип жазабыз?

Адегенде, ата-энелерибизге сылык кайрылып, аты-жөнүн жазышыбыз, андан соң аларды чакыруубуздун себебин, чогулуш каерде, качан, саат канчада баштаарын жазуубуз керек.



www.bizdin.kg

Эмесе баштадык. Ири алдыда, силер өз алдыңарча жазгыла. Андан соң, мен берген үлгүгө салыштырасыңар...

**Ү л г ү:** *Чакыруу кат*

Урматтуу Жаңыл апа жана Бекзат ата! Сиздерди Ак-Өргө айылындагы №86-орто мектептин 8 «а» классынын ата-энелеринин чогулушуна чакырабыз. Чогулуш 2001-жылдын 25-майында мектептин жыйындар бөлмөсүндө өтөт.

*20-май, 2001-жыл.*

? Иш кагаздарын эне тилиңерде жаза билүүгө көнүккүлө. Бул-сабаттуулуктун бир белгиси.

? Чакыруу катты жазарын го жаздык. Эми жалпы окуучулардын жана мугалимдердин эсине салуу үчүн кулактандыруу да жазуубуз керек.

Аны да өзүңөрчө жазгыла. Андан соң, мен берген үлгүгө салыштыргыла да, көрүнөө жерге илгиле.

**Ү л г ү:**

КУЛАКТАНДЫРУУ

Урматтуу, 3 «а» класстын окуучулары, ата-энелер жана агай, эжелер!

2001-жылдын 25-майында 3 «а» класстын окуучуларынын ата-энелеринин чогулушу болот.

**Каралуучу маселелер:** Окуучулардын жыл боюнча жетишүү, катышуу деңгээлин, тартип жана тазалыгын талкуулоо жана классты жаңы окуу жылына даярдоо.

Каалоочуларга эшик ачык.

Чогулуш мектептин жыйындар бөлмөсүндө саат күндүзгү 15.00дө башталат.

*Класс комитети*

? Үйдөн жаратылышка саякатка качан барарыңар жөнүндө кулактандыруунун үлгүсүн жазып келгиле.

## *Машыгуу сабагы*

? Балдар, биз өзүбүздүн өмүр баяныбызды жаза алабызбы? Келгиле, ошону үйрөнөлү. Адегенде, өзүңөр билгениңерче: аты-жөнүңөр, ата-энеңер, туулган жер, туулган айылыңар, күнүңөр, каерде чоңоюп, каерде окууга киргениңер тууралуу жазгыла. Андан соң, үлгү менен салыштыргыла.

**Ү л г ү:**

### ӨМҮР БАЯН

Мен, Рыспаева Тумар Айдарбек кызы 1991-жылы Токтогул районундагы Сары-Камыш айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулгам. Үч бир тууганмын. Атам - тракторист, апам Элмира–мугалим. Мен ушул эле айылда чоңойдум. Эгембердиев атындагы орто мектептин 1-классына 1999-жылы киргем. Учурда 3 «б» класста окуп жатам. Кыргыз тилин сүйүп окуйм, ыр ийримине үзбөй катышам.

? Балдар, биз өзүбүздү гана эмес, классташыбыз жөнүндө да билишибиз керек.

Келгиле, өз классташтарыбызга ар бирибиз мүнөздөмө жазууга үйрөнөлү да, окуу жылынын аягында белекке берели. Анда биз классташтарыбыздын жакшы да, начар да жактарын ачык жазып, жакшы жактарыбызды көтөрөлү, начар жактарыбызды жоюуга жардамдашалы...

Эмесе, анын үлгүсү мындай.



www.bizdin.kg

**Ү л г ү:**

### МҮНӨЗДӨМӨ

Бул мүнөздөмө Кочкор районундагы Б. Исакеев атындагы орто мектептин 3 «а» классынын окуучусу Шаршеналы кызы Бегайга.

Бегай бул мектепте 1-класстан бери окуп келатат. Ал – класстагы алдыңкы окуучу. Бардык сабактардан «4» жана «5» деген бааларга окуйт. Сабакты калтырбайт. Класстын коомдук иштерине үзбөй катышат. Кийимдерин кирдетпей, таза, тыкан жүрөт.

Бирок Бегай өзүмчүл, мүнөзү чукул. Классташтары сабактан жардам берүүсүн өтүнсө жактырбайт. Тамашаны көтөрө албай, уруша кетет.

Эгер ушундай мүнөзүн таштаса, эң жакшы адам болуп өсөрүнө жолдоштору ишенет.

*Мүнөздөмө жазган Сагындык уулу Урмат*

**Үйрөнүп ал:** Сылыктыктай эң жөнөкей жасалган, бирок андан кымбат бааланган эч нерсе жок.

## МАЗМУНУ


**I ЧЕЙРЕК**

II КЛАССТА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО ....4
§ 1. СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ ....8
§ 2. СӨЗ ИЧИНДЕ КАТАР КЕЛГЕН ҮНСҮЗДӨР (нн, сс, лл, зз, мм, кк, тт) ..9
§ 3. ЙОТТОШКОН ТАМГАЛАРДЫН ЖАЗЫЛЫШЫ ЖАНА АЙТЫЛЫШЫ (я,ю,е,ё) ....11
§ 4. АЙТЫЛЫШЫ ЖАНА ЖАЗЫЛЫШЫ БИРДЕЙ БОЛБОГОН СӨЗДӨР ....12
§ 5. СӨЗДӨРДҮН МУУНГА БӨЛҮНҮШҮ МУУНГА БӨЛҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ ....16
§ 6. МУУНДУН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ ....18
§ 7. СӨЗДӨРДҮ ТАШЫМАЛДОО ЖАНА АНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ ....21
§ 8. СӨЗ МҮЧӨЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ ....23
§ 9. УҢГУЛАШ СӨЗДӨР УҢГУЛАШ ЗАТ АТООЧТОР ....27
§ 10. УҢГУЛАШ СЫН АТООЧТОР ....29
§ 11. УҢГУЛАШ САН АТООЧТОР ....31
§ 12. УҢ ГУЛАШ ЭТИШТЕР ....32
§ 13.СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ ....33
§ 14. ЖАНДУУ ЗАТТАРДЫН АТЫН БИЛДИРГЕН ЗАТ АТООЧТОР ....35
§ 15. ЖАНСЫЗ ЗАТТАРДЫН АТЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР ....37
§ 16. ЭНЧИЛҮҮ ЗАТ АТООЧТОР ....38
§ 17. ЗАТТАРДЫН ЖАЛПЫ ЖАНА ЖЕКЕ АТТАРЫ ....40
§ 18. ЗАТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ ....41
§ 19. АТООЧ ЖӨНДӨМӨСҮ ....43
ЧЕЙРЕК БОЮНЧА КАЙТАЛОО САБАКТАРЫ ....45

**II ЧЕЙРЕК**

§ 20. ИЛИК ЖӨНДӨМӨСҮ ....50
§ 21. БАРЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ ....52
§ 22. ТАБЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ ....54
§ 23. ЖАТЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ ....56
§ 24. ЧЫГЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ ....58
§ 25. СЫН АТООЧ ....64
§ 26. ЗАТТЫН ӨҢҮ-ТҮСҮН БИЛДИРГЕН СЫН АТООЧТОР ....66
§ 27. ЗАТТЫН ФОРМАСЫН, КӨЛӨМҮН, ДААМЫН БИЛДИРГЕН СЫН АТООЧТОР ....68
§ 28. СЫН АТООЧТОРДУН КЕПТЕГИ МААНИСИ ....71
§ 29. СЫН АТООЧТУН ДАРАЖАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ....74
§ 30. СЫН АТООЧТОРДУН ЖАЗЫЛЫШЫ ....78
ЧЕЙРЕК БОЮНЧА КАЙТАЛОО САБАКТАРЫ ....82

**III ЧЕЙРЕК**

§ 31. САН АТООЧ СӨЗ ТҮРКҮМҮ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ....87
§ 32. ЭСЕПТИК САН АТООЧТОР ....88
§ 33. ИРЕТТИК САН АТООЧТОР ....92
§ 35. САН ЖАНА ЗАТ АТООЧТОРДОН ТҮЗҮЛГӨН СӨЗ АЙКАШТАРЫ ....95
§ 35. САН АТООЧТОРДУН ӨЗ АЛДЫНЧА ЖӨНДӨЛБӨСТҮГҮ ....98
§ 36. АТ АТООЧ СӨЗ ТҮРКҮМҮ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ....101
§ 37. АТ АТООЧТУН ЖЕКЕЛИК ТҮРҮ ....103
§ 38. АТ АТООЧТУН КӨПТҮК ТҮРҮ ....106
§ 39. АТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ....107
§40. ЭТИШ СӨЗ ТҮРКҮМҮ ....111
§41. КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨРДҮН КЕПТЕГИ МААНИСИ ..113
§ 42. ЭТИШТИН ЧАКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ЭТИШТИН УЧУР ЧАГЫ..114
§ 43. ЭТИШТИН КЕЛЕР ЧАГЫ ....117
§ 44. ЭТИШТИН ӨТКӨН ЧАГЫ ....119
§ 45. ЭТИШ СӨЗДӨРДҮН ЖЕКЕЛИК ЖАНА КӨПТҮК БОЛУШУ ....120
§ 46. ЭТИШТИН БУЙРУК ТҮРҮ ....122
§ 47. СӨЗ АЙКАШТАРЫ ....124
ЧЕЙРЕК БОЮНЧА КАЙТАЛОО САБАКТАРЫ ....129

**IV ЧЕЙРЕК**

§ 48. СҮЙЛӨМ ....134
§ 49. СҮЙЛӨМДҮН ТҮРЛӨРҮ ....136
§ 50. СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ ....138
§ 51. БУЙРУК СҮЙЛӨМ ....139
§ 52. ИЛЕПТҮҮ СҮЙЛӨМ ....141
§ 53. СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ....144
§ 54. СҮЙЛӨМДҮН БАЯНДООЧУ ....146
§ 55. СҮЙЛӨМДҮН АЙКЫНДООЧ МҮЧӨЛӨРҮ ....148
§ 56. ЖАЛАҢ СҮЙЛӨМ ....150
§ 57. ЖАЙЫЛМА СҮЙЛӨМ ....152
§ 58. БАЙЛАНЫШТУУ КЕП САБАКТАРЫ ....158
§ 59. ИШ КАГАЗДАРЫН ЖАЗУУГА ҮЙРӨНӨЛҮ ....164
ЧЕЙРЕК БОЮНЧА КАЙТАЛОО САБАКТАРЫ ....129




www.bizdin.kg

*Окуу басылмасы*


**Рысбаев Сулайман Казыбай уулу**
**Исакова Чолпон Бектур кызы**


# КЫРГЫЗ ТИЛИ

*Кыргыз орто мектептеринин 3-класстары үчүн окуу китеби*

Оңдолуп, үчүнчү басылышы


Редакторлору *С. Кунусбаев, Ч. Тайтёлиев*
Сүрөтчүсү *З. Мидинова*
Корректору *Исакова Чолпон Бектур кызы*
Компьютердик калыпка салган *М. Кадыров*
Тех. редактору *К. Төрөкулов*

Терүүгө 05.06.2009-ж. берилди. Басууга 10.08.2009-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 60x84 1/16 Офсет кагазы. «Мектеп» ариби. 10,5 физ. басма табак. Нускасы 5000. Заказ 35.

«Полиграфбумресурсы» ЖЧК басмаканасында басынды.
Бишкек шаары. 720011, Сүйүнбаев көчөсү 144/23
Тел.: +996 312 43-20-75, +996 312 43-19-51

www.bizdin.kg